И 87



Ризван
ИСМАИЛОВА

# Сырдуу
# ИТАЛИЯ

Кр

Сыдр
И 87

Ризван **ИСМАИЛОВА**

# СЫРДУУ ИТАЛИЯ

*(Жол очерктери)*

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472928

«Турар»
Бишкек 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 87

**Исмаилова Ризван.**
И 87 **Сырдуу Италия:** Жол очерктери. – Б.: «Турар», 2012. – 92 б. + 16 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-150-5

Сырдуу Италия... шаан-шөкөттүн, ыр-күүнүн, операнын мекени. XVIII–XIX кылымда дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу скрипач Николла Паганининин, сүйүүнүн символу болгон «Ромео жана Жульетта» чыгармасын жараткан У. Шекспирдин, азыркыга чейин жылмаюусунун табышмагын жандыра албаган «Жаконданы» жараткан Леонардо да Винчинин мекени...

Урматтуу окурман! Качан да болсо бир көрүүнү эңсеткен эски да, жаңы да Италияга биз менен бирге саякат жасоону өтүнөбүз.

И 4702300100-12 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-150-5 © Исмаилова Р., 2012.

*Окурман дайыма автордун позициясын билүүгө умтулат.*

*К.Роджерс, гуманисттик психологиянын негиздөөчүсү*

## Автордон окурманга

*Туз насип буйруп, Италияга болгон сапарым ойдогудай болду. Эбегейсиз чоң руханий жүктү артынып келгенсидим... Ушул жүктүн оор-жеңилин, кымбаттуу окурман, өзү таразалап көрөр. Кандай дегенде да кеп Батыш Европадагы өнүккөн мамлекеттердин бири – Италияга кимдер барганында эмес, кимде кандай таасирлер, сезимдер болгону, ошол руханий азыкты окурман менен кандай бөлүшүүрү маанилүү. Көрүп эле койбостон, өзүбүздүн абалыбызга, эшик-төрүбүзгө салыштырып, мынчалык деңгээлде ар тараптуу өнүгүүнүн сыры эмнеде деп баш катырасың. Дүйнөлүк картада өтүккө окшошкон материктин өзгөчө бир артыкчылыгы бар беле. Цивилизациянын гүлдөгөн доорлору, айрыкча Кайра Жаралуу (Ренессанс) эпохасынын Италиядан өзөк алып, Италиядан көз жарышы, дүйнөлүк маданияттын очогуна айланган өлкөнүн тарыхый инсандарынын, искусство корифейлеринин руханий мурастары менен көзмө-көз таанышуунун өзү канчалык дейсиз. Биздин жердин адыр-дөңсөлөрүнө окшошуп кеткен жүзүмзарлуу плантацияларга оронгон, кичинекей, пейзажы кооз Винчи шаарчасына дүйнөнүн түгөл бурчунан агылып келгендерди магниттей тарткан эмне бар. Адамзат тарыхында чанда жаралган полимат – генийлер каерде туулуп, каерде жарыкчылыкка келгени кеп эмес, өмүр - дүйнөсүнүн*

*кандай артыкчылыгы, касиети менен жаратмандыгынын сырын аңдап билүүнүн мааниси башка. Өз доорунан бешалты кылымдай мурдараак жаралып калган универсалдуу инсан Леонардо да Винчинин киндик каны тамган туулган жеринин топурагын басып, абасынан жутууну, улуу даанышман ойчулдун өз колунан жаралган мурастарын көзү менен көрүүнү кимдер эңсебесин. Дүйнөлүк маданияттын кенчине айланган шедеврлердин авторлору; Леонардо да Винчи башында турган Данте, Петрарка, Бокаччо, Макиавелли, Микеланджело, Боттичелли, Рафаэль жана башка көптөгөн мастерлеринин өмүр - дүйнөсү ушул кезге чейин окулуп - үйрөнүлүп келатканнын бир мандеми аларды үңүлүп, иликтеген сайын маңыз-маанисинин башка бир жаңы кырлары, жаңы сырлары, жаңы алкактарынын ачылышы эмне деген табышмак. Ошол доорлордун художниктери өлбөс-өчпөс эмгектеринин түбөлүктүүлүгүнө бекем ишенгендиктен өз мөөрүн, өз кол жазмасын, автопортретин чыгармасына кантип, кандайча калтырышкандыгы искусство таануучуларды ушул кезге чейин түйшөлтүп келет. Чыгармачылыктын кыл чокусуна чыккан мастер өзүнүн автопортретин гениалдуу эмгегинин бир жерине кыстарып кетиши, «карагыла, мен мындамын» деп турушу, ой-дүйнөңдү козгойт. Генуянын анчалык бай эмес кварталында, «Кара мышык» деп аталган кычык көчөсүндө атак-даңктын артындагы байлык үчүн ак этkенден, так эткен италиялык жаран Антонионун уулу Никкола Паганининин жарык дүйнөгө келиши музыкалык инструмент скрипканын керемет дүйнөсүндөгү назик, колго кармалбас байлыгынын капкагын ачып таштап, дүйнөнү дүңгүрөткөн руханий капиталдын ордосуна айланды.*

*Күндөрдүн биринде Адриатикалык деңиздин боюндагы жээктен жүз метрдей аралыктагы «Волонезе» мейманканасынын бешинчи кабатында жатканбыз. Үрүлбүрүл таң атып келатканда, алыстанбы же кайдандыр сыбызгып, «Полонез» ойнолуп жатты... Огинскийдин тааныш музыкасы кулакка кыт куйгандай, жагымдуу ыргагы жан-дүйнөмдү дүрбөтүп, сөз менен жеткирип бере*

*алгыс кудурети менен чырмап таштады. Ачык турган терезенин канатын кең ачканда, ого бетер шаңшып, оболой учуп, көк менен жердин ортосун данакерлей сыбызгып, жамгырдай себелене, тил бүткөндөй бөлмөгө толуп алды.*

*Эмнегедир эсиме комуз күүсү түштү. Кыргыздын үч кылдуу таберик аспабы менен скрипканы салыштырып, жан-дүйнө кылдарынын эки инструментин жанаша коюп, скрипканы артык көрө албай, андан күүгө келген музыкалык чыгармалардай эле биздин комуз күүлөрүбүздүн дүйнө кезишин, кыргыздын духун, кыргыздын рухун таратышын каалаадым. Балким азыркы талантгуу композитор, комузчулар жана этнографиялык ансамблдер макул болушпас. Улутубуздун кан-жанынан жаралган «Кыргыз көчү», «Сынган бугу», «Камбаркан», «Саринжи Бөкөй», «Көкөй кести» «Маш ботой» сыяктуу улуу күүлөрдү ай-ааламга кыргыздын аты-жыты менен жеткирүүдөгү чабалдыгыбызды, көңүл коштугубузду, кайдыгерлигибизди ойлодум. Биздин эмнебиз кем башкалардан?*

*Дүйнөдө ааламдаштыруунун арааны жүрүп баратканда, тегерек Жер шарынын глобусундагы түркүн-түс материктердин катарынан калбай, экономикасы, илим-техникасы, маданияты жана искусствосу өнүккөн мамлекеттердин тебелендисинде болбой, алаканга салгандай кичинекей Кыргыз мамлекетинин татыктуу ордун таанытыш үчүн, башкалар менен эсептештирип, теңата мамилелешиш үчүн камылга көрүүгө мезгил жеткенин учурдун добулбасы кулак кагыш кылганы качан. Ошондуктан улутубузга өзөктөш, тамырлаш, кандаш, улуттун жүзүн, артыкчылыгын, менталитетин башкалардан бөлүп турган эн белгилерди, табылга-мурасын, руханий казынасын дүйнөгө таанытып, мөөр бастырып алуунун кезеги келди. Улуттук тилибизди таза, табигый, нукуралыгында сактап - баркгап, диалектилерин боорубузга тартып, өз үйүндө чочуркатпай, жерибей, эркин өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүп коюп, дүйнөлүк тилдердин кадыр-баркынан кемитпей кам көргөнүбүздө гана Кыргыз кыргыз бойдон калат.*

*Италиянын жери, суусу, топурагы, кала берсе климаты да бизге окшошот. Италиялыктар дүйнө жүзүндө жолдорду, тоннелдерди жана көпүрөлөрдү курууда эч кимди алдына салдырбайт. Мөмөсү толуп, саргарып-кызарып бышкан шабдаалы, өрүк, алма бактарын аралап, күнгө какталып бышкан жүзүмдүн күңгөй-тескейиндегисинен алынган сортторy бири-биринен айырмаланаарын, өзгөчөлөнөөрүн, эттин калориясы менен барабар даамын татып көрдүм. Италиянын карт тарыхтуу Веронасын, байыртадан «гүлдөгөн регион» деп атыккан Флоренциясын, сепил-чептерге курчалган, табышмактуу Сан-Маринасын, «күндө майрам, күндө той» дегендей, деңиз үстүндөгү Венециясын кыдырып, көкүрөгүмдөн эмнелерди өткөрсөм, баарын-баарын Сиз менен бөлүшкүм келди.*

*Верона менен Флоренциядагы эки башка маанайдагы, «Италия тилинин атасы», акын, куугунтукта жүрүп, өзү туулган жерин көрбөй кеткен Дантенин эстелигин, Флоренциядагы бийиктиги беш метрлик жаш баатырдын жандуу образын чагылдырган Давиддин статуя-монументиндеги, акыл менен кара күчтүн айкалышын берген. Адам келбет-турпатынын сулуулугун көрүп, өзүбүздөгү эптемей, кол учунан, жең учунан жасалган, образсыз эстеликтерге салыштырып, каңырыгым түтөдү.*

*Италиянын шаарлары Германиядагыдай таптаза, тартиптүү, сыдыргыга салгандай тептегиз, жапжашыл деп айта албайм. Алардын турмуш образы, кулк - мүнөзү, үрп-адаттары башкача, табиятынан эмоционалдуу келишет. Бака-шака түшкөн, көңүлдүү жана куунак турмушту жактырышат. Ыр-чоорго, бий-күүгө жакындыгын айтпаңыз. Өзүнүн көңүлүнө көлөкө түшүргүсү келбей, бакытты кандай түшүнөсүз деген көндүм, тажатма суроого азилдешиппи, же чындап жооп бергенин байкатпай, көпчүлүгү «Бакыт – бекем ден соолук, начар эс-тутум» деп коюшат. Эли жакшы жашаса, мыйзамга бирдей караша, күндөлүк тири-чилигинде бактылуу сезимдерге көбүрөөк кабылса, мамлекеттин бактысы ошол да.*

*«Бардан жок болбойт, жоктон бар болбойт» деген ташка тамга баскандай фразаны физиктер бекеринен карманбайт тура. Тээ өзөктө эмне болсо, ошол өнөрүн, тээ кыртыштагы үрөндүн дараметине жараша мөмө байларын унутпай, тарыхтын өткөндөгүсү, кечээгиси жана бүгүнкүсү биригип, толукталып-байып, синтездешип отуруп жаңыны жаратаарына, жаңыча түс - боектордун алынаарына бөркүмдөй ишендим. Келиңиз, биз мурункуларга, кийинкилер бизге, эртеңкилер келечекке карыздар экенибизди моюнга алып, алтын барактары көөнөрбөс, калың катмарлуу тарыхы бай, өнүккөн Италияга бирге сапарлаш бололу.*

***Сиздерди терең урматтаган автор***

## Верона – карт тарыхтын жандуу күзгүсү

Италиянын түндүк-чыгышындагы Верона шаарына түш чендерде жеттик. Венето регионунда жайгашкан, аталган провинциянын административдик борбору катары саналган шаар Адидже дарыясынын жээгинен орун алган. Биздин заманга чейинки эраларда буерде лигурлар менен кельттер жашашкан экен. Рим императору Юлий Цезарь шаарга атайын статус ыйгарган.

Адидже дарыясынын суусу тоо-таштын тоз-топоңун чыгарып, эми эле агып келгендей ботала, абдан киргилт, дымып акканына караганда өтө тереңдиги байкалат, суусунда форель, майда балыктын түрлөрү көп дешти. Узундугу боюнча Италиядагы экинчи дарыя. Өткөн мезгилдерде бир канча жолу катуу суу ташкындап, шаарды каптап кетүү коркунучунан улам 1956-жылы Гарда көлүнө кошулган Мори-Торболе тоннели курулган. Суу кирген мезгилде секундасына 500 куб суу Адиджеден Гарда көлүнө куюлуп турат.

Биздин заманга чейинки эрадан, байыркы римдиктер жашаган доордон тартып, Верона канча кылымдын, доордун, эпоханын күбөсү болсо, нечениничи кылым кыйырынан ушул кезге чейин кимдер жашаса, кимдер менен согушса, жеңип-жеңилсе, кимдер башкарып, кайсыл доорлордон кандай из калса, так ошол бойдон кол тийгизбей (табигый кырсык же айласыз согуш гана залакасын тийгизбесе), туздай аспиеттеп, сыр сандыктай аздектеп, карт тарыхтын табылгасын койнуна каткан, каардуу, кандуу, кайрымсыз жана катаал мезгилдердин жана маданияты өнүгүп-өскөн, гүлдөп-жайнаган доорлордун келкелин, тарыхын кан-жанына сиңирген касиеттүү шаар.

Биздин эрага чейин эмне себептен римдиктердин бир азыраак бөлүгү Веронага көчүп келгени белгисиз,

алардын келиши менен шаар гүлдөп-өнүгүп, маданият өз кульминациясына жеткен, искусствонун кайталангыс шедеврлери жаралган. Мунун күбөсү байыркы римдик амфитеатр Колизей жана биринчи Рим дарбазасы. Амфитеатрда байыркы мезгилдерде жылаңач баатырлардын (гладиаторлор) кара күч сынашкан кармаштарда, туткундардын эркин, күчүн сынамакка бири-бири менен беттештирген. Ал гана эмес коркунучтуу жырткыч айбандар менен тытыштырып, кимиси жеңген олжосунун көзүн кандай тазалаганын тамаша кылыш үчүн келишкен. Көпчүлүк мезгилде императордун аскерлери менен рыцарлар оюн-зоок таймаштарын байма-бай өткөрүп турушкан. Андагы байыркы стадион абдан чоң, тегерете курчалган отургучтары көрүүчүлөр үчүн ыңгайлуу жана акысыз болгон. Шаардын эли ар тараптан агылып келип, оюн-зоокту тажабай карап, бакырып-өкүрүп, колдоп отурушкан. Анын төрт тарабында бири-бирине параллель курулган чоң-чоң төрт дарбазасы бар. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки табигый кырсык жер титирөөдөн бир кыйла жапа чегип, көп бөлүктөрү урап, талкаланганына карабай, сыры кетсе да, сыны кетпей жакшы сакталганынан анын курулуш материалдарынын курамы табышмак. Алиге бекемдиги, бышыктыгы, кала берсе кебелбеген түбөлүктүүлүгү менен кызыктырат. Эки миң жыл мурда курулган көпүрө, австриялык баскынчылардын казармасы, көпүрөнү коргоо үчүн курулган чеп мунун баары байыркы тарыхтан кабар айтат.

Биздин эрага чейинки III кылымда бул шаар согуш базасы катары варварлардан коргонуу үчүн пайдаланылган. V – VII кылымдарда Веронанын тарыхында катаал жана опурталдуу мезгилдер болгон, анткени Италияны готтор басып алышса, VII кылымда византиялыктар тарабынан аёосуз талкаланган, бир жагынан «узун сакалчандар» – ланговарддар кысып киришкен. 774-жылы «узун сакалчандардын» акыркы падышасы Дезидерийди талкалап, королевствону биротоло жок кылган франктардын кол башчысы Карл Великий болгон. Андан кийин бир нече мезгилдер бою шаар согушчандар үчүн чеп катарында турганы тарыхтан белгилүү.

Верона өз тагдырына өзү ээ боло албай келгени, билеги күчтүү душмандарына күнкор болгону көп айтылат. Баштапкысында Романо урууларына караса, кийинчерээк Скалалардын үй-бүлөсүнүн колуна өтүп, алар шаарды, анын чет-жакасын каалагандай кеңейтишкен. 1387-жылы Висконтиге, андан кийин Каррага, акырында коңшулаш Венецияга баш ийдирилген. 1509–1516-жылдарда гана бир азга тынчыбаса, калган төрт кылымга тете мезгилдерде кандуу согуштардын айынан империянын аскерлери ээлеп алган.

1796-жылы Наполеондун армиясы шаарды курчап алат, Кампоформиялык келишим боюнча Австриянын карамагына өтөт. Натыйжада Верона эки бөлүккө бөлүнөт, Адидженин оң тарабы французддарга, сол тарабы австриялыктардын бийлигинде калат. Мындай абал Вена конгрессинин чечими чыкканга, тагыраак айтканда, 1815-жылга созулуп, Австриянын карамагында 1866-жылга чейин турат. 1816-жылы көз карандысыздык үчүн катуу кармашта Италия өкмөтү шаарды бошотот. Экинчи дүйнөлүк согушта абадан атылган бомбалоодон шаар эбегейсиз жапа чегет.

Шаарды аралап көргөнүңүздө байыркы Рим империясынан калган жандуу эстеликтерди (тилекке каршы, алардын урандылары гана калган), орто кылымдын жана кандуу скалигерлердин изи калган жайлардын дубалдарын, мунара, чептерди кездештиресиз. Габсбургдар мамлекетинин мезгилиндеги дубалдардын калдыгы муну ого бетер ырасташкансыйт. Веронетта жана Сан-Зено округундагы орто кылымдын борборунан Кайра Жаралуу доорундагы XVIII – XIX кылымдын имараттары өзүнчө бөлүнүп турат. Мындагы барокко стилинде курулган вилла жана дворецтер кайталангыс мезгилдердин үнүн ичине каткандай заңкаят. Антикалык доордогу шаардын эки дарбазасы Борсари-Порт жана Леони-Порттору кебелбей турат.

Шаардын көпүрөсүнөн Алеарди аймагына чейин созулган XIII кылымдагы үч соборлуу, архитектуралык ансамбли көөнө, өтө белгилүү Пентагон жана Портони

дела Бра мунаралары калаанын эң башкы аянты Пьяцца Брага алып барат. Ыйык Петр чөлкөмүндөгү дубалдар андагы он беш мунара Скала үй-бүлөсү тарабынан курулганын айтышты. Рим империясы бийлик жүргүзүп турганда, Веронага таң каларлыктай бекем эки дубал – бийиктиги 900 метрден ашыгыраак Республика, шаарды Алеандардан коргоо үчүн Галлиенанын буйругу менен курулган Галлиена чеби какайып турат. Дагы бир орто кылымдын архитектуралык эстелиги Костельвеккио мунарасын кайра-кайра кароодон тажабайсың. Бүгүнкү мезгил үчүн картаң, эртеңки келечек үчүн жаш Веронада эмне көп? Роман жана готикалык стилде курулган, диндин төбөгө кылычын кезеп, өөрчүп-өнүккөн мезгилин даңазалаган, христианство оожалып, өкүмүн жүргүзгөн католик жана протестанттардын чиркөөгө кулдук урган доорлорун түбөлүккө калтырган көп сандаган ибадатканалар бар. XIV кылымдагы пирамида түрүндө курулган готика стилиндеги чиркөөлөргө башкаруучуларды – падыша жана ханышаларды көмүшкөн. Адамдын өлбөстүккө умтулушун, өлбөй калуунун символикалуу элесин чагылдырган эбегейсиз табыпканаларды ташка чегишкен. Ар кыл формадагы мунаралардын дубалдарынын кооздугу, кышынын өңү-түсү, архитектуралык ансамбли, имараттын композициясы өзүнчө эле илим. Анткени, мрамордон жана башка асыл таштардан, табигый табылгалардын тектеринен, деңиз ташуяларынан (ракушка) жасалган дубалынын курамында сууга чөкпөс, отко күйбөс затынын бекемдиги, сапаттуулугу жана кооздугунун сырлары башыбызды катырды.

## Сүйүүнүн мазары

Эл эң жыш жүргөн, туристтердин, айрыкча жаштардын көңүлүн өзүнө магниттей тарткан жер –Веронадагы Ромео менен Жульеттанын үйү. Үч кабаттуу үйдүн экинчи кабатында Жульеттанын балкону турат, бет маңдайындагы катарлаш үйлөрдүн дубалынан жапжашыл,

башкача бир кооз декоративдүү өсүмдүктөр сеңселип, балкондун түбүндө муңайым тарткан Жульеттанын эстелиги бар. Кинодогу эпизодду элестетип көрүңүз. Так ушул балкон эки ашыктын ынак жайы болгон. Сүйүүнүн жалынына кабылган эки жаш илгертеден бери бирибирине ант ичкендей кас душмандар, ата-энеси синьор Капулетти менен синьор Монтеккинин караманча тоскоолдугуна карабай, так ушул балкондо кездешип турушкан. Шаардагы эң бай, кадырлуу үй-бүлөлөрдүн ээлери, жакын туугандары эки жаштын мамилесин билип калып, касташканы ого бетер күчөгөнүнөн Веронанын герцогу Веронский Эскал эгерде эки тарап жакшылыкча тынчышпаса, кокустан жамандык жүз берсе, экөө тең керт башы менен жооп беришерин эскертет. Эки өспүрүмдүн биринчи жолугушканы эсиңиздедир... Жульеттанын атасы синьор Капулетти шаардагы бүт мартабалуу адамдарды чакырып, шаан-шөкөттүү бал өткөрөт. Энеси синьора Капулетти бой тартып келаткан он беш жашар кызына келечекте күйөө бала боло турган жаш жана келишимдүү граф Парис менен жолугуштурууну ойлонуштурат. Анын үстүнө граф Парис герцог Веронскийдин тууганы болуп жатпайбы. Синьор Монтекки Ромеонун атасынын туугандары Меркуцио менен Венволио экөө Ромеону бетине беткап (маска) кийип алып, балга барууга көндүрүшөт. Анткени, ошол салтанатта бал өткөргөн үй-бүлөнүн жээни – сулуу, бирок жылдызсыз Розалинанын келери шексиз эле. Ромеонун муздак чүрөккө көз артканы жалганбы, мындай кездешүү мүмкүнчүлүгү дайыма эле боло бербейт дешет беркилер.

Бал абдан кызып калган мезгилде, капыстан Жульеттанын атасынын бир тууган агасы Тибальт кыл чайнашкан душмандарынын баласы Ромеону байкап калат да, чатак чыгармакчы болгондо, үй ээси араң токтотот. Бирок, Ромео эч нерсени байкабайт. Розалинаны да унутуп, анын эки көзү, эс-дарты күн нуруңдай күлпөт түстүү, бой-келбети келишкен, ай-жамалы жаркыган, мурда-кийин көрбөгөн, белгисиз сулуу Жульеттага арбалат да калат... Жандүйнөсүн бороон аралап өткөнсүп, жаш сезимин аңтар-теңтер кылган чагылгандай күчтүн

күүсү менен Жульеттаны өөп алат. Ошол өбүшүү бири-бири үчүн жаралган жандар экенин экөөнө энчилеп өткөнсүйт... Ошол жүздөшүүдө адам баласы жаралгандан бери анын дүйнө-өмүрүн коштоп келген сүйүүнүн күч-кудуретин, кереметин, табышмагын сөз менен айтып бере алгыс, түркүн-түстүү авазынын сырларын, сүйгөн адамдын өзүнө гана таандык энергетикасына биротоло башы байланып калганын эки жүрөк сезбейт да, туйбайт да... Кирсиз, таза сезимдин аныгына жетиш үчүн, бардык нерседен махабаттын ыйыктыгын, бийиктигин даңазалаш үчүн эки жаш балкондо отуруп, бири-бирине ант берет. Эки жаштын сүйүү монологун Шекспирдей чебер, көркөм жана жеткиликтүү жазган ким бар. Эки үй-бүлө бирин-бири көрсө, эки чайнап, бир жутчудай жек көрүүнүн, касташуунун кара туманынан чыга албай калганына карабай, эки жаштын сүйүүсү караңгыда жагылган шам чырактай болуп, кекке, ызага, мерездикке толгон жүрөктүн тагын кетирип, агартууга жандалбастайт...

Ромео кечил Лоренциого барып, тезирээк экөөнү никелештирүүнү суранат. Кечил башында макул болбогону менен ойлонуп туруп, балким эки жаштын сүйүүсү касташкан эки үй-бүлөнү жараштыраар деген үмүттө, баккан энеси аркылуу чиркөөдө жашыруун кааданы өткөрүүгө убада берет. Так ошол күнү Тибальт менен Меркуцио бет келип уруша кетишет да, ага болбой акырында шпага (кылыч) менен салгылашууга өтүшөт. Ромео аларды арачылап, ажыраткaнга аракеттенгенине карабай, кежир Тибальт Меркуциону өлөрчө катуу жарадар кылат. Кызуу кандуу Ромео өзүн кармап тура албастан, Тибальт менен кармаша кетет да, аны жантаслим кылат.

Жульетта болгон окуяны угуп, герцогдун Ромеону шаардан кууп чыгарын ойлоп, санаа тартат. Анын ата-энеси кыздын оюу менен эсептешип койбой, граф Париске турмушка бермекчи болушат. Жульетта тумандаган ой-санаадан чыга албай мүңкүрөп калат. Жер кара жердигинен, түнттүгүнөн Жульеттанын кайгысын араң көтөрөт... Кайгыга алдырып койгон кыз уу ичмекчи болот. Кечил арам оюу жок эле, көпкө чейин катуу уктата

турган дары ичүүнү сунуштайт, жалпак тил менен айтканда, «Жульетта өлүп калыптыр» деп баарын коркутушмакчы болот...

Ромео өлүп жаткан сүйгөнүн көрүп, кайгысынан уу жутат. Узак уйкудан ойгонгон сулуу сүйгөнүнүн жансыз денесин көрүп, өзү да жарыкчылык менен кош айтышат. Эч нерсе эпке келтире албаган, ар кандай амал алсыздык кылган Капулетти менен Монтеккинин касташкан үй-бүлөсү сүйүшкөн эки жаштын жансыз денесинин алдында «селт» эттирген улуу ойдон ойгонгондой, эсине келишкендей болушат. Бирок кеч эле.. Өтө эле кеч эле...

Айткандай, Веронада Капулетти менен Монтеккинин аты коюлган эки чоң көчө бар. Ал эми Жульеттанын статуясы Германиянын Мюньхен жана Берлин шаарында да тургузулган. Жульеттанын табыпканасы туристтерди кайдыгер калтырбайт. Сүйүүнүн учу-кыйырсыз деңизинде чабакургандарды кызыктырыш үчүн кийинчерээк кимдир-бирөө Жульеттанын кудугун каздырыптыр. Караса, эл батпайт, төгөрөктүн төрт бурчунан агылып келгендердин бүйрөсүн кызытып, чөнтөгүн кагып алыш үчүн бизнес кылууга эмнеге болбойт деген да. Жаштар, дегеле бардык куракчагылар «биздин сүйүүбүз эки жаштын сүйүүсүндөй бекем жана туруктуу болсун» деген тилекте чыныгы сүйүүнүн каармандарына таазим этип, тыйын-тыпырын кудукка тынымсыз ыргытышат. Ошол аймакта сүйүүнүн бир керемет сыйкыры бардай, же сүйгөнүнө жетиш үчүнбү, сүйүүсүнүн бекем болушун ырымдаппы, айтор, жаштар ал жердеги имараттарга сүйгөнүнүн, өзүнүн атын жазып, миллиондогон «сүйүү каттарынан» дубалдардын соо жери жок. Көчөдөгү тосмолорго ардагынын аты-жөнү, жолугушаар күнү, жылы, убактысы, же кымбаты менен ажырашкан, кош айтышкан «сыр сандыктай тарыхый даталар» катылган ар кыл түстөгү, ар түрдүү көлөмдөгү, формадагы кулпулуу ачкычтар илинип коюлган. Сансыз, аларды санап отурганга таптакыр мүмкүн эмес.

Бир кездерде Веронанын атын чыгарып, даңкын ашырыш үчүн десем, жаңылышамбы, тескерисинче, сүйүүнү даңкташ, сүйүүнүн түбөлүктүүлүгүн айгинелеш

үчүн дүйнө жүзү боюнча келген сүйүү каттарга жооп жазган, сүйгөндөрдү издеп табыштырган атайын агенттик бар деген кинотасма эсиңиздедир.

Кептин баары, так ушул трагедияга өлбөс-өчпөс өмүр тартуулаган Уильям Шекспирдин каармандары тарыхта болгонбу, же ойдон чыгарылган сюжетпи деген талаш-тартыш тынчыбай келет. XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башында Англиядагы Кайра Жаралуу (Ренессанс) доорунун гүлдөп турган мезгилинде чыгармачылык бийиктиктин эң жогорку чокусуна чыккан Уильям Шекспирдин отуз жети пьесасы Англиянын театр искусствосунун өзүнчө алтын доорун түзүп, бүткүл дүйнө жүзүндөгү театрларда ошол күндөн ушул кезге чейин үзгүлтүксүз коюлуп келаткан «Отелло», «Гамлет», «Король Лир», «Генрих IV», «Ричард III» жана башка көптөгөн драмаларынын катарында «Ромео жана Жульеттанын» сахнадан түшпөй келатканынын жашыруун сыры деле жок. Болгону Веронадагы сүйүшкөндөр трагедиясынын персонаждарынын жогорудагы айтылган үйлөр, имараттар менен эч кандай жалпылыгы жок, тарыхый фактысы, негиздери тарыхый чындыкка дал келет деген ишенимдүү далил, такталган документ жок дешет илим изилдөөчүлөр. Бирок, окуянын Веронада болушу, турмуштук мотивдери, Италиянын каада-салты, үй-бүлөлүк жана нравалык-моралдык жөрөлгөсү, эң башкысы, тарыхый фондун сюжетте камтылышы, өткөн бир доордогу кайгылуу окуянын элдин эсинен чыкпай, муундан-муунга айтылып, берилип келатканын танбайт. Көрсө, Кайра Жаралуу доорунун зор инсаны Уильям Шекспирге чейин эле бул сюжет боюнча көптөгөн авторлордун чыгармалары жаралыптыр. Алардын жанры да ар кыл, бирок окуянын өзөгү, сюжети өзгөртүлбөй берилгени кызык. Ошол кайгылуу сюжет Шекспирдин колуна түшкөндө эч кимде жок стилде, көркөм сөздүн күчү, чыгармачылык шык-эргүүсүнүн кудурети менен бүдөмүк образдарды кайрадан тирилтип, түбөлүк өмүр тартуулаган. Түпкүлүктүү теманын жалпы масса тарабынан жактырылышы, жогорку симпатияга ээ болушу, алардын өмүрүн чектебей, тескерисинче, адамзат жашап турганда,

«Ромео менен Жульеттанын сүйүүсүндөй сүйүүлөр жашай берет» деген түбөлүк мөөрүн баскан.

Веронаны кыдырып бараттык, борбордук бөлүгүндө Ерба (жашылча базары бар) аянтында биздин эрага чейинки I кылымда таштан тургузулган беседка ошол доордогу бийликтин символун айгинелейт. Шаардын көөнө доорунан кабар берген дагы бир факт – дан сакталган кампа. Баштапкы жана кечки Республика эпохасынын (тарыхый эки дубалы тургузулган) желеги, символу, эталондору болгонун жашырбайт. Бүгүнкү күн менен өткөндү символдоштурган Виктория көпүрөсү доорлордун синтезиндей таасир калтырат.

Жол боюндагы эки миң жыл жашаган, эки түп «Өмүр дарагы» деп аталган майда, жазы жалбырактуу, саябандуу дарактын дарылык жана өмүрдү узартуучу касиети күчтүү дешти. Көөнө доордун дарбазасынан чыгып бараткаңыбызда, жүзүмдүн тамыры үйдүн ичинде, шактары сыртында өстүрүлгөнүн көрүп, вероналыктардын фантазиясына таң бердик.

## «Бактылуу кезиңде бактысыздыкты эстөөдөн өткөн чоң кайгы жок»

Бул учкул канаттуу фраза Италиядан өзөк алган, Италияда өнүгүп-өрчүгөн, өз апогейине жеткен Кайра Жаралуу доорунун биринчи белгилерин негиздеп из салган, искусствонун көп кырдуу кыртышын Кайра Жаралуу дооруна даярдаган акын Данте Алигьеринин калемине таандык. Дүйнө жүзүн таң калтыра суктанткан Италиянын Кайра Жаралуу доорунун үч этабынын генийи Леонардо да Винчи башында турган бир топ көрүнүктүү өкүлдөрү, ириде Данте баш болгон скульптор Николла Пизоно, живописчи Пьетро Коваллини жана архитектор Джотто ди Бондонеге карыздар экенин тарых унутпайт.

Веронадагы чап жаактуу бетине бүркүт кабагы жарашкан, көздөрү чоң, маанайы пас, ой баскан Дантенин

эстелиги менен Флоренциядагы уникалдуу эстелигинин руханий психологиялык айырмачылыгы чоң. Флоренциядан таптакыр башкача маанайдагы шаңдуу, өзүнө канааттанган, бийик пафостогу Дантени көрөсүз. Эгер туура көрсөңүз, улуу акындын өмүр жолуна аздыр-көптүр саресеп салып өтсөк, артыкбаш болбос.

Данте Италиянын улуу акыны жана Италиянын адабий тилин тоскания диалектисинин кыртышында биринчи негиздеген тилчи-философ. Анын сонеттер цикли, канцон жана баллададалар бириктирилген «Жаңы турмуш» («Новая жизнь»), бүтпөй калган «Той» («Пир») аттуу чыгармаларын биринчи болуп италия тилинде жазып, бул тилдин жашоого жөндөмдүү, ийкемдүү экенин далилдеп, «Италия тилинин атасы» атыккан. Ал эми акындын атын өлбөс-өчпөс кылып түбөлүккө калтырган атактуу «Ажайып комедиясы» («Божественная комедия») менен Италиянын адабий тилин негиздөөчү катары тарыхта калган.

Данте Алигьери 1265-жылы май айынын аягында Флоренцияда туулган. Анын ата-теги жөнүндө так маалыматтар эч жерде жок. Каччагвиде – Дантенин биринчи документалдуу табылган бабасы. «Ажайып комедиясында» ал жөнүндө сыймыктанып жазат. Каччагвиде 1147-1149-жылдардагы Конрада III кресттик жүрүшүнө катышкан, эр жүрөк рыцарь катары мусулмандар менен болгон согушта курман болот. Анын аялы Альдигьери да Фонтана ломбарддык тектүү үй бүлөдөн чыккан, анын аты өзгөртүлүп, Каччагвиденин уулдарынын бирине ысмы берилет. Ошол Алигьеринин уулу Беллинчоне Дантенин чоң атасы. Флоренциядагы гвельф менен гибелиндердин согушунда туулган шаарынан куугунтукталат. Ал эми Алигьери II – Дантенин өз атасы, саясаттан тышкары тынч эле Флоренцияда жашап өтөт.

Дантенин балалык чагы, окуусу, тарбиясы жөнүндө да тарыхый маалыматтар аз айтылат. Анын биринчи устаты өз мезгилинин белгилүү акыны жана окумуштуусу Брунетто Латини болгон. Данте каерде окуп, билим алганы белгисиз. Анын антикалык жана орто кылымдагы адабияттан, табигый илимдер боюнча кеңири, каныгып

ОМСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
№ 472928

билим алганын белгилешет изилдөөчүлөр. Ал өз мезгилиндеги ар тараптуу жана терең билимди өзү окуп, өздөштүргөн. Өзүнүн ички дүйнөсүнүн руханий байлыгын өзү топтогон, «генийдин окутуучусу да, тарбиячысы да өзү болот» деп акылмандар айткандай, өз киндигин өзү кескен. Ал философиялык мектептерге катышып, философия дүйнөсүнө сүңгүп кирип, байыркы дүйнөлүк маданияттын акыркы өкүлү Боэцияны, Цицеронду, Грециянын философиялык чыгармаларын, Аристотелдин «Логикасын» кызыгып окуйт.

Брунетто өз маалында чоң даражалуу кызматтарда иштеген. Республиканын мамлекеттик катчысы жана башка ээлеген орунунда анын таланты жана окумуштуулугу жогору бааланган. Биринчи болуп аллегориялык-дидактикалык поэманы италия тилинде жазган, бирок чыгармасы бүтпөй калган. Кыскасын айтканда, Дантенин энциклопедиялык жана классикалык билим алуусуна таасир эткен. Ал сүрөт тартканды жана музыканы жакшы көргөн. Анын айлана-тегерегинде өз мезгилинин билимдүү, таланттуу адамдары топтолгону бекеринен эмес. Поэмада аты аталып өткөн каармандары, турмуштагы жаш кезинен бирге жүргөн, көркөм, музыкалык жана адабий чөйрөдөгү достору; белгилүү ырчы Казелла, акындар Лопо Джани, Гвидо Кавальканти, художник Чимабуэ жана башкалар менен болгон жакын мамилеси да белгилүү өлчөмдө түрткү берген.

Түзүлүшүнүн өтө татаалдыгына карабай, «Ажайып комедиясы» үч бөлүмдөн турат. «Тозок» («Ад»), «Тазаруу» («Чистилище»), «Бейиш» («Рай»). Негизинен автобиографиялык поэмасынын ар бир бөлүмү отуз үч ырдан түзүлгөн.

Поэманын уюткусун, өзөгүн түзгөн башкы идеясы – сүйүүгө терең философиялык көз караштын берилиши. Дантенин жаш курагындагы биринчи көрүнүктүү окуясы, анын балалык сүйүүгө кабылышы. Май айындагы майрам күндөрдүн биринде тогуз жашында кошунасынын сегиз жашар кызы Беатриче Портинарини сүйүп калат. «Кичинекей периштеде» акын өзү айткандай, «кызыл түстө» кийинген татынакай периште турган турпаты менен

акындын «жандүйнөсүн» ээлеп алат. «Ал катардагы жөнөкөй адамдын кызы эмес, ал Кудайдын кызы. Аны көрөрүм менен так ошол көз ирмемдерде сүйүү жүрөгүмдү ээлеп, мен ага каршылык көрсөтүүгө кудуретим жетпей, толкунданануудан титиреп, ички бир жашыруун: «Бул жараткандын табериги, сенден күчтүү, сени өзүнө багындырат» деген үн угулат.

Арадан он жыл өткөндөн кийин ал кайрадан Беатричени жолуктурат. Кыз эки аялдын коштоосунда көчөдө бара жатып, жагымдуу, жылдыздуу жамалы менен Дантеге жылмая баш ийкейт, так ошол кездешүүнүн көз ирмеми жогорку «жан жыргаткан» абалга батырып, өзүнүн сүйгөнүн элестетип, таттуу кыял дүйнөсүнө сүңгүү үчүн шаардын ызы-чуусунан бошонуп, өз бөлмөсүнө чуркап кирет. Ойгонсо, куюлушкан саптар жандүйнөсүнө тынчтык бербейт... «Вуальга оронуп, мемиреп уктап жаткан» периштесин колуна сүймөнчүк менен көтөрүп турган көрүнүш жүз берет. Амур аны ойготот, периштенин жүрөгүн Дантеге берип, ыйлаган бойдон көздөн кайым болот. Бул он сегиз жаштагы Дантенин сонети, ал түшүн жорутуу үчүн Гвидого кайрылат. Кавальканти чын жүрөгүнөн башкача бир жаңы акынды куттуктайт. Ыр жаратуунун мурдагы форма, манераларынан баш тартып, өзүнүн жаңыча чыйырын ачат. Акын Мадоннага таазим этүү адебинин традициясына реалдуу, таза жана ыйык сүйүү сезиминин терең абалын чагылдырууну карама-каршы коёт. Акын өзү тан алгандай поэзиясындагы чынчылдыктын жана сезимдин нукуралыгынын «кубаттуу рычагы» болуп калат.

Акындын сүйүү тарыхы да жөнөкөй. Кайсы бир салтанаттуу тойдо капыстан Беатричени дагы кездештирет да, айтып, же жазып жеткире алгыс толкундун шарапаты менен жанына баргысы келет. Бирок, достторунун бирөө кайдадыр чакырат. Кыздын жакын досу кайтыш болгондо, сүйгөнүнүн атасы дүйнөдөн көзү өткөндө, сүйгөнүнүн кайгырганын элестетип, эки сонета жазат.

Беатриче Данте үчүн кадыресе аял эмес эле, кош канаты менен дүйнө кезип, «кайдан жаралса, ошоякка чакырган», «жакшылыкка, изгиликке, Кудайды сүйүүгө

үндөгөн» периште эле. «Беатричениn кудурети менен жөнөкөй адамдардын катарынан чыктым» деп айтат автор. Анын эрте ыр жазып калышына түрткү берген да Беатриче эле. «Поэзияда андан башка окутуучум болгон эмес. Сүйүүнүн кереметтүү устазы да өзү...» – дейт.

Дантенин сүйүктүү Беатричеси ойдон чыгарылган каарман эмес. Документалдуу фактылардын, изилдөөчү биографтардын маалыматы боюнча ал тарыхый инсан болгон. Алигьеринин үй-бүлөсүнө коңшу жашаган Фолько Портинаринин кызы 1267-жылы туулат, 1287-жылы Сисмон-ди Бардиге турмушка чыгат. 1290-жылы атасы кайтыш болгондон көп өтпөй, өзү да көз жумат.

Беатричениn өлүмү жөнүндөгү туюм бүт поэманы камтып өткөн. Биринчи эле сонетте жылмайыңкы амур дароо башкесерге айланат да, Беатричени асманга алып кетет. Акын түшүндө табытта жаткан, бети флер менен жабылган периштени көрөт. Ал көп өтпөй чындыкка айланып, сүйгөнү көз жумат. «Ушунчалык татынакай жан бул жадатма турмушка татыктуу эмес эле. Асманга учуп кетиши менен ал жандүйнөнүн улуу сулуусуна айланды» – деп жазат.

Беатриче көз жумганда Данте жыйырма беш жашта болгон. Сүйгөнүнүн жарыкчылыктан өтүшү ал үчүн катуу сокку болуп, курчап тургандардын баары – жашоо, турмуш, Ата Мекен жана башкалар маңызын жоготуп, сүйгөнүнүн артынан өлгүсү келет. Бирок, Беатричениn таза, күчтүү натурасы ага жол бербейт. Акын өзүн алаксытыш үчүн илим менен алпурушууга дит коёт. Данте өтө катуу динге берилген, динчил инсан болгон.

Жыйынтыктап айтканда, акындын «Ажайып комедия» поэмасы улуу калемгердин ички дүйнөсүнүн тазалыгын, таасирдүүлүгүн, чынчылдыгын, терең ойчулдугун жана терең динчилдигин таасын чагылдырган, бүткөн бир повесть.

1295-жылы Данте белгисиз бир Джемме да Манетто Донатиге үйлөнөт. Андан эки уулу Пьетро жана Якопо, кызы Антония туулат. Бир жаман жери, аялы жөнүндө эч кандай маалыматты өзү да айтпайт. Акынды көбүрөөк

изилдеген Боккачо жана башка бир нече биографтардын айтымында, Дантенин аялы менен никеси бактысыз болуптур.

Эки лагердеги каршылашкан тараптардын урушунан улам 1302-жылы Данте Флоренциядан куулат. Ал көп убакыт бою Италияны кезип жүрүп, кийинчерээк Болон, Луниджьян, Казентиного келет. Өмүрүнүн акырына чейин Равенно шаарында жашайт. Куугунтукта жүргөндө бир да жолу аялын чакырбаганын, көрбөгөнүн айтышат изилдөөчүлөр. 1321-жылы туулган мекени Флоренцияны бир көрбөй, безгек оорусунан көз жумат, анын сөөгү Равеннодогу Сан-Франческо чиркөөсүнө коюлат. «Бир мезгилдерде анын сөөгүн уурдап кетип, кайра мавзолейге коюшкан» – деди италиялык гидесса Николетта.

## «Бардан жок болбойт, жоктон бар болбойт»

Данте (Проторенессанс) баштаган Кайра Жаралуу эпохасынын алгачкы карлыгачтары чыйыр салып берген үч этабынын көрүнүктүү өкүлдөрү жөнүндө өзүнчө сөз кылаардан мурда, биздин улуттук адабияттын мурастарына болгон мамилебиз, жыйган-тергенибиздин абалы кандай, алар бир нукка салынып, өз ордун таап, илимий негизде иликтенип, анализделип жана такталып, тарыхый фактылар менен бышыкталып, далилденип, салмагына жараша өз баасын алганбы, деген ой тынчымды алат. Эмне үчүн Европа мамлекеттеринин ичинен эң биринчи Италияда адамзаттын тарыхында мурда-соң болуп көрбөгөндөй искусствонун ажайып бир доору эки жарым кылымдан ашыгыраак салтанат куруп, дүйнөлүк маданияттын баа жеткис, нарк-насилдүү кенчи болуп калганы кызыктырат. Көрсө, Батыш Европадагы цивилизациянын башталышында антикалык маданиятка кайра кайрылуу күч алып, антикалык доордогу унутулган жазуучулардын эмгегин казып окуп, илим, адабият, философия, архитектура, искусствонун бардык тармактарына сүңгүп киришүүдөн, антикалык скульптура жана архитектурага болгон жаңыча көз караштын, тагыраак

айтканда, классикалык «алтын латын» эпохасын казып үйрөнүүдөн сабак алуудан улам жаңыча ой жүгүртүү, жаңыча дүйнө таануу жана адамдын өзүн-өзү таануусу да жаңы нукка бурулган. Кайра Жаралуу доорунун өкүлдөрү Орто кылымдын жетишкендиктерин четке какпастан, экөөнү эриш-аркак коюп, жөн эле окуп изилдебестен, аларга сын көз менен карап, эки казынанын берметтерин, эң кереметин иргеп алышкан. Айлана-чөйрөгө антикалык көз караш боюнча Адам жаратылыштан үйрөнүүгө чакырылса, Кайра Жаралуу доорунун ойчулдары Кудайдан адамга эркин эрк берилген үчүн ал өзүн-өзү жаратуучу, ушунусу менен жаратылыштан бөлүнүп турат деп эсептешкен. Ошондуктан, көңүл борборунда «Жаратуучу» эмес, Адам турат.

Мени бир нерсе абдан суктандырды. Бүткүл адамзаттын мурастарына айланган казынага болгон европалыктардын мамилеси өтө так, тыкан, жоопкерчиликтүү. Ошол алтын казынаны көз карегиндей сактап, боор этиндей этияттап, ийне-жибине чейин өз-өз ордуна коюп, илим жана техникада кеңири пайдаланып, кылымдан-кылымга табериктеп өткөргөнү таң калтырат. Ошол эле Дантенин, ошол эле Леонардо да Винчинин өмүр жолу, эмгектери, жаратуучулук ишмердиги, мурастары гана изилденбестен, жеке турмушу, пендечилигинин майда деталдарына чейин иликтенип, тарыхый фактылар, тарыхый окуялар менен байланышын таап, алымча-кошумчасыз, болгонун болгондой жазып, ар бир доордогу жаңы муундун көз карашын, мамилесин эске алышы, «келечекти өткөндөрсүз куруу мүмкүн эмес» деген идеяны тутунганы жакты.

Анткеним, тарыхта качандыр бир болуп өткөндөр изсиз калбайт тура. Өтө татаал жана тажаал, тактыкты тастыктаган тарых дабааны өз элегинен түгөл өткөрүп, баарын өз-өз ордуна коёт. Муну Байыркы Египеттен тартып, Индия, Кытай, Греция, Рим, Америка, Япония, Чыгыштагы Араб жана Борбордук Азия мамлекеттеринин байыркы, орто кылымдагы, андан кийинки жаңы мезгилдеги жана азыркы доордогу маданиятынын тарыхы

далилдеп койгон. Ошол үчүн так, даана маалыматтар бизге жетип, акыл-эстүү аң-сезимди дүүлүктүрүп, суктандырып, аңсатып жатканы бекер эмес го.

Биздин Кыргыз тарыхынын кенемтеси азырынча толук кандуу фактылар, илимий изилдөөлөр, иликтөөлөр жана ачылыш, жаңылык, толуктоолор менен кенелбей, толбой, бөксөрүп, кээ бир жерлери бүдөмүктөнүп, жиги билинбейт, кээ бирлери ашыкча көбүртүлүп-жабыртылып, бийликке көз карандылыгы калбай, убактылуу саясаттан кол үзө албай, көпчүлүгү саясатташтырылып калганы өкүндүрөт. Биз кыргыз рухунун туу чокусу «Манас» эпосуна болгон мамилебизди карап көрөлүчү. Туура, эпос боюнча көп фундаменталдуу эмгектер жазылган. Кеп санында эмес, сапатында, илимдин турмуш менен жуурулушуп, мөмөсү менен кантип жан бакканыбызда болуп жатпайбы..

Бир эле мисал. Эпостогу жер-суу аттарынын келип чыгышы, тарыхы, этимологиясы, этногенезиси, географиялык өзгөчөлүгү жана синтаксистик-стилистикалык, фонетикалык-грамматикалык аспектисин терең талдоодон, анализдөөдөн, иликтөөдөн улам, башкасын айтпаганда деле кыргыздардын кайсы жерлерди мекендеп, каерге чейин буту жеткени тууралуу калың элдин катмарын кабардар кылмак. Анын артынан тарыхы, адабияты, маданияты, этикасы жана эстетикасы, астраномиясы, физика, алгебрасы, теги койчу, кендин оозу ачылып, биринин артынан бири көз кубантмак. «Манас» эпосу жаралгандан бери улуу манасчылар Саякбай менен Сагымбайга терең үңүлүп, иликтеп, келечек муунга бул улуу мурастарды кенемтесин келтире жеткире элекпиз. Ошону менен бирге жүзгө жакын манасчылардын «Манасын» жана «Манастын» канча варианты болсо, аларды топтогондордун, жыйнагандардын баарын түп-нускасынын бирин калтырбай жарыкка чыгарып, манастаануунун чоң объектисине айландыруу зарылчылыгы эбак келип жеткен. Антпегенде, биз өзүбүз чыныгы, салттуу «Манасты» терең таанып, калың элдин катмарына жеткирип, үйрөнүп бүтпөгөндүктөн Бүбү Мариям Муса кызы-

нын аян аркылуу алып жазган «Манасынын» жарыкка чыгышы эл арасын ызы-чуу түшүрбөдүбү. 2012-жылдын 16-майында өткөн «Улуу сөздүн кечээгиси жана эртеңи» деген илимий-практикалык конференциянын өтүшү да мыйзамченемдүү.

Элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасы, кол жазмалар фондундагы эмгектер, профессионал адабиятыбыздын жаралышы жана өнүгүшүнө чейинки мезгилдердин хронологиясы такталышы жана иреттелиши зарыл. Улуу манасчылар XIX-XX кылымдарда жашап өткөн Саякбай, Сагымбай, Тыныбек, Келдибек, Балык, Кумар уулу, Музооке, Акылбек, Найманбай, Тоголок Молдо жана башкалар өңдүү таанымал манасчылардын феноменин, көркөм дүйнөсүн, оозеки чыгармачылыгынын бизге белгисиз жактарын аныктоо, мисалы: түш көрүү, түшүндө кандайдыр ак сакалдуу карыя баланын оозуна кум же таруу куюп, «Сен Манас айтасың» деп аян берүү, (оозуна сала бергендей шатыратып айтып кирүү жана башка), угуучуну гипноздоо, манипуляциялоо, физиологиялык-психологиялык абалы, ишендирүү ыкмасы, таасир этүү технологиясы сыяктуу психикалык усулдарын, табышмактуу сырын терең казып үйрөнүүгө мезгил жетти.

ЮНЕСКО каттоого алган элдик мурастарга «Манас» эпосунан башка дагы кыргызды кыргыз кылып тааныткан манасчылык, төкмөчүлүк, айтышчылык, комуз, ооз комуз, жыгач ооз комуз, чоор, боз үй, көөкөр, чанач, шырдак, кол өнөрчүлүгү, саяпкерлик, мүнүшкөрлүк, тайганчылык сыяктуу улутка гана тиешелүү өнөрлөрдү жана башка буюм-тайымын абалкысындай, өз натурасында жасоо же иштеп чыгуу менен башка элдин көңүлүн бура алабыз деп ойлойм. Ал эми Кыргызстанды бүткүл дүйнөлүк туризмдин аренасынан көрүү үчүн көз карегиндей сулуу жаратылышыбызды тумсак, табигый абалында сактап, ошол кооз табияттын койнуна жеткире турган жолдордун рельефин бузбай, тиш салдырбай, оңдоп-түздөөгө канча эмгек жана убакыт керек.

## «Гүлдөгөн» регионго баратканда...

Биздин эрага чейинки 59-жылы негизделген, ошондогу римдик келгиндер «гүлдөгөн» (Флоренциянын чечмелениши ) деген ат ыйгарышкан, Европадагы эң көрүнүктүү шаар-музей, легендарлуу байыркы маданияттын борбору Флоренцияга жол тарттык. Бул атактуу шаарды италиялык Кайра жаралуу эпохасынын очогу же «Италиянын Афинасы» деп бекеринен аташпайт. Так ушул жол аркылуу илимдин, маданияттын очогу жана бир мезгилдердеги Италиянын борбору болгон Болонь шаарына кайрыла кетсеңиз болот.

Деңиз деңгээлинен 700 метр бийиктиктеги чар тарабы жапжашыл токойго чулганып алгансыган, анчалык бийик эмес тоолор менен капчыгайлар, кокту менен колоттор, ойдуң менен өрөөндөрдүн кучагында чалкыган Италиянын пейзаждуу жаратылышына сонуркабай кое албайсың.

Орус элинин улуу жазуучусу Николай Васильевич Гоголь Италияга көп жолу саякаттап, көбүнчө жөө басып кыдырганда, келберсиген сулуулукка тойбой суктанганын замандаштары айтышкан. Ал эми акын Иосиф Бродский менен режиссер Андрей Тарковскийлер Флоренциянын ардактуу атуулдары болушкан. Федор Достоевский «Кейбир» («Идиот») романын үч жыл шаардын борборунда жашап, жазып бүтүргөн. Музыканын корифейи Петр Ильич Чайковскийдин көптөгөн чыгармалары да ушул ажайып аймакта жаралган экен.

Оң тараптагы Подомский, сол тараптагы белгилүү Сан-Лево чебинин бийик-бийик мунарасын, мындан башка бир нече тарыхый-маданий объектилерди артка калтырып, атактуу Рубрикон дарыясынан өтүп, шаарга кирип барасың. Рубрикондун тарыхый таржымалын, атагын,

айрыкча Рим императору Юлий Цезардын ысымы менен байланыштырышат. Даңазалуу полководец Рубриконго келгенде, эртеңкиге көзү жетип-жетпей, өз тагдырын тобокелге салып: «Эгер ушул дарыяны кечип өтсөм, өзүм үчүн кырсыктын башталышы, кечип өтө албасам, элим үчүн кырсык башталат» – деген экен.

Италиянын түндүк-чыгышын Апеннин тоолору кыдырата бекем курчаган Тоскана регионунда жайгашкан, он провинциянын ичинен калкынын саны, аянтынын кеңдиги боюнча Флоренцияга эч кимиси тең келбейт. Түндүк Италиянын бул провинциясы биздин эрага чейинки алтынчы кылымда Улуу держава катары этрусстар цивилизациясынын мекени болгон. Этрусстар дооруна чейин Апеннин жана Виллановдор маданияты өнүгүп-өсүп, туу чокусуна жеткен. Арно жана Тибр дарыясынын ортосундагы зоналарда өкүм сүрүп, биздин эрага чейинки жетинчи кылымда өз жашоосун токтоткон. Тоскания региону Италиялык Кайра Жаралуу доорунун бир катар инсандарынын Ата мекени. XIX – XV кылымдын ортосунан XVII кылымдын биринчи жарымына чейин адабият, архитектура, живопись жана скульптурада болуп көрбөгөндөй төңкөрүш жасашкан. Белгилүүлөрдүн киндик каны тамган жер. Алардын эң көрүнүктүүлөрүнүн эле атын атасак, Данте Алигьери-акын, Джотто, Филиппо Брунеллеский – скульптор, архитекторлор; Лоренцо Гиберти, Донателло – акын-жазуучулар; Джованни Боккаччо, Николло Макиавелли – художник, окумуштуулар; Леонардо да Винчи, Рафаэль Санти – скульптор, художник-архитекторлор, Микеланджело Буонаротти, Джорджо Базари – скульптор, архитектор, художник жана башка отузга жакын кайталангыс инсандар Флоренцияда жашап, искусстводогу ишмердүүлүгүнүн белгилүү этабын ушул шаар менен байланыштырышкан.

## Арнонун айбатынан сестенген Флоренция

Флоренциянын туш тарабы жайкалган жашыл түздүктөр менен курчалып, анын аянтынан Арно, Муньоне, Терцоле жана Греве дарыялары агып өтөт. Арнонун өзүндө эле сегиз уникалдуу көпүрөсү бар.

Аталган шаардын негизделиши биздин эрага чейинки IX кылымга таандык, алгач түптөлгөндө епископтун резиденциясы болуптур. Кийин Византия, остгот, лангобардар «узун сакалчандар» менен франктардын бийлигинде көп жылдар бою турган. Шаардын негизги курулушу X кылымда башталып, 1115-жылы көз карандысыз коммунага айланат. XI – XII кылымда Баптистериянын жана Сан-Миниато чиркөөсү курулат. XIII кылымда Арнальфо ди Камбионун жетекчилиги менен уникалдуу Санта-Мария дель Фьеро собору жана Палаццо Веккьонун базилкасы орнотулат. XIII кылымда коммунанын гвелфтер менен гибелиндердин айыгышкан күрөшү менен алпурушканына карабастан, шаар ылдамдык менен өнүгө баштайт. 1252-жылы Флоренция өзүнүн алтын монетасы – флоринди жүгүртүүгө кийирет. Флорин Европада эң туруктуу болуп, айрыкча тери иштетүүден, булгаарыдан жасалган кездемелердин түрү көбөйөт, экономикасы алдыга кетет. Тери орто кылымдын баа жеткис байлыгы болгон.

XIV кылым жогоруда сөз кылгандай, Кайра Жаралуу доорунун башталышы. Архитектурада готикалык стилдин өнүккөн мезгили. 1348-жылы шаарды коркунучтуу безгек эпидемиясы жөө тумандай каптап, миңдеген адамдардын өмүрүн алып кетет. Боккаччонун белгилүү реалисттик новеллалар жыйнагы «Декамерондо» апааттын көрүнүштөрү реалисттик мүнөздө чагылдырылып, терең психологизми, жогорку нравасы жана даанышман ойлорго байлыгы менен алты жүз жылдан бери жашап келет. 1434-жылы Медичи династиясы бийликке келет, бирок көп узабай эле эл аны кууп чыгарып, Флорентиялык Республика деп жарыялайт. Так ушул мезгилдеги

Флоренциянын тарыхында улуу инсандар Леонардо да Винчи, Макиавелли, Микеланджело, Тосканиянын улуу герцогу Козимо I Медичи сыяктуу инсандардын аты өлбөсөчпөс болуп, түбөлүккө жазылды.

1448-жыл Флоренциянын тарыхында кара тагы менен калды. Шаарды безгек оорусу менен ачарчылык каптап, епископ Ыйык Антонионун диний осуят эмгектери жоголгон. Алты жылга созулган Рисорджименто улуттук боштондук күрөшү акыр аягында бүткүл Италияны Папа жана Рим менен биригүүгө алып келет. Бул мезгилдер жана атайын статустун берилиши шаардын келбетин (облигин) таптакыр өзгөртөт. Тарыхый борбордук бөлүгүндөгү базар, көптөгөн тарыхый үйлөр, эски жана көрүмсүз курулуштардын ордуна флоренциялык архитектуранын ажайып мозаикасы, пьемонт – турин стилиндеги кооз кварталдар бой керет. Флоренцияда чиркөөлөр өтө эле көп. Шаардын тарыхый борборундагы дээрлик архитектуралык ансамбли менен бирин-бири кайталабаган, биринен өтүп, бири кооз соборлор, Сан-Лоренцо, Сан-Марко, Санта-Кроче деген базилкалар таң калтырат. Айрым көчөлөрү өтө эле кууш, көркү көз талдырып, асман тиреген тарыхый жайлардын жанында баратсаң, мээ кайнаткан ысыкты да сезбейсиң дешет флорентиялыктар. Айрыкча Санта-Кроче соборунун коралл асыл таштары, ак түстөгү мрамору, кырк градустан ашкан ысыкта адамга жумшак жел аргыдай салкындык тартуулап турат.

Флоренциядага Кайра Жаралуу доорунун баштапкы этабындагы архитектураны негиздөөчүлөрдүн бири Филиппо Брунеллескинин чыгармачылыгы менен жаралган тарыхый эстеликтердин бири Санта-Кроче чиркөөсүнүн короосундагы Капелла Пацци. Ошол курулушта Брунеллески антикалык архитектуранын негизги элементтерин кайра жаңыртып, ошону менен бирге жаңыча, таптакыр мурун-соңку кездешпеген архитектуралык пропорцияларды кийирген. Ал гана эмес, шаардагы флорентиялык собордун куполунун курулушундагы эң татаал, эң оор техникалык тапшырманы ийгиликтүү чечип, фундаменталдуу илимге чоң салымын кошкон.

1966-жылы Арно дарыясынын суусу жээгинен ашып -ташып, көз ачып-жумганчалык ирмемде кубаттуу айбатынан кайтпай, төбө чачты тик тургузгудай абалга кириптер кылган. Шаардын борбордук бөлүгүн, тарыхый эстеликтер эң жыш кварталдарын эки-үч метрге чейин суу каптап, 34 миң адамдын өмүрүн алып кеткен. Тарыхый жайлардын биринчи кабатынын дубалындагы көз жоосун алган нарктуу, баа жеткис фрескилер, мозаика жасалгасы, эң кылдат, чебер иштелген деталдары көчүп, суу жеп, долу ташкындын ылай, булганч калдыктарынан Флоренцияны тазалоо үчүн бүткүл Италиядан, башка мамлекеттерден ыктыярдуу жардамчылар келип, байыркы маданияттын борборун калыбына келтирүүгө көп күч жумшалган.

## Уффици галереясы

Уфиццини көрүүгө ашыкпай турсаңыз, ошол галереянын жака-белиндеги тарыхый эстеликтердин бирин айтпай кетсем, аңгемебиз супсагыраак болгонсуп калабы дейм...

Флоренциянын борбордук бөлүгүндөгү Синьора аянтында уникалдуу эстеликтер көп. Алардын бирине көз токтоткуча экинчиси азгырып, өзүнөн сөзү көп, сөзүнө ою төп, өзүнчө бир баш катырган дүйнөгө кирип баргандай болосуң. Алардын бири дүйнө жүзүнүн эч бир жеринде жок, Флоренциянын символу, Кайра Жаралуу искусствосунун туу чокусу «Давиддин» статуясы. Дырдай жылаңач баатырдын турган турпаты, адамдын келбетинин сулуулугун, күчтүүлүгүн, майтарылбастыгын, эрктүүлүгүн, руханий дүйнөсүнүн байлыгын гана чагылдырбастан, тышкы көрүнүшүндөгү татаал позасын, ар бир кыймылын; булчуңдарынын түйүлүшү, кашынын өйдө жыйырылышы жана тамырынын тартылышына чейинки майда деталдарын өтө кылдат, өтө жогорку чеберчиликте жасаганы менен таң калтырат. Бийиктиги беш метрлик келбет азыр эле күрөшүүгө даяр тургандай, жан кирип, кыймылдап кетчүдөй таасир калтырат.

Көрсө, XV кылымдын ортосунда падышалар жөнүндөгү «Инжилдин» эски осуятына негизделиши шарт дешип, тери менен иш кылган соодагерлердин гильдиясы Санта Мария дель Фьоре соборунун храмын тегерете курчаган чоң габариттеги (өлчөмдөгү) эски осуяттагы персонаждарды чагылдырган он эки скульптураны тургузуу өтүнүчү менен кайрылышат. 1464-жылы эки скульптор Донателло менен анын карамагындагы өнөрканадан Агостино ди Дуччонун жасаган скульптуралык эскиздери даяр болот. «Давиддин» статуясы үчүн эбегейсиз чоң көлөмдөгү мрамордун кесеги Каррадан алынып келинет. 1466-жылы Донателло көз жумгандан кийин Агостино жаңы эле эскизди жылмалоого киришкенде, долбоор боюнча келишимден четтетилет.

XVI кылымдын башталышында флорентиялыктар «Гигант», («Давид») деп атаган скульптура ар кандай тышкы таасирлерден кайсы бир өлчөмдө үбөлөнүп, желип, урай баштайт. Айласы кеткен собордун кураторлору атактуу Леонардо да Винчи жана башка скульптуранын билермандары менен кеңешип, эмгекти кайрадан оңдоого болот деген жыйынтыкка келишет. Бир канча жолку олку-солкулуктан кийин статуяны ошол мезгилдеги өз замандаштарынын арасында жеке амбициясы менен айырмаланган жыйырма алты жаштагы скульптор Микеланджело Буонарротиге тапшырышат. 1501-жылы жаш скульптор ишке киришет. Эки жылдын ичинде сом таштай оркойгон мрамордун кесегинен бүткүл адамзаттын акыл-эсин бийлеп, өзүнө магниттей тарткан, келишимдүү, идеалдуу баатырдын денесинин статуясы даяр болот. 1504-жылы «Давидди» бүткөрүүнүн мезгили келгенде, аны баалоого эң көрүнүктүү, «менмин» деген аттуу-баштуу флорентиялык скульпторлор келишет. Скульптор Боттичелли гана мурдагы оюнан кайтпай соборго жакын тургузууга болот десе, Пьеоро ди Козимо, Леонардо да Винчи баш болгон кеңешчилер анын диний маңызына басым жасап, табияттын жагымсыз күчтөрүнөн сактоо үчүн, «көз тийбесин» деген максатта шаардык кеңештин имаратына Ланцинин лоджиясына орнотууну сунушташат. Статуяны транспортировкалоого төрт күн кетет.

1873-жылы «Давидди» Искусство Академиясынын залына коюшат. Ал эми 1910-жылы гана «Давиддин» көчүрмөсү Синьора аянтын ээлеп калат.

Микеланджело Буонарроти италиялык улуу скульптор, живописчи, архитектор, акын жана ойчул. Ал Кайра Жаралуу доорунун улуу мастерлеринин бири. Микеланджело 1475-жылы 6-мартта тосканиялык Капрезе шаарчасында Людовико Буонаротти деген шаардык кеңешчинин үй-бүлөсүндө туулган. Апасы Франческа Нери ди Миниато дель Сера алты жашында көз жумат. Микеланджело 1485-1488-жылдары Франческо да Урбино гимназиясында окуган, кийин бир канча жыл Сеттиньяно шаарчасында жашаган. Атасы уулунун талантын эрте байкап, художник Доменико Гирландайонун өнөрканасына шакиртчиликке берет. Ал жерде болгону бир жылдай үйрөнөт. Бир жылдан кийин Бертальдо ди Джованнинин мектебине өтүп, Лоренцо де Медичинин, Флоренциянын чыныгы ээсинин назарына илинип, камкордугуна алынат да, Медичи сарайында эмгектенет, тагыраак айтканда, чыгармачылыгын өркүндөтөт.

Анын өмүр жолу Италиянын бардык аймагын кыдырып, айрыкча Флоренция менен Римде буюртма боюнча эбегейсиз чоң эмгектердин автору болууну насип эттирет. Көп кырдуу талант экенине карабастан, Италияда аны биринчи кыл калемгер катары баалашат. Ватикандагы жалпы аянты 600 кв.метрлик Сикстин капелласындагы библиянын сюжетинен иллюстрацияланган көп фигуралуу композициялык фресканы тарткан. Дүйнө жүзү боюнча эң чоң католиктердин храмы Римдеги Ыйык Петр соборунун имаратынын курулушунун негизги бөлүгүнө жетекчилик кылган. Өзү долбоорун чийген. Айрыкча, анын мрамордон жасалган «Кентаврлардын кармашы», «Пьета», «Мадонна ымыркайы менен», «Мадонна Тадден» «Мадонна Дони», «Мадонна Питти» жана башка көптөгөн эмгектери улуу таланттын ысымын өлбөс-өчпөс кылды. Ал ашкере динчил болгонуна карабай, энеден туума жылаңач денелерди тартып, жандуу образдарды жасоого эрки, кудурети жеткени христиан дүйнөсүндөгү чиркөөнүн билермандарынын жинин кайнаткан.

Микеланджело алтымыш бир жашында Римде кырк жети жаштагы жесир аял, акын Виттория Колонна маркиза Пескараны кездештирип, экөөнүн ортосундагы достук мамиле бара-бара тереңдеп, жандүйнөсүнө алай-дүлөй түшүргөн сүйүү сезимине кабылдырат. Улуу талант өзүнүн платондук сүйүүсүнүн жалыны менен маркиза Пескарага бир катар сонеттерин арнап, сүрөттөрүн тарткан, көпчүлүк убактысын анын кесиптештери менен бирге өткөрөт.

Виттория улуу инсандын өмүрүндөгү жападан-жалгыз аял катары акындын терең урматтоосуна татып, талантынын ташкындоосуна, кудуреттүү поэзия саптарынын жаралышына түрткү берген. Жандүйнөсүн жетектеген, өмүрүнө терең из калтырган инсанга арналган Микеланджелонун поэзиясындагы сүйүү – философиялык маңызды башынан аягына чейин тереңдеткен. Эки көрүнүктүү инсандын диалогдору, аңгемелешүүсү, каттары, кол тамгалары алиге чейин изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун суутпай келет. Алардын мурасы атактуулардын өмүр баянына кызыгууну гана жаратпастан, ошол мезгилдеги тарыхый эпоханын күбөлөрүнүн жандуу пикир алмашуусунун фактысы, андагы баалуу ойлору, терең байкоолору жана чымчым ирониясы менен аздектеттирет. Ушул кезге чейин Микеланджелонун үч жүзгө жакын ырлары, сонеттери жана мадригалдары сакталып калган. Кайра Жаралуу доорунун улуу чеберлеринин бири сексен тогуз жашында жарыкчылык менен кош айтышкан.

Улуу герцог Козимо Медичи XVI кылымдын башында азыркы Уффици галлереясы жайгашкан үч кабаттуу имаратты өзү үчүн офиске курдурат. Административдик имарат катарында кызмат өтөгөн. Козимо Медичинин бир тууганы Франческо агасына окшошпогон, саясат менен иши жок, аялдар менен көңүл ачканды жактырган, оюн-зоокту абдан жакшы көргөн киши болот. Анын өз баласы болбогон, капилеттен көз жумат да, престолго – тактыга мураскорлук кылуу, бүткүл Тосканияны башкаруу Козимонун уулу Фердинанд Іге тиет. Анын жетик, акылман тышкы саясатынын негизинде Тосканияда соода тармагы

өтө өнүгүп, финансылык абалы чыңдалган, Тосканиянын улуу герцогу Фердинанд I өзүнүн байлыгын максаттуу жумшап, өлкөнүн чыгышындагы саздарды, түнт жерлерди өздөштүрүп, Ливорнону Жер Ортолук деңиздеги белгилүү соода портуна айландырат. Ал искусстводон өзгөчө музыканы сүйгөн, ошондонбу, Флоренцияда биринчи жолу анын (дворецинде) сарайында опера коюлган.

Уффици галереясы өзүнчө эле жомок, ажайып дүйнө. Дубалдагы полотно – картиналардын чоңдугу, масштабдуулугу, көркөмдүүлүгүн мындай коюңуз, эмгектердин дээрлик көпчүлүгүнүн түп нускасы коюлган. Анткени дүйнөдөгү эң чоң, ири музей – көргөзмөлөрдүн бирденбир максаты шедеврлердин түп нускасына ээ болуу сыймыгы биринчи планда турат.

Италияда башталган, Италияда гүлдөп-өнүгүп, өз апогейине жеткен Кайра Жаралуу доорунун бүтүндөй маданиятынын тарыхы камтылган Кайра Жаралуу доорунун төрт (дученто, треченто, кватроченто, чинквеченто) этабынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн, тагыраак айтканда, XIII кылымда башталып, XVI кылымдын аягына чейин салтанат курган кайталангыс кылымдардын элеси, нравалык-руханий кубаты, духу жана руху сакталган. Полотнолордогу образдарды, сюжеттерди жана композициялык ансамблдерди карап отуруп, ажайып кооздуктан башың айланат. Албетте, ар бирине токтолуп туруууга кагаз түтпөйт деңизчи, андан калса дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарын сиз менен биз биринчи көрүп, угуп отурган жокпуз да. Тарыхтан, адабияттардан окуп, таанышып жүргөн маалыматтар эле, бирок бир нерсе гана мени абдан толкундантты. Китептен окуган же кинодон көргөн таасирге караганда өз көзүң менен көрүп, өз жүрөгүңдөн өткөрүүнүн таасир-таалими башкача, эч нерсеге алмашкыс болот экен.

## Сулуулук менен гармониянын чебери

Даңазалуу Кайра Жаралуу доорунун гениалдуу мастерлери Леонардо да Винчи – интеллекти, Микеланджело – күчтү чагылдыруунун устаттары болушса, Рафаэль – гармониянын чебери болгон. Албетте, мындай сапаттык өзгөчөлүктөр жогорку зор инсандардын ар биринде болгондугун айрыкча басым жасоодо бөлүнүп тураары шексиз.

Рафаэлди «Мадоннанын мастери» деп да аташат. Өзүнүн «Мадонналар циклинде» каармандын сулуулугун, руханий дүйнөсүн ачып берүүдө пейзаждардын фонун өтө жогорку чеберчиликте пайдаланган. Анын алгачкы картиналарынын бири «Мадонна Конестабиледен» тартып, атактуу «Сикстин Мадоннасы» бүткөн бир ажайып сулуулуктун образы, гармониянын жеткен туу чокусу. Ал эң мыкты сүрөтчү да болгон. Аны Рим Папасы өзүнө чакырып, Папанын параддык апартаментин коездоого жана Ватикан сарайларын жасалгалоого буюртма алган. Анын кыл калеминен жаралган бир шилтеминен тартып, бүткөн образдарына чейин авторго сый-урмат, даңазалуу атак алып келген. Рафаэль Санти Римдин мастери гана эмес, бүткүл Италиянын чебери деп таанылган.

Көргөзмөдөгү Рафаэль Сантинин «Мадонна ымыркайы менен», Леонардо де Винчинин «Мадонна Литта», «Мадонна кичинекейи менен» аттуу картиналары бирдей көрүнүш, бир мазмунду чагылдырганы менен каармандарынын жести, мимикасы, позасы, келбетинин ар түрдүү кыймылы, ички дүйнөсүнүн абалы кылдат иштелип, энелик мээримдин сөз менен айтып жеткиргис ажарын ар кыл планда ачып беришкен.

Кайра Жаралуу доорунун ар кайсы этабында жашап, эмгектенген сүрөтчүлөрдүн ар биринин өзүнчө залын уюштурушкан. Негизги тематиканы Дева Мария менен Иса пайгамбардын ар кыл маанайда тартылган, терең философиялуу образдары түзөт. Христостун өмүр тарыхына байланышкан картиналар, өз мезгилинин атактуу адамдарынын портреттери, натюрморттор, пейзаждык полотнолордун түп нускасы, андагы боёктордун өң-түсү, кылы жана түмөн түрдүүлүгү, колдонуу усулу да, бирибирин кайталабайт. Ошол доордун бүт бейнесин көчүрүп келгендей таасир калтырат.

Өзгөчө Сандро Боттичеллинин «Жаз» жана «Веneranын төрөлүшү» деген атактуу полотносунун түп нускасы бир залды ээлейт. Автор өз чыгармасына биринчи болуп антикалык мифти жана аллегорияны алып келип, грек мифологиясындагы сюжеттерди өзгөчө бир табит, өзгөчө бир көтөрүңкү маанай, сүйүү жана чеберчилик менен тартканы көрүнүп турат. Венераны зор сүймөнчүлүк менен жаратат, шамалдын Кудайы ага жамгырга кошуп розаларды жиберип, анын кең пейил, ак көңүл, боорукер, колу ачык мүнөзүн айкын көрсөтөт. Жер жаралгандан бери жашап келаткан түпкүлүктүү тематиканын ээси; от, жер жана суу менен болгон карым-катнашын, байланышын, бири-бирисиз жашоого болбой турганын синтездейт. Анын сол жагында Зефир (батыш шамалы) өзүнүн жубайы тазалыктын, сүйүүнүн жана акыл-эстин символу Хлориданы абайлай кучагына алган образынан полотнодогу баштан-аяк кызыл сызык менен берилген философия окулат. Аял – Жердин символу, ал эми кош бойлуу аял – Кайра Жаралуунун символу.

Биз сөз кылып келаткан тендешсиз инсандар Леонардо да Винчи, Микеланджело, Боттичелли жана башка ошол кездеги генийлердин дээрлик көпчүлүгү динчил, диний көз караштагы (доор өзү динге баш оту менен байланган) инсандар болушканына карабастан, дин тыюу салган, жол бербеген адамтаануу илиминин көп кырларын, сырларын эмгектери аркылуу ачышкан. Ал тургай искусствонун түбөлүктүүлүгүнө баш ийип, чыгармала-

рында «түйүндүү сыр» катарында өз автопортретин, кол тамгасын калтырып кетишкен.

Дева Марияны топураган эл карап турат. Кийингендери, турган турпаты ар башка, ар кыл мүнөз, пейил, кебете-кешпири ошол учурдагы – көз ирмемдеги каармандын ою жүзүнөн, көзүнөн окулат... Бирөө таңыркай, бирөө чочуркай, дагы бирөө бүшүркөй карап турат. Кыймылдардын ансамбли жөнүндө айтпай эле коёлу. Четтеги жаш жигит, эч кимди карабай, эч кимге алаксыбай, өзүнчө дүйнө сындуу сиз тарапты, полотного тигиле караган Сизди карап турат, бул ким болушу мүмкүн? Боттичелли өз автопортретин ушундайча калтырыптыр...

Ошол доордун накта, таза, табигый жибеги, булгаарысы кездемелерден барча, үлпүлдөгөн шайысын карап отуруп, «адамдын көркү чүпүрөк» демекчи, атактуусу менен сулуусунун, бей-бечарасы менен тентимишинин кандай турмушта жашап, кантип күн кечиргенин айттырбай билесиң.

Ак мрамордон заңкайган «Давидге» ирегелеш, XIV кылымда курулган дворецтин бет маңдайында Кечки Кайра Жаралуу доорунун ири скульпторлорунун бири Бенвенуто Челлининин (1500 – 1571) реалисттик мүнөздөгү бронзадан тургузулган «Перси» статуясы кашкаят. Айтылуу легендадан белгилүү болгондой, көзүнөн от жагылган коркунучтуу Медуза адамдарды карап койсо, катып кала берет. Эч кимдин күчү жетпеген тирукмуштун дабаасын эр жүрөк Персей баатыр табат. Ал өткүр кылычы менен миң жолу өлүп, миң жолу кайра тирилген медузанын башын кесип алып, кара күчтү кантип жеңгенин даңазалап турат. Статуянын мойнунун арт жагында байкалбаган жеринде Б.Челлини өз автопортретин тартып койгон. Челлини дүйнөлүк маданият тарыхында таланттуу скульптор, стили өзгөчө мемуарист, кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон чебер ювелир катарында даңкталат.

Биз жогоруда сөз кылган Кайра Жаралуу гүлдөгөн доорунун Кечки доору бүткөндө, XVI кылымдын 40-жыл-

дары Италияда үрөй учурган репрессия башталат. Көптөгөн окумуштуулар, ойчул даанышмандар жана Кайра Жаралуунун салттарын улантуучуларды Римде түзүлгөн инквизиция трибуналы чакырып, жашыруун түрмөлөрдө чиритишкен, сары изине чөп салып куугунтуктаган. 1559-жылы Папа Павел IV биринчи жолу «Тыюу салынган китептердин тизмесин» тапшырат. Ал тизмедегилер кийинчерээк улам толукталып отуруп, бир катар баа жеткис мурастарды, Кайра Жаралуу доорундагы гуманисттик адабияттын чыгармалары, китептери (мисалы, Бокаччонун тандалмалар жыйнагы) өрттөлүп, түп оту менен жок болот.

Менимче, Европада тарыхый мурастар өзүнчө комплекстүү илим катары калыптанып бүткөн. Ар бир эмгектин жаралуу мезгили, маани-маңызы, тарыхый шарттар, фактылар жана жашап өткөн инсандар менен байланышы бүгүнкү күнгө чейин иликтенип келатат. Атактуу эмгектердин түп нускасы жалгыз экени талашсыз, ал эми алардын көчүрмөлөрүн бүт дүйнө жүзүндөгү музей, көргөзмөлөргө алуунун мыйзам, эрежелери жана тартиптери алда качан иштелип чыкканы айтпаса түшүнүктүү. Түп нускасынын табиятын иликтеп-изилдөөгө, кандай материалга тартылган, боёктордун курамы, түрлөрү, вертикалдуу жана горизонталдуу турганда алардан айкалышы, сакталуу жагдайы, тышкы факторлордун таасири, кайра иштеп чыгуунун зарылдыгы сыяктуу баалуу мурастарга мамиле жасоо жана сактоонун техникасы менен технологиясы абдан өркүндөгөн. Полотнодогу бир чийменин же бир шилтем эксиздин артынан сая түшүп изилдөөнүн өзү искусство чыгармаларына түгөнбөс казына катары кароонун үлгүсү. Мындай карасаң, музейлер менен көргөзмө залдары бир жандуу өндүрүштөй сезилет. «Бардан жок болбойт, жоктон бар болбойт» – деп, даанышман философ Энштейн айткандай, качандыр бир кезде болуп өткөн, жасалган нерселердин изи келечекте жарала турган ой-кыялдардын идеалдуу пайдубалын түптөөрү талашсыз.

## Винчи – адамзат табышмагынын киндиги

Флоренциянын чет жакасында, ашып барса үч километрдей аралыкта атактуу Винчи шаарчасы жайгашкан. Тарыхый эстеликтердин баш айланткан кучагынан бошонуп, таза аба, ачык асман алдына чыкканыңызда адамзаттын генийи, өз доорунан беш-алты кылымдай мурдараак жаралып калган «универсалдуу» инсан Леонардо да Винчинин киндик каны тамган жерине барарыңды ойлоп өрөпкүй түшөсүң... Винчиге бараткан жолдогу жапжашыл көйкөлгөн чөлкөмдүн бир артыкчылыгы дөңсө-дөбөлөрдүн бетин тегиз жүзүмзарлар ээлеген. Айлана-тегереги кыдырата ойдуң-түзү калбай, жүзүм плантациялары тигилген. Таштак топуракты, күндүн нурун сүйгөн жүзүмдүн күңгөй-тескейиндеги, кала берсе жалбырагына жашынган мөмөсү мөлтүрөп, түсүнөн билинет тура. Биздин жүзүм бактарды элестетип убара болбоңуз. Жапыз темир тосмолорго артылган көчөттөрдүн мөмөсү автоматташтырылган машина менен терүүгө ылайыкташтырылган. Ар бир көчөттүн аралыгы бирдей, кол менен эгилгендей тегиз, ашыкча шагы жоктой бою бийик же жапызын таппайсың. Көчөттүн түбүндөгү топурак ундай майдаланган, катыган кесеги жок, жердин кыртышы биздегидей азып-арыктап, сөлү качпастан, майланышып тургансыйт... Бир ашыкча отоо чөптү көрбөдүм.

Жүзүмдүн сорттору жөнүндө сөз кылсам, зеригип кетесизби дейм. Анын күнгө какталып, күнгө күйүп бышкан (калориясы эттин калориясы менен барабар) мөмөсү менен тескейиндеги же жалбырак жапкан тарабындагысы өзүнчө терилет. Ак, сары, кызыл, кочкул кызыл, мала кызыл түстүүсүн иштетүүнүн, тагыраак айтканда, вино жасоонун технологиясы ар башка. Италия

дүйнө жүзүндө виносу менен даңкталаары төгүн жерден эмес. Вино иштеп чыгаруунун байыркыдан келаткан усулдарынын технологиясы мезгил өткөн сайын заманбап, алдыңкы үлгүдөгү механизмдер менен байытылган. Накта, таза, табигый винонун наркы да кымбат. Көбүнчө коңшулаш мамлекеттерде, Германияда кайра иштетип, бөтөлкөлөргө куюлат. Ал жерде наркы арзыраак. Винонун сорттору, өтө эле көп, айрыкча ак, кызыл, кантсыз, ашкананын «Тавыло» «Ламбруско», «Кианто» «Долчи» сыяктуу, өзгөчө Тосканиянын табигый «Эмиллия», «Романио» деген винолору бааланат. Ал эми жүзүмдүн ширесинин баалуулугу, пайдасы жөнүндө айтпай эле коёюн. Италиянын фермерлери таң атпай туруп, плантацияларды кыдырып, кем-өксүгүн дароо четтетүүгө далалаттанышат экен.

Жалпы панорамасы, пейзажы кооз, тилке-тилке жүзүмзарлар менен курчалган дөңсөлүү дөңдөрдү, жашыл түздүктөрдү артка калтырып, Винчи шаарчасына да жетип келдик.

Винчи шаарчасы пайдубалынан баштап, ар түрдүү көлөмдөгү, түстөгү, породадагы таштардан тургузулган, таш дубалдарынын дизайны кылдат иштелген үч-төрт кабаттуу үйлөр, Санта-Кроче чиркөөсү, атактуу Леонардо да Винчинин үй музейи жайгашкан, рельефи тегиз эмес, ойдуң-чуңкурун билдирбей, таштардан плита, асфальт төшөлгөн кууш көчөлүү, байыркы дубалдары менен дароо көзгө ташталган эски шаарча. Кадимки тал сыяктанган дарактар дөбө-дөңсөлөрдүн төшүнө, жака-белине кыркалекей же карама -каршы тигилген бактуу, музейдин багынын кылда учунан Леонардонун жыгачтан жасалган шар формасынын ичине колу-буту жайылган, айааламдын ээси – Адамдын макети тартылган ары табышмактуу, ары философиялуу, көрүнүктүү эмгеги дароо байкалат. Шаарчанын дубалынын бийик жеринен кичинекей калаанын тегерегиндеги теребелди тагыраак айтканда, жалпы панораманы алаканга салып караса болчудай...

Так ушул жерде Италиянын улуу инсаны, көп кырдуу талант, өзүнүн чанда кезикчү феномени менен бүткүл

дүйнө жүзүнө атагы чыккан чебер художник, таланттуу скульптор, кыл калемдүү живописчи, көрүнүктүү окумуштуу, кылдат анатом, астейдил табият таануучу, таң калаарлык ойлоп табуучу, даанышман жазуучу жана цивилизациянын туу чокусу болгон Жогорку Кайра Жаралуу доорунун кыл бийиктигиндеги ири өкүлү – Леонардо да Винчи жарык дүйнөгө келген. Ал өз доорунан бир кыйла кылымдар алдыга кетип жашаган, баш катырган табышмактардын «казынасын» өзүнөн кийинки муундарга энчилеп калтырган, «сыр сандыгынын» ырынан сыры, сырынан ыры бүтпөгөн, ар бир кылым, ар бир доордун акыл парасатына жараша маңыз-мааниси жашарып-жаңырып келаткан чыгармачыл жан. Башкасын айтпаганда деле анын атактуу «Моно Лизасы» («Джаконда») тегине, рассасына, континентине карабай, бүткүл адамзаттын руханий байлыгына айланып кетти. Искусствонун теңдешсиз күчүнөн дейсизби, айтор атактуу картина тартылган күндөн ушул кезге чейин анын сулуулугу, сырдуулугун мындай коюңуз, акыл-ойду катырып, акыл-ойду кайчылаштырган, акыл-ойду камыктырган табышмагы табылбай келет... Ал эми Винчи шаарчасынын бактысын караңыз, Винчиде туулган генийдин ата-тегине шаарчанын аталышынын жалгашып айтылып калышы, италия тилинен толук жазылышын которгондо «Леонардо Винчилик Пьеро мырзанын уулу» дегенди түшүндүрөт.

Леонардо да Винчи 1452-жылы 15-апрелде Винчидеги Анкиано айылында туулган. Анын атасы нотариус Пьеро жыйырма беш жашында сүйгөнү крестьянка Катеринадан уулдуу болот. Леонардо бир жашка чыкканга чейин апасы менен эле жашайт. Көп өтпөй атасы бай жана мартабалуу кызга үйлөнөт, бирок андан балалуу болбойт. Пьеро үч жаштагы Леонардону өз тарбиясына алат, апасын көрбөй чоңойгон бала өмүр бою анын образын шедеврлеринде жаратууга аракеттенген. Ал көбүнчө чоң атасыныкында болгон. Ошол кезде Италияда никесиз төрөлгөн балдарга мыйзамдуу мураскорлордой эле мамиле жасашкан. Леонардо он үч жашка чыкканда өгөй энеси төрөттөн

каза табат. Атасы кайрадан үйлөнөт, көп өтпөй кайра жесир калат. Пьеро алтымыш жети жыл жашап, төрт жолу үйлөнүп, алардан он эки балалуу эле. Атасы уулунун үй-бүлөлүк кесипти аркалашын каалаганына карабастан, коомдун мыйзамдарына кызыгып, чанда кезикчү талантынын артынан өз чыйырын табууга аракеттенет.

Кайра Жаралуу доорунун өкүлдөрүн изилдөөчү-биограф Джорджио Вазаринин айтканына караганда Леонардонун бала чагындагы мындай бир окуя легендага айланып кеткен. Атасы Пьерого тааныш бир дыйкан (крестьянин) кайрылып, жыгачтан жасалган тегерек калкан берет да, ага кооз сүрөт сала турган сүрөтчүнү таап берүүнү суранат. Баласынын талантын байкап калган атасы калканды уулуна берет. Кичинекей Леонардо тирукмуштуудай коркунучтуу, көргөндө жүрөктү «болк» эттирген кескелдирикпи, жыланбы, айтор, жийиркеничтүү жана коркунучтуу дене үркүткөн жаныбардын элесин түшүрүп берет. Атасы таанышына бергенден кыжаалаттанып, башка калкан сатып берет. Пьеро аны кимдир бирөөгө ошол кездеги түзүк эле акчага сатып жиберет. Кайсыл бир мезгилдерден кийин ошол калкан Флоренциянын толук кандуу ээси Медичинин үй-бүлөсүнүн менчигине өтөт.

Ошол кездин эң кыйын, эң мыкты деген сүрөтчүсү Веррокконун өнөрканасы бир мезгилдердеги Италиянын интеллектуалдык борбору катары саналган Флоренцияда жайгашат. Пьеро уулун өнөр үйрөнүүгө Вероккого шакиртчиликке берет. Леонардо гуманитардык илимге кызыгуу менен бирге техникалык эреже-усулдарга дит коёт. Ал черчение, химия, металлургияны үйрөнүп, металл, гипс жана тери менен иштөөнү тез өздөштүрөт. Ошол эле өнөрканада сүрөт тартуу, скульптура жана моделдештирүүнү окуткан. Веррокконун өнөрканасынан ошол кезде атагы чыга баштаган белгилүү сүрөтчүлөр Перуджино, Лоренцо ди Креди, Аньоло ди Поло, Боттичелли жана кашкөй талант Гирландайо менен таанышат. Жыйырма жаштагы Леонардо Святой Лукидеги сүрөтчүлөр Гильдиясынан мастер квалификациясын алат.

Ошол маалда эле белгилүү өнөрканада антикалык идеяларды кайра жаратуу жөнүндө ойлор айтылып, кан кызыткан талаш-тартыштар болуп турган. Ал эми Флоренциялык Академияда Италиянын эң алдыңкы акылгөйлөрү жаңы искусствонун теориясын түзүшкөн. Чыгармачыл жаштардын башы бириккен жерде жаңы идеялар жөнүндө сөз болуп, талаш-тартыштын убакыт - сааты чектелбеген. Ал эми Леонардону теориялар жөнүндөгү талаш-тартыштар кызыктырбай эле, өзүнүн жеке чеберчилигин өстүрүүгө бел байлаткан изденүү жана умтулуу талыкпай эмгектенүүгө аргасыз кылган. Күндөрдүн биринде устаты «Христи чөмүлдүрүү» деген темада картинаны тартуу жөнүндө буйрук алат. Ал өзүнүн аракетчил, таланттуу, тынымы жок шакиртине сюжеттеги эки периштенин бирөөсүн тарткын дейт. Ошол кезде устаты менен окуучулары биригип, бир темада чогуу иштөө көндүм көрүнүш болгон. Леонардо тарткан периште менен Веррокко тарткан периштенин көркөмдүк, мазмундук жагынан асман-жердей айырмасы бар эле. Шакиртинен жеңилген устаты экинчи жолу колуна кисть кармабоого өзүнө ант берип, ошондон кийин живописке таптакыр кайрылбаптыр.

Леонардо өтө таланттуу музыкант болгонун айтышат. Ал көбүнчө эс алып отурган убагында өз колу менен күмүштөн аттын башынын формасын түшүрүп жасаган лирасында ойногонду жакшы көрчү экен. Кийин ошол кубулжуган лира Лоренцо Медичи тарабынан тынчтыкты жактоочу Людовико Морого белек катары тартууланат.

Тубаса таланттуу, жараткандан энчисине берилген шыкты максаттуу пайдаланган Леонардо Верроккодон таалим алгандан кийин жандүйнөсүнө тынчтык бербеген ойлорун жүзөгө ашыруу үчүн 1478-жылы өзүнүн жеке өнөрканасын ачат. Ал өзүн биринчи кезекте инженер же окумуштуу катары санаган. Анткени, ал ойлоп табуучулук иштерине көп убактысын кетирип, жай иштеп, бир канча мезгилдерди талап кылган байкоолорду, тажрыйбаларын жүргүзгөн. Көзүнүн тирүүсүндө ал ойлоп тапкан жаңылыктар, тагыраак айтканда, новатордук-инженер-

дик эмгектери коомчулукту таң калтырганы менен практикада колдонулган эмес. Бир топ жылдардан кийин анын эмгегин негиз кылып алып, ар тараптуу өркүндөтүлгөн техникалар пайдаланылган. Бир гана пистолет үчүн жасалган шакекче кулпу (кольцовой замок) XVI кылымдын жарымында аскер кавалериясында жана ак сөөктөр арасында өтө популярдуу болгон.

Леонардо көп мезгилдер бою кантип асманга учуунун көйгөйүн тартып жашаган. Бир нече өз алдынча жүргүзгөн тажрыйбалары ийгиликсиз жана натыйжасыз болгон. Ошого карабай көшөрө ойлонгон ишин аягына чыгарууга бел байлаган. Учуучу аппаратты жасоо азабында түйшөлүп, ал үчүн көптөгөн сүрөттөрдү тартып, жарганаттардын жана канаттуулардын ар түрдүү породаларынын учуу-конуу механизмдерин талыкпай үйрөнгөн. Ал кыялында учуучу аппаратты жасоону самап жүрүп, канаттын жардамы менен учууга боло турганын тапканда: «Ким баарын билсе, ал баарын жасайт. Бир гана нерсени билүү - канат болсо, баары болот!» – деп шыктанып, күндөлүгүнө жазган. Андан кийин ага адам өзү башкара турган аппаратты жасоо идеясы келген. Бул аэроплан болчу. Анын бир гана моторунун жоктугу идеясын аксаткан. Леонардо да Винчинин үй-музейинде өз колу менен жасаган ойлоп табуучулук иштеринин макеттери; парашют, велосипед, автомобиль, танк, аскерлер үчүн жеңил жылдырып жүрчү көпүрө, прожектор, катапульт, робот, эки линзалуу телескоп жана башка илимий-инженердик эмгектери, ошондой эле аскер машинасын, аскер барабанын жана тез атуучу куралдарынын коллекциясы коюлган. Ал эми көркөм искусстводогу мурастары жөнүндө кеп кылсак, Леонардонун «аз жасаса да, саз жасаган» эмгектеринин көбү жоголуп же абдан эскирип, көп залал тарткандары гана бар дешет изилдөөчүлөр. Анын живопись өнөрүн өнүктүрүүдө баа жеткис салымы бар. Искусствонун бул түрүн сапаттык жаңы этапка, жаңы баскычка көтөрө алгандыгы менен Кайра Жаралуу доорунун өкүлдөрүнүн арасынан аттын кашкасындай таанылып турат. Ал боёктор (түстөр) менен

иштөөдө, тандоодо, образ жаратууда жана композициялык чиймелерди чечмелөөдө төңкөрүш жасап, живопистин жаңы техникасын жүзөгө ашырган.

Леонардонун даанышмандыгы кайсы сапатында деген соболдун туулушу мыйзамченемдүү нерсе. Анткени, ал «сырдуу кеч» («Тайная вечеря») «Моно Лиза» («Жаконда») деген атактуу эмгектеринде өзүн даанышман катары даана таанытат. Теориялык негизсиз көркөм практиканын болбой турганына көзү жетип: «Практиканы билимсиз жасоо, сууда сүзгөн рулсуз жана компассыз суучулду (морякты)  элестетет... Практика дайыма жакшы теориялык билимге негизделиши керек» – деп айткан. Ал сүрөтчүдөн өзү тарткан предметти терең жана ар тараптуу үйрөнүүнү талап кылган. Улуу ойчул өзүнүн байкоолорун ар дайым чөнтөк китепчесине жазып, жанында алып жүргөн. Мындай жекече, өзгөчө, интимдүү күндөлүк адабияттын өкүлдөрүнүн эч кимисинде болбогон. Архитектура, музыка, табият таануу, аскердик - инженердик иштердин жана башка бир нече тармактын перспективасы жөнүндөгү кыскача ой жүгүртүүлөрү, ой -пикирлери, корутундулары көптөгөн ар кыл сүрөттөр, чиймелер жана эскиздер менен коштолуп, ой туундулары, жыйынтыктары, философиялык көз караштары, учкул канаттуу сөздөр, аллегориялар, анекдоттор жана тамсилдер аркылуу чечмеленген. Натыйжада, мындай бир жүз жыйырма даана китепче өзүнчө эле энциклопедия эмеспи!... Даанышман ойчул көзүнүн тирүүсүндө өзүнүн баа жеткис ойлорун жарыкка чыгарууну каалабаптыр, ал тургай жашыруун жазып, эч кимге окутпаганы, эч кимге көрсөтпөгөнү да кызык. Ушул кезге чейин анын кол жазмаларын толук, кайра жазып чыгуу (расшифровкалоо) колго алынбаганы да бекеринен болбосо керек...

Улуу калемгердин (Леонардо да Винчи табиятынан сологой болгон) сол колу менен жазган кол жазмаларынын дээрлик бардыгы башаламан абалда, чоң зыянга учураган соң бизге жеткен. Бирөөсүн да жарыкка чыгарбаганы менен дайыма окурманга кайрылып жазганынан улам, эртеби-кечпи өз эмгектеринин атайын жыйнак

катары чыгарылышынан күмөн санаган эмес. Анын көзү өткөндөн кийин досу жана окуучусу Франческо Мельци живописке таандык ойлорунан үзүндүлөрдү топтоп, «Живопись жөнүндө трактат» деген жыйнакты басмадан чыгарган. Кийинчерээк XIX – XX кылымдарда гана Леонардонун баа жеткис мурастарын толук түрдө басмадан чыгаруу колго алынган. Улуу даанышмандын мурастарынын илимий жана тарыхый баа жеткис маңызы анын ойлорунун так, көркөм, мазмундуу, боёктуулугунда гана эмес, тилинин жатык, таза жана ийкемдүүлүгүндө. Ошол кезде италия тили латын тилине салыштырмалуу бийликтегилер, коомдун бай катмары тарабынан жерилип, өз ордун таба албай, кысынып- кыпчылып, босогодон төргө өтө албай тартынып турган. Леонардонун тилинин (ал өзүн адабиятчы катары эсептебегенине карабастан) сулуулугу менен көркөмдүүлүгү өз замандаштарын суктандырып, тамшандырып, XV кылымдагы интеллигенциянын сүйлөшүү тилинин үлгүсү боло алган. «Живопись жөнүндө трактат» деген эмгегинде анын ойду жеткирүүдөгү чеберчилигиндеги таң каларлыктай элестүү, көркөм салыштыруулар, живопистик жана пластикалык образдарды ачуудагы таамайлык, кылдаттык, ой жүгүртүүлөрүн көбүнчө проза түрүндө жазып, тамсил, тамашакөй баян, афоризм, аллегорияны орду менен пайдалангандыгы, акыр аягында даанышман корутундусу менен көңүлдү өзүнө бурат. Леонардо да Винчинин акылман ойлоруна өзүңүз күбө болуңуз. «Акын көзүнө көрүнгөн нерселерди элестетүүдө сүрөтчүдөн төмөнүрөөк, көрүнбөгөн нерселерди элестетүүдө музыканттан бир канча эсе төмөн турат» деп жазат. Атактуу чебердин практикалык жолдомолору бүгүнкү күнгө чейин маани-маңызын жоготпой келет. «Бир дагы илимий изилдөө – эгерде ал математикалык далил аркылуу өтпөсө, илимдин чындыгы деп аталбайт. Эгер сен илим башталышында жана аякталышында чындыкка негизделген деп айтсаң, сени менен макулдашууга болбойт, анткени ой жүгүртүүлөрүңдө, талкууларыңда тажрыйба катышпайт, тажрыйбасыз эч кандай ишенимдүүлүгү болбойт» – деп айткан.

Эң кызыгы, Леонардо да Винчи тирүү кезинде эч бир өзүнүн автопортретин тарткан да, калтырган да эмес. Биз үй музейинен көргөн улгайган кезиндеги баш түспөлүнүн скульптуралык этюду анын кандай инсан болгондугун элестетүүгө азыраак болсо да жардам берет. Ал эми «өзү тартса керек» деп божомолдошкон автопортрет сүрөтүндөгү (1510–1515-жылдары тартылган) элеси терең кайгылуу көз карашынан ак сакалдуу патриархтын курагы өз жашынан бир кыйла улуурактай туюлат.

«Ал көптөгөн жаш живописчи, художник, скульптор жана архитекторлордун устаты болгон. Алардан жардамын, кеп-кеңешин аябаган марттыгы жана айкөлдүгү бар эле» – дейт Жорджио Вазари «Атактуу живописчи, жасалгалоочу (саймакер) жана куючу усталардын (кештечи) турмуш баяндары» деген китебинде. Жакын замандаштары, достору да көп болуптур. Бирок, жеке сүйүү таржымалы, сүйүү романдары жөнүндө ишенимдүү, далилдүү фактылар жокко эсе. Леонардо да Винчи өзүнүн жеке турмушунун сырларын, күңгөй жана теской жактарын өзүнөн да, өзгөлөрдөн да жашырып өткөнү маалымдалат. Айрым бир версияга караганда анын Людовико Моронун фавориткасы Чечилия Галлерани менен болгон байланышынан, жакын мамилесинен улам көрүнүктүү «Дама с горностаем» аттуу картинасы тартылган деген пикирлер да бар. Буга кайчы пикирдегилер да жок эмес. Картинадагы үлпүлдөгөн каакым гүлүндөй назик кыялдуу айымдын бет ажарынан, табышмактуу караган көз карашынан «жарк» эте бөлүнө калган учкунду же билинер-билинбес аяр сезим күүсүн туйса болот деп айтууга болбойт. Ал эми сүрөт артындагы пейзаждын чагылдырылышы, живопистик боёгунун көз ирмемдеги ажары жөнүндө канча айтса жарашат.

1482-жылы Леонардо Сфорцонун сарайына Миланга чакырылат. Сүрөтчү Франческо Сфорцонун атчан турган эстелигин жасоонун камылгасын көрөт. Жыл сайын бир эмгегин бүтүрүп, экинчисине өтөт. Белгилүү «Мадонна в гроте» жана «Музыканттын портрети» (Франческо

Сфорцонун чоподон жасалган эстелигинин модели) деген эмгектерин жаратат. Мындан башка канаттуунун учушуна негизделген уча турган машинанын (орнитоптера) жасап чыгарат.Милandagы жалпыга таанымал Санта-Мария-делле-Грация чиркөөсүнүн дубалына тартылган «Сырдуу кеч» аттуу фресканын үстүндө чыгармачылык эргүү менен иштейт. 1499-жылы француз королу Людовик XII аскерлери тарабынан Милан курчоого алынат да, Леонардо да Винчи шаарды таштап кетүүгө аргасыз болот. Согуштун кесепетинен Франческо Сфорцонун эстелиги катуу жабыр тартат. Милandan кеткенден кийин Леонардо бир канча мезгил бою Флоренцияда эмгектенет. Мына ушул өмүрүндөгү кытүүсүз, чукул бурулуш автордун чыгармачылыгынын бышып жетилген мезгилине туш болот да, кылымдан кылымга, доордон доорго өтсө да, сыны кеткени менен сыры кетпей, кандайдыр бир магиялык дарамети менен бүткүл адамзатты искусствонун теңдешсиз күчүнө багындырып, айласыз баш ийдирген, тизе бүгө таазим эттирген, атактуу картинасынын жаралышына түрткү берет.

## «Жаконданын» магиялык сыры эмнеде

Моно Лиза (кыскартылып алынган, Мадонна Лиза) флорентиялык Франческо дель Жакондо деген шайы, (жибек) кездемеси менен соода кылган, бай жана мартабалуу соодагердин үчүнчү аялынын портретин тартууга автор буюртма алат. Ошол портреттин үстүндө иштөөгө сүрөтчү туптуура төрт жылын сарптайт, бирок портрет бүтпөй калат...

Бул чыгарманы автордун көзү өткөндөн кийин француз королу Франциско I өзүнүн Фонтенблодогу чебинде сактап калат. Эмне себептен өз убагында буюртмачынын өзүнө берилбей, башка бирөөлөрдүн колуна өткөнү туралуу, кантип Луврга барып калганы жөнүндө кийинчерээк сөз кылабыз. Ашыкпай турсаңыз, кептин баары портретти жаратуудагы таңкалычтуу да, табыш-

мактуу да чеберчиликте жатпайбы ... Мен искусство таануучу болбогонум үчүн өкүнүп турам, ынандыраарлык жеткире айтып бере албасам, кечирим сурайм. Анткени, сиз «Моно Лизаны» качантан бери, мүмкүн бала кезиңизден бери билээрсиз, балким Луврдан көргөндүрсүз, баарына тааныш, баарына тегиз Жаконда жалпынын менчиги болуп калбадыбы... Бул аялга арнап ыр жазбаган акын, аялдын таасири менен өзүнүн «мадоннасын» тартпаган сүрөтчү, ушуга таасирлене искусствонун бийиктигин эңсебеген скульптор, архитектор, теги койчу, «Моно Лиза» жөнүндө ооз ачпаган чыгармачыл инсандар жок чыгар дейм.

Леонардо да Винчи Мадонна Лизаны кантип, кандай шартта тартты, атайын жолугушуп, маңдайына отургузуп алып сүрөтүн чийдиби же кимдир бирөөнүн айтуусу түрткү бердиби, кыялындагы персонажбы же автордун жан дүйнөсүн түйшөлтүп, кыйнап жүргөн образ беле, айтор, каармандын ким экени белгилүү болгону менен кандай кырдаалдарда, кантип кагазга түшүргөнү жөнүндө так, ачык жана айкын маалыматтар кездешпейт. 1495-жылы Франческо дель Жакондо отуз беш жашында үчүнчү жолу белгилүү, бай Герардинин үй-бүлөсүнүн жапжаш кызы Лиза Герардиниге үйлөнөт деген тарыхый маалымат гана айтылат. Улуу художниктин өмүр-чыгармачылыгын изилдеген биограф-окумуштуулардын айтканына караганда, автор өзү да ушул картинасын жанындай жакшы көрүп, төрт жыл аралыгында каякка барса, өзү менен кошо ала жүрүп, ашыкпай-шашылбай, көп убактысын бөлүп, эбегейсиз берилүү, чоң сүймөнчүлүк, зор эргүү менен иштеген экен. Эмгекти жаратуудагы автордун руханий сезимдери, ички жандүйнөсүнүн ооштыйыштуу абалдары; кубаныч-кайгысы, түйшүк-азабы, түйшөлүү-толгонуусунун миң түрлүү, сан түркүн кылдарынын көз ирмемдери жана живопистин техникасын жаңыртуу-өзгөртүүдөгү түйшүгү өзүнө (Леонардого) гана маалым... Сүрөт бүтөйүн деп калды, бирок автор дале өзүнө-өзү канааттанбай, тойбой турат, кимдир бирөөгө көрсөткөнгө, сүйүнчүлөгөнгө дити



*Жульеттанын балкону*



*Жульеттанын айкели*




*Дантенин айкели*



*Борбордук аянт. Верона шаары*



*Фараондун айкели*



*Адидже дарыясынын көрүнүшү*



*Амфитеатр – Колизей*



*Антикалык доордун үлгүсү*



*Гулдөгөн аймак – Флоренция*






*Флоренциянын кууш көчөлөрү*



*Давиддин айкели*



*«Синьора» аянты*



*Челлини «Персей»*



*Флоренциядагы көөнө чиркөө*



*Ренессанстын шедеврлери*



*Винчи шаарчасы*




*Шаарчанын көрүнүшү*



*Леонардо да Винчинин айкели*



*Генийдин атактуу эмгеги*



*Адриатикалык деңиздин көрүнүшү*




*Сан-Марино*



*Венециядагы атактуу дворецтер*





*Готика, барокко стилиндеги дворецтер*





*Гондолада сейилдегенди жакшы көрүшөт*





*Венецияны карнавал, маска жана*
*балмаскарадсыз элестетүү кыйын*





*Деңиз термелткен Венеция*



тартпай турат... А, биз, катардагы пенделер, айрыкча чымыны бар адамдар искусствонун керемет күчүнө таң бербеске чарабыз калбай, кол куушуруп турабыз.

Мен өзүмчө, сиз өзүңүзчө, ал өзүнчө кабылдайт, бирок баарыбызды магниттей өзүнө тартып, жылдырбай караткан күчтү картинага кантип сыйдырды экен. Ал эмне деген сыйкырдуу күч. Ошол магиялык сыр Мадонна Лизанын муздак, жандүйнөсүн оңойчулук менен ачып бербеген мерез көз караштагы көзүндөбү же билинер - билинбес, жумшак желаргы сылагандай күлкүсүндөбү, жок, күлкүсү эмес, ууртундагы төгүлгүсү келбеген жылмаюусундабы...

Мадонна Лиза абдан сулуу жана акылдуу болгону талашсыз. Анын сулуулугунун башкача бир кудуретине (художниктин көзү менен караш керек) байланган автор каарманынын ички сулуулугун биринчи планга коюп, аны жүзөгө ашырууда тышкы бет ажарындагы кыймылдын ирмемин: жагымдуу жылмаюунун, табышмактуу каректин, жарым-жартылай ачылган эриндин көрүнүшүн башкы өзөк кылып алган.

Бул чыгармадагы ар бир деталь, ар бир сызык, ар бир штрих чыгармачылык татаал техниканы ичине камтып, жарык менен көлөкөдөн, жакындан, алыстан көрүнүшү, контурлары, мурда-соң кезикпеген эффекттери, абстракцияга жан киргизген элементтери, адистердин айтымы боюнча «тирүү адамдын жандуу жүзүн чагылдыруу менен кебете-кешпиринин ар бир кыймылы, мимикасы, жести аркылуу адамдын ички жан дүйнөсүн ачып көрсөтүү» болгон.

Бир туруп карасаң, ошол муздак көз караштан «жылт» эте алып учкан жалындын учкундары чачырап кеткенсийт, куюлушкан мурдунун таноосунан бирдей дем алганы, ал гана эмес, алкымындагы кан тамырларынан пульсунун кандай соккону сезилгенсип кетет. Креслого олтурганы да жай, жан дүйнөсүндөгү жайбаракаттыктын белгисиби же төгөрөгү төп келишкен, сулуу десе сулуу, бай десе бай, эмнеге кол созсо жетсе, эч нерседен муктаж болбосо, аялдык бактысына манчыркообу (аялга мындан

башка эмне керек?) же камырабаган токтоолуктун, топуктуулуктун, өзүнө-өзү канааттануунун жышаанасыбы, Көздү жан дүйнөнүн рентгени дешсе, Мадонна Лизанын көзү эмнени айтып турганы табышмак, Сизге кандай экенин билбейм, мен үчүн ушул картина турган - турпаты менен чиеленген баш катырма Жагымы, аурасы, магиясы да табышмак. Ошол табышмактын жандырмагын ар бир жан өзү таап көрсүнчү деген го улуу художниктин ою. Тигилип карап турсаңыз, аялдын бет түзүлүшүндөгү маңдай, каштын орду (ошол мезгилде италиялык аялдар кашынын бир талын калтырбай, сулуулук үчүн жулуп ташташкан), көз, көздүн кош каты, кирпик, мурду, таноосу, оозу, жарым-жартылай ачылган эриндери, теги койчу, портреттеги бетинин ар бир клеткасы жандуудай, эми эле кыймылдап жиберчүдөй туюлат...

1503-жылы так ушул «Моно Лизасын» тартууну баштаса, төрт жылдан кийин, ошол жылдардын аралыгында «Ангиаридеги согуш» аттуу («Битва в Ангиари») эмгегин, абада учуучу аппаратын жасайт, 1507-жылы Леонардо Миланга кайтып келип, Франциянын королу Людовик XII кызматында иштейт. Ошол маалда Франция Түндүк Италияны өзүнө каратып алып, башкарып турган.

1915-жылы король Франциско I менен Папа Лев Х нун жолугушуусуна Леонардо чакырылат. Франциско I мастерге төшүндө лилия гүлдөрү сеңселген, чоң көлөмдө жасалган механикалык арстанды конструкциялоону тапшырат. Ушул белектин арты менен король художникти Кло-Люсе чебине чакырат, ошол сепилде Леонардо өмүрүнүн акыркы үч жылын өзүнүн жакын досу жана окуучусу Франческо Мельци менен иштеп өткөрөт, айына 10 000 скудо пенсия алып жашайт. Францияда жүргөндө Леонардо иштей албай калат, анткени анын оң колу шишип (паралич) кетип, кимдир бирөөнүн жардамысыз кыймылдай албайт. Төрт жылдан кийин жабышкан оору улуу талантты төшөккө жатууга аргасыз кылат. Өзүнүн керемет шедеврлери, шакирттеринин тегерегинде 1519-жылы 2-майда Леонардо да Винчи жарыкчылык менен кош

айтышат. Анын сөөгү Франциянын Кло-Люсе чебиндеги Амбуаз монастырына коюлат.

Ушул кезге чейин картинадагы «Моно Лизанын» жылмаюусу эң белгилүү табышмактын бири болуп келатат. Адамды өзүнө эрксиз тарткан мындай жылмаюу дүйнөлүк шедеврлердин ичинен мынчалык деңгээлде, өз кульминациясына жеткен даражада кездешпейт. Леонардонун стилинен, Леонардонун кыл калеминен жаралганы үчүн гана көз талыткан ажайып бийиктикке көтөрүлүп алган. Ал эми дагы бир Леонардочулуктун табышмагы 1513–1516-жылдары тартылган «Иоанн Креститель» деген картинасындагы каарманынын күлүмсүрөй, эки манжасы менен жогоруну көрсөтүп турушу, эмнени туюнтаары билинбей, баш катырат.

«Жаконда» жөнүндөгү аңыз кептер өз мезгилинде коомчулукту, улуу художниктин замандаштарынын бүйрүн кызытып, чоң баага татыганы талашсыз. Ошентсе да, («Моно Лиза» музейден орун тапканга чейин) картинасынын тагдыры булуттан чыккан Айга окшоп, бирде «жарк» этип көрүнө калса, оозго алынса, бирде кумга сиңген суудай ың-жыңсыз жоголуп, кабарсыз калган мезгилдери көп болуптур. Көрсө, король Франциско I Леонардо да Винчинин мураскери жана окуучусу Салаиден картинаны сатып алып, сепилинде сактап койгондо, кандайдыр бир жолдор менен «Күн королу» Людовик XIV мезгилинде атактуу Версаль дворецине өткөрүлүп берилет. Улуу полководец Бонапарт Наполеон Тиролдогу дворециндеги өзүнүн уктоочу бөлмөсүнө «Моно Лизаны» илдирип алып, эртели-кеч карап, суктануудан тажачу эмес экен. Каардуу согушчан Б. Наполеондун жүрөгүн жибитип, суктанууга аргасыз кылган картинанын дагы бир табышмагын жандыруу кызык го. Кийинчерээк француз революциясынан кийин дүйнөлүк шедеврлердин катарында Луврга коюлат.

## Эң кичинекей мамлекеттин бири

Адриатикалык деңизден анчалык көп эмес аралыкта жайгашкан дүйнө жүзүндөгү эң кичинекей мамлекеттердин бири катары таанылган Сан-Мариного бет алдык. Деңиздеги ээ-жаа бербей ээликкен, бирде чачылып, кайра түйүлгөн толкун сымал учу кыйырсыз, жапжашыл токойлорду, мөмө-жемиш бактар тигилген жайык белдерди, тоют үчүн пайдаланылган ойдуң-чуңкурлуу түздүктөрдү аралап, жол катар чоң-чоң тоннелдерден өттүк. Италиялыктар дүйнө жүзү боюнча тоннель жана көпүрө курууда эч кимди алдына салдырбайт. Жердин рельефин, табигый формасын сактап, жапжашыл токойлорго зыян жетпесин деп жол салышат, көпүрө курушат. Мындай этияттануу, илимий негизге таянып экологиянын мыйзамдарын катуу сакташканы сезилип турат. Жолдо бараткaнда эң бийик ашуудан туруп, көз чаптырсаңыз, боору менен сойлоп бараткан жыландын соймоңдогонундай, имерилип-чимирилип салынган татаал долбоордогу жолдорду карап баш чайкайсың. Кеп долбоордун татаалдыгында эмес, жердин рельефин бузбай, кыртыштын ой-чуңкурун сулуулук менен көркөмдүккө бөлөп таштаганында болуп жатпайбы. Деги булар жол куруунун технологиясынын татаал ыкмаларын кайдан үйрөнүшкөн?

Сан-Марино деңиз деңгээлинен 750 метр бийиктикте жайгашкан төрт тарабы бүткүл Италиянын аймагы менен чектешкен, Түштүк Европадагы эң кичинекей мамлекеттердин бири. Европадагы эң байыркы, эски мамлекеттерден. Айлана-тегереги бүтүндөй таш дубалдар менен курчалып, бири-биринен бийиктиги, жапыздыгы, узун-туурасы менен айырмаланган түркүн-түстүү чептерден турат. Мындай бекем, кебелбес чептердин пайдасын өткөн тарых барактарындагы согуштардан, кыргындардан

сактануу коргонуудa куп эле көрүшкөнүн айтышат. Кичинекей болгону менен өз алдынча суверендүү мамлекеттин тарыхы, негизделиши христиан дини менен тыгыз байланышат. Ал жөнүндө көптөгөн мазмундагы легендалар айтылат. Тагыраак айтканда, IV кылымдын башталышында, болжол менен 301-жылы Адриатикалык деңиздин Раб аралынан чыккан христиан коомчулугунун алгачкы өкүлдөрүнүн бири Марино деген жигит артынан куугунтук түшкөнүнө карабай, Апеннин тоолорунун арасындагы эң бийик Монте-Титано чокусундагы үңкүрдө жашырынып алып, христианство жөнүндө адамдарга айтып-түшүндүрүп, диндин таралышына салым кошот. Адамдарды өзүнүн артынан ээрчитип, өзүнчө коомун түзөт. Ыйык аталат. Анын көзү өткөндөн кийин ыйык Маринонун ысымы ошол жерге, тоолорго берилип калган дешет. Ал эми илимий негизге таянганда, калктын отурукташуусу VI кылымдан башталып, Италия көптөгөн көз каранды жана көз каранды эмес аймактарга бөлүнгөндө негизделген деген маалыматтар бар. Башка бир легендада, Марин деген таш кулатуучу Монте-Титано капчыгайында эркин таш кулатуучулардын өзүнчө коомун түзгөн, ошондон кийин 301-жылы Сан-Марино шаары негизделген деп айтылат. Биринчи жүз жылдыкта Сан-Марино коңшулаш герцогство Урбиного баш ийип турган. Кийин 855-жылы өз көз карандысыздыгын алат. 1600-жылы Баш мыйзам – конституциясын кабыл алат. Биринчи дүйнөлүк согушта Сан-Марино республикасы Антантанын өнөктөшү болсо, экинчи дүйнөлүк согушта өзүнүн бейтараптыгын жарыялаганына карабай, эки жумалык оккупацияда баскынчылар менен салгылашат. Шаардын өзүнүн өкмөтү, мамлекеттик мекеме-уюмдар, редакциялар жана басмаканалары бар. Жергиликтүү калк үчүн акысыз медициналык тейлөө, мектептерде балдарга бекер билим берүү киргизилген. Бир катар мектептер, орто окуу жайлары жана кесиптик билим берүү мекемелери иштейт. 1932-жылы он жети километри Монте-Титано тоосунун түбүнөн өткөн, жалпы узундугу отуз эки километрге созулган Сан-Марино менен Римди байланыштырган электр темир жолу курулган.

Монте-Титано тоосунун этегинде жайгашкан шаарга киреринң менен ойкуп-кайкыган, таш плиталар менен капталган жолдордо басып бараткаңыңызда Гуанта, Честа жана Монтале деп аталган мунаралардын кайкып,өзүнчө бөлүнүп турганын байкайсыз. Эркиндик аянтчасынан, Сан-Марино базилкасынан тарыхый эстеликтер, экспонаттар жыш учурайт. Ал эми Сан-Марино мамлекеттик музейинен кичинекей мамлекеттин басып өткөн тарыхый таржымалдары, калктын үрп-адат, каада-салттары, кол өнөрчүлүгү, кыскасын айтканда, өтө бай коллекциялары, буюм-тайымдары, экспонаттары менен кызыктырат.

Шаарда жашаган калктын саны беш миңдин тегерегинде. Этникалык топтордун сексен пайызы санмаринолуктар. Эки пайызын гана мурдагы советтик республикалардан барып калган жарандар түзөт. Официалдуу мамлекеттик тил – италия тили. Жалпы шаардын понорамасында ар кыл таштар, алардын породалары өзгөчө роль ойнойт.

## «Эркиндиктин символу катары Сан-Маринону сактоо керек»

Бул ары тан берген, ары суктанган фразаны Франциянын императору, эл аралык таанымдагы улуу (полководец) кол башчы Наполеон Бонапарт айткан. Ал өзүнүн аскерий карьерасындагы эң оор, эң машакаттуу согушту Сан-Маринодогу согуш деп эсептейт.

Эсиңиздерде бардыр, каардуу жана катаал, чытырман токойдой түнт, зымыраган Альпы тоолору аркылуу Италияга басып киргенде анын баскынчылык согушун ар бир мамлекет, ар бир шаар, ар кандай кабыл алган. Кээ бирлери кашык каны калганча согушуп, баш ийсе, кээлери төбөгө эки колун көтөрүп, кулдук уруп багынып беришкен.

Сан-Маринону басып киргенде, кичинекей мамлекеттин өжөр, тайбас элинин каршылык көрсөткөнүнө, бийик

духуна жана эркиндикти сүйгөн эркине баш ийип, жогоркудай сөздү айткан экен. Күндөп-түндөп согушуп жатып, көптөгөн аскерлеринен айрылган кол башчы акырында санмаринолуктардын духун кылыч менен майтаралбастыгына көзү жетип, айлана-тегерегиндеги мамлекеттердин тагдырын карап, өздөрү ойлонуп, жыйынтыкка келер деген ойдо согушту токтотот. Кийинчерээк өз ара сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин алакандай мамлекеттин эрки, кызыкчылыгы менен эсептешүүгө аргасыз болот.

Италиянын бир мамлекет болуп, бир туунун астында бириигишинде Сан-Марино республикасынын эбегейсиз салымы чоң. Айыл чарбасы, мал чарбасы айрыкча терини кайра иштетүү өндүрүшү, оор машина куруу, токен тармагы жогору өнүккөн шаар. Бир мезгилдерде суу, иче турган таза суу алтындын баасына барабар болгондонбу, бүгүнкү күндө сууну булгоо, коромжусуз пайдалануу, кордоо деген түшүнүк, мамиле булар үчүн жат. Суу түтүктөрүнүн, жабдууларынын, суу кампаларынын сапаты, технологиялык артыкчылыгы жогорку даражада. Ар бир үйдүн короосунда турак үйү курулган жер төлөөсүнө дүкөн ачып алышкан. Күн ачуу ысый баштаганда дүкөндөрүн жаап, салкын түшкөндө тейлешет. Туристтер көп келгендиктенби, биердегилер кеминде онон бештей тил билишет. Англис, немец, француз, фин, поляк, кытай, жадагалса казакча сүйлөп, дүкөнүнөн кетирбешке ашыгып турат. Сата турган товарын өткөрүш үчүн ушул муктаждыкты өздөштүрүптүр. «Бизден алыңыз, абдан арзан, товардын өз наркынан мынча түшүп берем» деп арбап, илбереңки, сыпайы мамиле жасашат. Териден жасалган кийим-кече, буюм-тайымдар сапатынын мыктылыгы менен даңкталат. Кофе, алкоголдук ичимдиктер Италиянын башка жактарынан арзаныраак.

## «Бакыт – бекем ден соолук, начар эс тутум»

Италиянын айыл чарба плантацияларындагы жемиш бактары, жашылчаларды өстүрүү алардан алынган түшүмдүүлүктүн наркы, кирешеси дегеле дыйкан, фермерлердин жашоосу мени кызыктырды. Бизде өскөн жер-жемиштин баары аларда бар десем болот. Апельсин, мандарин, померанец, пальма, киви жана башка бир нечесин кошпогондо.

Сиз айып этпесеңиз, өзүбүздү жамандайын деген оюм жок. Болгону биздин жерге болгон мамилебизде, менталитетке сиңген ышкоолугубуз, кенебестигибиз, кош көңүлдүүлүгүбүздү жана кайдыгерлигибизди ойлоп чыйрыктым. Жерди кор тутканыбыз аз келгенсип, акыркы жыйырма-отуз жылдын аралыгында арыктап - жүдөп, кан-сөлү кача баштаган жердин абалына, арабөк айыл чарбасына мышык ыйлагыдай болуп калды. Экинчи жагынан кендирди кескен жокчулук, техника жок, күйүүчү жана майлоочу майлардын жетишпестигинен кышын, жазын аксап, өксүп турабыз. Анан «айылда жаштар калбай баратат» деп кейип калганыбызчы…

Көрсө, Жер өзүнчө ат көтөргүс илим, ага илимий негизде акыйкат, туура, калыс жана чын дилден мамиле жасалганда гана ийип, жемишин берет тура. Муну кыргыз бир ооз сөз менен «эр эмгегин жер жебейт» деп айткан. Статистиканын маалыматына, акыркы илимий изилдөөлөргө таянсак, биздин бир фермер жылдык кирешесине үй-бүлө мүчөлөрүнүн бешпи, алтыбы же үчпү кишисин бакса, италиялык фермер кырк – кырк бештей (тамак-аш, кийим-кече жана башка керектөөсүн) адамды тойгузат.

Жердин кыртышы, топурагынын курамында кандай элементтер жетишсиз, азайып же көбөйүп кетишинин себебин, кошумча азыктандыруунун зарылдыгын лабораториялык анализдин жыйынтыгынан кийин аныкташат да, эгерде табигый факторлордон жабыркаса, аны

дароо алдын алып турушат. Фермерлерге көмөкчү экологиялык, биологиялык, лабораториялык, техникалык жана башка бир канча кызматтардын убакыт-сааты, иш тартиби бекем сакталат. Таң эртеден турган фермер күн ысыганга чейин плантациясынын ар бир чарчы метринин абалына чейин кабардар болуп, айланып, кыдырып көрүп, техника менен жасала турганын техникасына, кол менен жасала турганын жумушчуларына дайындап, (дээрлик ишинин сексен-токсон пайызы автоматташтырылган технологиялар менен башкарылат), кадимки өндүрүш циклиндей мамиле жасалат. Сууну өтө үнөмдөшөт. Көз жашындай тамчылатып сугаруу же автоматаштырылган сугаттын иш тартиби бекем сакталат. Жамгыр көп жаап, нымдуулук нормадан ашып кетсе, бактарды клёнка менен жаап коюшат. Биздин дыйкандардай эрте жаздан баштап, кеч күзгө чейин төбөсү менен жер казса да түшүмүнүн, кирешесинин майнабы чыкпайт деген түшүнүк жок. Алма, өрүк, шабдаалы, жүзүмдөрүнүн даамы ушунчалык таттуу, көлөмү биздегидей, ширелүүсүн айт, мөмөсү муздай жылтырап, табитиңди ачат. Түшүмдү жыйнай турган технологиялардын түрү көп, кол менен аткарыла турган жумуштар сейрек учурайт. Мөмө-жемиш бактары биздегидей эмес, учу узарып, бутак-шактары жайылып, бир жыл түшүм берсе, экинчи жылы кысыр калбайт. Бойлору тептегиз, анчалык бийик же өтө эле жапыз эмес, мөмө дарактарынын аралыгы бирдей отургузулган, бир кылка, кол менен тигилгендей тептегиз. Ашыкча чөп-чар, бир тал отоо чөбүн таппайсың.

Биз «мафия» деген сөздү лексиконубузда көбүрөөк колдонобуз. Бул сөздүн келип чыгышы Италиянын XVIII кылымына таандык экен. Ошол өткөн кылымдарда француздар зордук-зомбулук менен италиялыктардын аймагына басып кирип, түшүмдүү, кара топурактуу жерлерге отурукташа башташат. Буга кыжыры кайнаган жергиликтүү калк француздардын үйүн өрттөп, эгиндерин майкандап, өз мыйзамдары менен каршы турушат. Баскынчыларды кууп чыгууга күрөшкөндөрдүн: «Фран-

цуздарга өлүм! Италиялыктар алдыга!» – деген лозунгу болуптур. Ушул сүйлөмдү кыскартып, италия тилинен которуп айтканда «мафия» деген сөз пайда болгон.

Италиялыктардын көпчүлүгү эмоционалдуу, бакылдап, үнүн катуу чыгарып сүйлөгөн, шаан-шөкөттүү жашоону сүйгөн, көкүрөгү ачык, адамга жакшылык каалаган, эс алганды жана табияттан энергия жыйнаганды жактырган калк. Кафе-ресторандарына кирсеңиз, «Бонжорно» деп эки тааныштындай тосуп алып, эч убакта шашылбай, камырабай жай тейлеп, күлүп-жайнап турушат. Бирдемени айтсаңыз, унутуп калышса, капа болуунун деле кажети жок. Барбалаңдап, сураган нерсеңизди бир оокумдан кийин кайра алып келип беришет. Учурашсаңыз, коштошсоңуз деле «Чао» деп коюшат. Ошондонбу, италиялыктардан бакыт эмне дешсе, бекем ден соолук жана начар эс тутум деп, азил-чынга салып жооп беришет. Италияда эмне көп, шаан-шөкөттүү, кызыл-тазыл, дудукка да тил бүтүрүп жиберчүдөй делебени козгогон майрамдар, көчө толгон массалык балмаскарад, карнавалдар тынымсыз өткөрүлүп турат. Италиялыктар өздөрүнө майрам курганды жактырышат, ыр майрамы, гүл майрамы, апалар майрамы (санак жетпейт) жадагалса, сантехник-ширетүүчү, куруучулардын майрамдары белгиленет. Бүткүл дүйнөлүк жана эл аралык маанидеги оюн-зоок, шоу, ыр, кино, театр фестивалдары жана опера-балет жумалыктары тынымсыз өткөрүлөт. Операнын мекени Италия болгондуктан, коңшулаш Европа жана башка өнүккөн мамлекеттердин капчыктуу, бай адамдары атайын учак менен учуп келип, көрүп кетишет.

Союз кезинде эле Италиянын колбасасы, Пармазон сыры, Чертозинно торту жана болонь (Болонь шаарынан чыгарылган) плащы, өтүктөр, териден тигилген кийимдери, кыскасын айтканда, бренддери бизге да жеткен. Италия ашпозчулук искусствосу, теңдешсиз даамдуу кулинариясы менен дүйнөгө таанылган мамлекеттердин бири. Атагы алыска тараган тамак-аш кулинариясынын ассортиментинин ар биринин өзүнчө тарыхы, өзүнчө тажрыймалы бар. Илгертеден келаткан чебер ашпозчу-

лардын кароо-сынагынын талаптарынын улам жогорулашы Италиянын ашканасынын технологиялык жана чеберчилик усулдарын улам кеңейтип, кондитердик жана кулинариялык квалификациясынын апогейине, профессионалдуулуктун өөрчүшүнө негиз болгон. Италияда дүйнөгө аты чыккан белгилүү ашпозчулар көп. Айрыкча камырдан жасалган чүчпара (пельмен), тертательниктердин ассортименти көркөм фантазияга өтө бай. Аялдын кулагына, киндигине, манжасына жана башка дене мүчөлөрүнө окшоштуруп жасаган ар кандай фигурадагы, көлөмдөгү, массадагы, «бырс» эттире күлкү келтирген фантазияга бай, юморлуу, азил-тамашаны кыял чабыты менен синтездештирип жасаган тамак-аш азыктарын карап эле отургуң келет.

# Деңиз термелткен Венеция

Бул жарыкчылыкта Венецияны көрүүгө ашыкпаган, кумарланбаган адамды табуу кыйын болсо керек. Бүткүл жер жүзүндөгү адамзатты, деңиз үстүндө курулган шаарды, деңиз терметкен калааны көрүүгө куштарлантканы үчүн да Венеция ири туристтик борборго айланган. Деңизде сүзүп баратканда канча жагымдуу сезимдердин кучагында термелесиң төрт тарабы суунун толкунунан чайпалып-чайкалып турган өзгөчө бир сулуулукту, таңдандантккан коозлукта ажайып сезесиң өзүңдү. Күтүүсүз келген бакыттай апкаарытып, чалкыган уникалдуу көркөм дүйнөнү өз көзүң менен көргөнүң үчүн толкуп-ташыйсың. Кыялыңда жети кабат асмандын үстүндө бараткандай, сезимдериң канатсыз кайкып учушат.

Венеция Түндүк Италиядагы Адриатикалык деңиздин жээгиндеги, жээкке деле эмес, так ошол деңиз үстүндө курулган шаар. Анын эски тарыхый бөлүгү каналдар менен аралдардын тутамын кармап тургандай сезилет. Орто кылымдарда Венеция Венециан – Республикасынын борбору, Жер Ортолук деңиздеги ири порттуу мамлекеттердин бири болгон. Шаардын борбордук бөлүгү жүз он сегиз аралдардагы жүз элүү каналдарга жана куймаларга бөлүнгөн Венециан көлдөрүн бири-бирине туташтырууга төрт жүзгө жакын көпүрөлөр курулган. Андагы көрүнүктүү, эски Риальто жана Вздохов көпүрөсү XVI кылымга таандык. Венецияда кеме куруу жана кеме оңдоо, түстүү металлургия, нефтини кайра иштетүү, химиялык электротехникалык жана жеңил өнөр жайы тармагы өнүккөн. Айнектен жасалган буюмдарды иштеп чыгуу, кол өнөрчүлүгү дүңгүрөп, «Венециан айнеги», «Буран айнеги» деген эл аралык таанымга жеткен. Оймо-

чиймелүү, мозаикасы кооз Мурано жана Бурано аралдарындагы айнектен жасалган буюм-тайымдардын ассортименти чексиз. Анда орто жана чоң окуу жайлары университет, консерватория, музейлер, искусство Академиясынын галереясы, белгилүү «Фениче» опера театры бар. Венеция эл аралык маанидеги деңиз курорту болгондуктан, жыл сайын эл аралык кинофестивалдар, көркөм жана архитектуралык көргөзмөлөр уюштурулат. Ички шаар аралык каттамдарды моторлуу кайык, маршруттук автобустар, такси, пиплмувер, деңиз трамвайы-вапоретто, паромдор, гондолалар, баржалар аркылуу тейлешет. Суунун үстүнө баллонду таштап, велосипедчен бараткандарды да көрдүк.

Суунун үстүнө кантип шаар куруу га болсун. Болгондо да көп кабаттуу үйлөрдү, өткөн доордун элесин чагылдырган заңгыраган дворецтерди, уникалдуу монастырь, айбаттуу чиркөөлөр жана башка өткөндүн изин жашырган тарыхый имараттарды деңиз үстүнө куруунун сырларын кайдан табышкан деген суроолор жабалактай, тынчыңызды алат. Көрсө, суунун түбүндөгү саздарга ийне жалбыраактуу карагайдын (лиственица, алардын көбүн Россиядан ташышкан) учун ууčтап, таштак, катуу, таптакыр кыл өтпөс катмарына чейин матап киргизип, анын үстүнөн каршы-терши жыгачтарын таштап, толук конструкциясын негиздеген соң, пайдубалын тургузушкан. Анткени ийне жалбырактуу карагайдын бул түрү өтө бекем, өтө кайраттуу, өтө катуу породалардын бири, көркөмдөп айтканда, карагайлардын «аристократ мырзасы». Катуулугу, бышыктыгы жагынан анын жанында ийне жалбырактуулардын эч бири шоона эшпейт. Бийиктиги элүү метрден ашат, сөңгөгүнүн деаметри бир, бир жарым метрди түзүп, 300-400 жыл жашайт. Айрымдары 800 жыл жашаганы да белгилүү. Эң жогорку даражадагы карагай лиственницадан кийинки породалары; бай терек, карагайдын (сосна) башка түрлөрү курулуштарда кеңири колдонулган.

Шаардын аталышы Венетия областынан, тагыраак айтканда, римдиктердин убагында ушул жерде жашаган

Венето ууруларынын аталышынан келип чыккан. Бирок, римдиктердин убагында аралдарда шаардыктардын отурукташуусу болгон эмес. Венециандык аралдын ичиндеги (лагуна) көлдөргө адамдардын отурукташуусу варварлар – вестготтор, Атилланын хунндары жана лангобарддар – «узун сакалчандар» басып киришкенден кийин V-VI кылымдарда башталган. Ал эми тарыхый маалыматтар отурукташуунун VI кылымдын экинчи жарымынан башталганын ырасташат. Биринчи отурукташуунун борбору Маламакко жана Торчелло аралдарынан башталып, VIII кылымдан тартып, азыркысындай жыш жайгашкан. VII кылымда Византиянын демилгеси менен (Византияга формалдуу баш ийдирилген) шайлоо аркылуу бир башкаруучуга – дожага каратылган. Венециянын биринчи дожасы Паоло Лучио Анафесто 697-жылы шайланган. Бирок, ал жөнүндө документалдуу фактылар жок. Ал эми VIII кылымдын ортосунда Византиянын императорунун бекитүүсүз эле дожалар шайланган. Ошентип, Венеция өз тарыхында жүз жыйырма дожанын башкаруусун өткөргөн. Алардын акыркысы Лодовико Манин 1797-жылы бийликтен кулатылган. IX-X кылымдан XVI кылымга чейин Венеция Батыш Европа менен Чыгышты байланыштырган ири ортомчу соода борбору болгон.

751-жылы «узун сакалчандар» Равеннаны ээлеп алгандан кийин Венеция Италиядагы акыркы аймак катарында Византиянын формалдуу көзөмөлүндө турган. Италиянын калган аймагын Великий Карлдын империясына каратып бергенден кийин шаар Византия менен Батыш өлкөлөрүн байланыштырган бирден бир түйүн болуп, ыңгайлуу соода борбору катары туруктуу өнүгүүгө багыт алган. Мындай темптүү өсүп-өнүгүү IX кылымда венгр, славян, норман жана арабдардын басып алуу коркунучун туудурган. (975-жылы мусулмандардын флоту Градо шаарына жеткен). Ошол кездеги дожа Пьетро II Орсеолонун көрөгөчтүк саясатынын негизинде шаарды курчап турган державалар менен Венециянын көз карандысыздыгын камсыздоо, сооданын тоскоолдук-

тарсыз өнүгүшү боюнча келишимдер түзүлгөн. Ошону менен бирге Далмацияны басып алуу менен территориялык аймагын кеңейтүү башталган.

Венециянын тарыхындагы кара тактар православиялык дүйнөнүн тарыхы жана православян-католиктик мамилелери менен байланышат. Венециянын дожаларынын диндин булганыч көз караштарына берилип, ач көздүгүнөн жана жеке байлыкка туйтунгусу келгенинен мусулмандарга каршы жүрүш башталат. 1204-жылы төртүнчү кресттик жортулуунун натыйжасында Константинополду талкалагандан кийин шаардын эң бай эпохасы өкүм сүрөт, крестүүлөрдүн согушу Венеция үчүн материалдык пайда табууга эле эмес, гректердин жерлерин бөлүп алууга катышууга, грек искусствосунун тандалган миңдеген эң мыкты чыгармаларын талап-тоноп, ташып кетүүгө жол ачкан. Тарыхтын тамашасын көрүңүз, бир кездеги Венециянын гүлдөшү, ошол эле мезгилде төмөндөшүнө, алсырашына негиз болгон. Кылымдар бою Европаны Чыгыш мусулмандарынан калкалап келген Византиялык толкун күчүнүн кыйрашы өзүнө каршы урулган сокку эле. 1453-жылы Константинополду түрктөрдүн армиясы басып алып, бийлиги кулагандан кийин Венециянын өзүнө түрктөрдүн экспанциясы менен бетме-бет күрөшүүгө туура келет. Бир эле мезгилдеги эки сокку: экспанция жана согуш европалык мамлекеттерди башка соода жолдорун издөөгө мажбурлады. Акыбетинде венециан – түрк – селжуктардын согушу Жер Ортолук Деңизден тартып, Атлантика океанындагы негизги соода жолдорунун аралашып кетишине жана акырындап Венециянын соода-экономикалык өсүп-өнүгүшүнүн төмөндөшүнө, кризиске алып келет. Биринчи дүйнөлүк согушта 1797-жылы Наполеон Бонапарт Венецияга басып киргенде, бир кездеги дүркүрөп өнүккөн шаардын өзү эмес, көлөкөсү гана турган болчу...

Чоң канал аркылуу сүзүп келип, шаардын борборуна кадам таштаарыңыз менен бир тарабына жолборстун, экинчи тарабына кайсы бир скульптура орнотулган эки чоң дарбазага кабыласыз. Бет алдыңыздагы заңкайган

IX-XV кылымдарда курулган Ыйык Марко мунарасын, анын каршысындагы (XIV-XVI кылымда) дожалар Дворецин, XVI кылымдагы эски Сан-Марко китепканасын, бийиктиги жүз сексен метрлик коңгуроону (убаксааты менен чиркөөнүн коңгуроосу автоматтык түрдө кагылып турат), имаратынын чоңдугу эле эмес, дубалындагы, шыбындагы фреска, мозаикалар алтын, күмүш жалатылган жана асыл таштардан жасалгаланган эң бай монастырдын (скуолы) таң каларлык кооздугунан кыя өтө албайсың. Так ушул монастырдын кыл чокусуна орнотулган, жалы шамалга жапырылып, туягы жерге тийип-тийбей бараткан кереметтүү образдагы (жандуудай туюлат) аттардын скульптуралык көркөм чагылдырышын Наполеон жактырып, Францияга алдырып кеткен экен. Кийинчерээк согуш аяктаганда французлар зордук менен «айдап кеткен аттар» өз ордуна алынып келингенин айтышты.

S образдуу венециандык Чоң Канал дарыянын эски нугу менен Борбордук Венеция аркылуу агып өтөт. Каналдын эки тарабында орто кылымдарда эле жайгашкан алты административдик райондор орун алган. Алар: Сан-Марко, Каннареджо, Кастелло, Дорсодуро, Сан-Поло жана Санта-Кроче райондору. Каналдын үстүндө ар кыл дизайндагы, ар кыл формадагы кооз да, көркөмдүү да, көрүнүшү боюнча бири биринен өтүп ат салышкан кораблдердин, кемелердин түрүн көрөсүз. Кеме куруу Венециянын ата-бабаларынан бери келаткан мурас. Венеция эски (көөнө), орто жана соңку дворецтердин көптүгү менен даңкталат. Анткени Чоң Каналдын эки тарабында жана Борбордук бөлүгүндө бири-бирине окшошпогон, ар бир доор өз атын жазып калтырган византиялык, готикалык жана роман стилиндеги дворецтердин комплекси муну айкындайт. Венециан Республикасы гүлдөп-өсүп турган мезгилдерде көккө бой керген дворецтердин ар бири мейманкана, отель катарында бүгүнкү күндө туристтерге кызмат кылып, бош орун табылбайт экен.

Кайра Жаралуу доору Венециянын өнүгүшүнө эбегейсиз салым кошкон. Ошол доорлордун духун, рухун,

аурасын боюна сиңирген, тарыхы, тагдыры менен үндөшкөн эски объектилер дворец деген атка татыган. Андан кийинки мезгилдерде курулгандарды «үй» деп, соңку мезгилдегисин «палаццио» деп аташат. Италия тилинен которгондо экөө тең «дворец» деген сөздүн кыскартылганын түшүндүрөт. Ошондуктан көптөгөн дворецтер (бизче хан сарай дейбизби) курган ээлеринин аты менен аталып калган. Билбейм, сиз кандай дейсиз, Кыргызстандагы бай, бизнеси бар, байлыгы, мартабасы менен төбөсү көрүнгөн миллионерлер, миллиардерлер саясаттын сазынан чыга албай жүрө бербей, эл-журтка, кийинкилерге пайдасы тие турган өрнөк көргөзүшсө деп кыялданып жибердим.Кыргыздын башкалаасына, башка жактан келген меймандар калаанын кире бериш капка-дарбазасына киргенде, кадимки европалык кичинекей, жашыл шаарчага киргендей болот. Ал үчүн кыргыздын эн белгилерин тааныткан укмуш бир эстелик-монументтерди, түндүк-түштүк дарбазасына куруп коюга неге болбосун. Өкмөттүн токтомун, каражатын күтүп отура бергенден пайда чыкпасына көзүбүз деле жетти. Бирдеме жасаш керек болсо эле «акча жок» деп кол куушурабыз. Сырттан кирип жаткан инвестициялар кайда кеткенин эч ким айтып бере албайт. Анын түбүнө жетүү да кыйын. Ал эми демине аш бышкан акчалуу жигиттерибиз, бийликке умтулуу менен алек. Ойлоп көрсөң, эгемендик алган жыйырма жылдын ичинде өндүрүш ишке кирип, жок дегенде кагаз жасап чыгарчу бир кенедей фабрика да курулбаптыр. Жогорудагы кыялдар, тилектер иш жүзүнө ашуу үчүн, албетте, биз четтен көргөн сымак улуттук ар-намысты алып жүргөн чыныгы атуулдар, башкача айтканда патриот уул-кыздар туулуп келиши керек окшойт... Деги биздеги байлардын байлыгы каяктан агылып келатканы – чыныгы бешене тери менен жасаган бизнесиненби же саясаттагы чайкоочулугунанбы, айтор, кызмат даражасынын инерциясында калем сабы, уюлдук жана кызматтык телефону менен акча жасагандарынын көрүнөө аракети күмөн туудурбай койбойт... Албетте, бул менин жеке пикирим. Европадагы өнүп-өскөн элди көрүп, ичиң күйүп, жаның ачыйт тура.

Жогоруда белгилегендей, Кайра Жаралуу доорунун Жогорку жана Кечки этабында Венецияда искусство гүлдөп-өнүккөн. XVI кылымдын экинчи жарымында республикалык түзүлүшүн сактаган Венеция Кайра Жаралуу доорунун өзгөчө маанидеги борбору жана оазиси боло алган. «Венециандык мектеп» деген атакка конгон художниктер мектебинин алгачкы карлыгачтарынын бири, эрте ааламдан өткөн Джоржонду (1476 - 1510) бөлүп көрсөтүүгө болот. Анын атын өлбөс-өчпөс кылган « Юдиф», «Уктап жаткан Венера», «Айылдык концерт» аттуу полотнолору дүйнөгө белгилүү. Художник алгачкы жолу живописте пейзажга өзгөчө көңүл буруп, пейзаж менен каармандын ой-дүйнөсүн жуурулуштуруп, жарык менен колоритти берүү тапшырмасын мыкты аткарган.

Дагы бир венециандык мектептин көрүнүктүү окулдөрүнөн Тициан Вечеллио (1477–1576). Ал көзүнүн тирүүсүндө эле бүткүл Европага аты таанылган художник болгон. Анын көптөгөн бараандуу эмгектери европалык монархтар менен Рим Папасынын буйругунун негизинде тартылган. Ал эмгектеринде баарынан мурда колористикалык жана композициялык усулдарды жаңыча чечкени менен көңүлдү өзүнө бурат. Полотнолорундагы массанын чагылдырылышы композициянын бир бөлүгү катары биринчи планга чыгат. Сүрөтчүнүн белгилүү эмгектери: «Тобо келтирген Мария Магдалина», («Кающаяся Мария Магдалина»), «Жер жана асмандагы сүйүү», («Любовь земная и небесная»), «Венера», «Даная» жана «Ыйык Себастьян», («Святой Себастьян»).

Кайра Жаралуу доорунун Жогорку этабына италиялык атактуу акын Лудовико Ариостонун чыгармаларын көрсөтүшөт. Ал адабияттагы Данте, Петрарка жана Боккаччонун салттарын улантып, өзүнүн рыцардык-баатырдык «Чаалыкпаган Роланд», («Неистовый Роланд») деген поэмасында назик иронияның жетегинде гуманизм идеясын өөрчүткөн акын.

Ар жыл сайын Венецияда чоң масштабдагы бүткүл Италиянын чыгармачыл жамааттары баштап, катардагы атуулдары коштогон театрлаштырылган карнавал өткөрүүнү салтка айландырышкан. Аны көрүү үчүн коңшу-

лаш Европа мамлекеттеринен, океандын ары жагындагы өлкөлөрдөн, кыскасы, бүткүл дүйнөнүн булуң-бурчунан келишет. Негизги катышуучу – эл. Бай жана керемет, асемдүү жана экстраваганттуу карнавалдын костюмдары, театрлаштырылган декорациясы бири-биринен өтүп, шумдуктуудай коомдугу ооз ачтырат. Жаныбарлар дүйнөсүн чагылдырган кейипкерлердин беткаптарынын (маска) атайын коллекциясына конкурс өткөрүлүп, тандалгандары карнавалга катышууга укук алат. Өткөн кылымдардагы король менен королевалар, граф менен графинялардын, герцог менен герцогинялардын, белгилүү инсандардын кийингендери, этикалык жана нравалык адеп-ахлагын көрсөткөн костюмдар менен ар кандай тарыхый көрүнүш, образдарды жаратып, каалоочулар менен сүрөткө түшүп, акча табышат. Таң эртеден башталган шаан - шөкөт күн батканга чейин элдин көңүл чордонун ээлейт.

Маска – Венецияда XVIII кылымдан бери өмүр сүрүп келатат. Коомдун социалдык жактан жиктелишинен бери жогорку ( байлар) катмарлары менен төмөнкү (кедейлер) катмардын ортосундагы мамилени жөндөөгө кайсы бир даражада кызмат аткарып келген. Масканын аталышы да, түрлөрү да эң эле көп. Венецияны маскасыз элестетүүгө болбосо керек, анткени дүкөндөрдө жайнаган түркүн-түстүү беткаптарды сувенир катары сатып алышат. Алардын тарыхый окуялар менен байланышынан ойлоп чыгарылгандары да жок эмес. Мисалы, узун мурун доктордун маскасы чуманын эпидемиясы каптаган мезгилде чыгарылган. Доктор пациентти мурду (антисептика) аркылуу көрүп, дарылайт дегенди туюндурган. Айрыкча карнавал, балмаскараддарда беткаптын ичиндеги жүздөрдүн ички психологиялык абалын көрсөтпөй, жактырган же жактырбаган кишисине ар кыл маанайдагы сезим-туйгусун билдирүүдө, анын реакциясын текшерип көрүүдөгү кызматынын артыкчылыгына баа берилет.

Венециянын борбордук бөлүгүндөгү жанаша салынган көп кабаттуу үйлөрдүн ортосундагы аралык үч-төрт

метрден ашпайт. Кууш каналда аркы-терки сүзүп жүргөн, эки тарабындагы учу чуштугуй, оймо-чиймелер менен коохдолгон гондолаларда (кайык) эки-үчтөн отуруп, шаар кыдырган туристтерди көрөсүз. Деңизди бир айланып чыкканга жүз евро төлөнөт, эгерде музыканттын коштоосунда жандуу ыр уккуңуз келсе, анда баасы каалооңузга жараша көтөрүлөт. Каналдын аркы өйүзү менен берки өйүзүн бириктирген чакан көпүрөлөр ары кооз, ары романтикалуу, жандуу гүлдөргө оронуп, көз жоосун алат.

Чоң Реальто көпүрөсүн «сүйүшкөндөрдүн көпүрөсү» деп коюшат. Негизинен арзышкан жаштар ошол көпүрөдө жолугушат. Көпүрөнүн бир соо жерин калтырбай «сүйүү кулпусун» тагып ташташкан. Европадагы ушундай массалык таанымга татыктуу болгон Германиядагы Кёльн соборунун артындагы көпүрөгө өзүм күбө болгом.

Шаарды аралап баратып, бир кемпирдин статуясына туш болдук. Сырттан Венецияга баскынчылар басып киришкенде, балкондо турган кемпирдин колундагы идиш түшүп кетип, жердеги ушак таратып жүргөн кишинин башына «тарс» тиет да, ошол жерде мүрт жан берет. Элди дүрбөлөңгө түшүрүп, жоого каршы аттандырбай коюунун амалындагы ушакчынын өлүмү шаардыктарды жана шаардын бийлигин таң калтырат. Кемпир камырабай: «бул кудайдан, мен эмесмин» – дейт. Бийлик ээлери ыраазы болгонунан кемпирди мамлекетке салык төлөөдөн бошотушат.

Баса, Уильям Шекспирдин «Отелло» драмасындагы башкы персонаждар Венецияда жашап, чыгармадагы мотивдер шаардын турмушунан алынган деген сөздөр бар. Мавр Отелло аскер кишиси болгонун, ал башкарган аскер горнизонунун эски имаратын көрсөтүштү. Эр жүрөк мавр эки жүздүү, чагымчы Ягонун тилине кирип, айдай сулуу Дездемонаны муунтуп жатып: «сүйгөнүңдү өптүргөнчө, бакача жерде сойлоп өлгөн жакшы» – деген фразасы эске түштү. Ашыкча кызганчаактыктын, көралбастык менен эки жүздүүлүктүн курмандыгына айланган шордуу Отеллонун элеси турду...

Бүт дүйнө жүзүн суктандырып, ак эткенден, так эттирген деңиз үстүндөгү уникалдуу шаардын эртеңки жана келечеги кандай болот деген тынчсыздандырган көйгөй менен Венеция бийлиги баш катырып турган кез. Шаар акырындап сууга чөгүп бараткан окумуштуулар далилдешкен. Ал гана эмес илгерки убактарда жаңыдан отурукташуу башталганда байкалган маселени чечүү үчүн шаарды бекемдеп, кайра курушканы тарыхтан белгилүү. XXI кылымда шаар артезиан скважиналарындагы өнөр жай калдыктарынан, имарат, ар түрдүү жабдуулар жана адам факторунун таасиринен жылына беш миллиметр чөгүп бараткынына кокуйлашат. Ал үчүн «Моисей» аттуу долбоор иштелип, ааламда жок кооздукту сактоо максатында шаарды тегерете герметикалык тосмолор менен жабдуу маселеси коюлуп, 2003-жылы атайын адистер тарабынан колдоого алынганын, анын биринчи ташы коюлганын айтышты.

## Дүйнөдөгү биринчи жана улуу скрипач

Адриатикалык деңизге көз чаптырсаңыз, чексиздиктин ааламына сүңгүп, көгүлтүр түс менен жуурулушуп кетесиз. Жай айында асман көк, деңиз көк, суусу көкмөк. Ошол чалкыган деңизге арбалган күндүн чыгышы менен батышын карап эле отургуң келет. Деңиз тынч болсо, толкундар сүрүлүп келип, жээкке канатын жайып, кайра наздангандай артка кайтышат. Кокус, күн бузулуп, кичине дүрбөлөң түшө калса, каада күткөндөй кабаккашын чытып, ээ-жаа бербей, кайраттанышат. Күн күмүш нурларын деңиз бетинен чайкап өтүп, горизонтко көтөрүлгөнгө чейин көк менен көгүш мейкиндикте сан миң түркүн нурларын кубултуп, көлөкөңүз жутулганда гана мемиреп көшүйт.

Адриатикалык деңиз бою – курорттук зона. Ресторан, кафе, бар, мейманканалар, оюн-зоок, бий жана балдар дүйнөсүнө арналган аянтчаларда эл кымкуут. Италиялыктар туристтерге көнүп бүткөн, көрөйүн деген көздөрү

жок. «Кимди ким көрдү, Быржыбайды там басты» дегендей, ар ким өзү менен өзү алек. Италиялыктар өтө куунак, көңүлдүү жашаганды жакшы көрүшөт. Туристтердин көңүлүн алыш үчүн эмес, акча табыш үчүн профессионалы да, көчө ырчы, чоорчулары да кечиндеси мейманкананын алдына эл чогулган жерге келип, өз программасын тартуулайт. Бийлери да шаңдуу, шатыра-шатман көңүлүңдү көтөрүп, сени азгырып, көпчүлүккө кантип аралашып кеткениңди сезбей каласың. Кодо аттар, эшекке чегилген арабаларда меймандарды сейилдеткенди артык көрүшөт. Биздин базарларда адамдарды гипноздоп, башын айландырып, акчасын кагып алган көчөдөгү кумар оюндарындай, көбүнчө кара түстүүлөрдүн «амалкөй» утуштары да кайдыгер койбойт.

Бир убакта эл сүрүлүп эле, скрипканын үнү жаңырган тарапка бет алды. Эки скрипач бири-бирин коштоп, бирин-бири толуктап, Паганининин «Венециандык карнавалын» аткарып киришти. Музыканын тили которулбайт эмеспи. Анын жүрөгүң менен туюп, сезимиң менен бөлүшүп, көкүрөгүңдөн өткөргөндө башкача бир дүйнөгө жетеленип кеткениңди сезбей каласың. Ошол дүйнөнүн көз ирмемдеги кудурети менен бакыттын жетинчи кабатында жүргөндөй, дүйнөнү жаңыдан тааныгандай, ой - дүйнөң жагалданып, кыял-сезимдериң алып учуп, не бир ажайып сыйкырга байланасың да каласың. Музыканын жан дүйнөңдүн назик кылдарын козгогон, ээ-жаа бербеген кереметине арбалып, айтууга сөздүн күчү алсыздык кылган сезимдердин гармониясына кабыласың. Биз Паганининдин өз колу менен ойногон, өз дүйнөсү менен коштогон чыгармасын эмес, аны аткаруучулардан уктук. Бул башка эки башка нерсе эмеспи. Мүмкүн Паганининин өзү аткарганын укканда, мындан да башкача, мындан да керемет дүйнөгө барып келгендей болот белек...

Никкола Паганини XVIII-XIX кылымдардагы музыка тарыхындагы көрүнүктүү инсандардын бири, дүйнөлүк музыканын генийи деп таанылган. Италиялык скрипач, гитарист-виртуоз жана улуу композитор Н. Паганини 1782-жылы 27-октябрда Генуя шаарынын анчалык бай эмес

кварталынын абдан кууш, «Кара мышык» деп аталган кычык көчөсүндө соода агенти Антонио Паганининин үй бүлөсүндө туулган. Никкола үй-бүлөнүн экинчи баласы болгон. Атасы Антонио, апасы Тереза Боччардо да музыканы сүйүчүүлөр болушкан. Күндөрдүн биринде апасы түшүндө периштени көрөт, периште ага: «Сенин сүйүктүү уулуң атак-даңктуу, улуу музыкант болот» – деп айтат. Апасы түшүнө ушунчалык ишенип алып, күйөөсү экөө кичинекей баланы керели-кечке скрипка менен машыгуута мажбурлашат. Беш жашында эле атасы анын шыгын байкап, мандолинде ойногонду, кийинчерээк алты жашында скрипканы үйрөтөт.

Никкола оорукчал төрөлүп, табиятынан арык, алсыз, нымжан бала болуп чоңоёт. Илбереңкилик менен сезимталдык, сентименталдуулук менен ийкемдүүлүктү апасынан, туруктуулукту, темпераментти жана буркан - шаркан түшкөн энергияны атасынан энчилеп алат. Ата - энесинен корккон бала тыным албай скрипкада машыгып, коңшулаш мунарадагы чиркөөнүн нервге тийген коңгуроосунун үнүнөн тажап, кээде уктап кетсе, ошол күнү тамаксыз калган. Үй-бүлөнүн биринчи уулу Карло ата-энесин скрипкадагы ийгилиги менен кубанта албагандыктан, экинчи уулун көгөрүп-көшөрүп, эч нерсеге алаксыбай, тынбай машыгууну талап кылып, караңгы сарайга камап коюп, көзөмөлдөп турушкан. Мунун кесепетин ал өмүр бою тарткан, көп ооруган, оорунун азабын жеген. Жаш баланын алсыз, назик денеси инструментте тынымсыз машыгуудан чарчап-чаалыгып, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы абалга-каталепсияга жетет. Күндөрдүн биринде Николла эс-учун жоготуп коёт. Ата-энеси баласы менен түбөлүккө коштошуп, табытка салып, мүрзөнү көздөй жөнөмөкчү болушканда, капыстан Никкола кыймылдап жиберет...

Антонио эгерде уулу өзү ойлогондой атак-даңкка жетсе, анда «көп акча болот, байыйм» деп кыялданган. Ошон үчүн кичинекей кезинен скрипканын тереңсырларын үйрөтө турган окутуучуну жалдаш керек дейт. Никколанын биринчи окутуучусу генуэзиялык акын, скрипач жана композитор Франческо Ньекко болгон.

Бактылуу балалыктын оюн-күлкүсүнөн таптакыр ажыраган балада табият тартуулаган ченемсиз музыкалык шык, жанда жок сезимталдык, угуу-сезүү туюмунун адамдарда кездешпеген касиеттери бар эле. Дүйнө кандай керемет түстөргө бай болсо, Никкола ошол түстөрдүн ыраң-дабышын, кылдай назик шуудурун сезээр эле...

Ошол сезип-туйганын адегенде мандолинге, кийин скрипкага салып, музыканын тилине жан киргизген. Паганини сегиз жашында скрипкага соната жазып, бир катар оор вариацияларды аткарган. Анын атак-даңкы бүт шаарга тарап, ал гана эмес Сан-Лоренцо мунарасындагы капелланын биринчи скрипачы Джакомо Костанын көңүлүн өзүнө бурдуруп, жумасына бир жолу сабак алууга жетишкен. Д. Коста жаш скрипачтын келечегин көрө билген, таланттын кандай өсүп келатканына көңүл буруп, профессионалдык усулдарды үйрөткөн сүйүктүү устаттарынын бири болгон. Анын сабагынан кийин Никкола биринчи жолу эстрадага чыгууга мүмкүнчүлүк алат. 1794-жылдан баштап, анын концерттик сапары башталат. Концерттерде жүрүп, ошол мезгилдин атактуу музыканттары менен таанышат. Польшалык виртуоз Генуэзияда концерт коюп жүргөн Августо Дурановскийдин искусствосу менен таанышып, анын көркөм каражаттарды пайдаланганына абдан шыктанат. Генуэзиялык бай аристократ жана музыка сүйүүчү Джанкарло ди Негро менен болгон жолугушуусу ага чыгармачылык шык гана бербестен, жаш таланттын жүрөгүнө акылдуу, ак көңүл достуктун үрөнүн себет. Анын өмүрүнүн бурулуш жылдарына көмөкчү болот. Маркиз ди Негро Никколаны өз камкордугуна алат. Анын финансылык жардамы менен билим алуусун улантат.

Никколанын жаңы окутуучусу виолончелист жана эң мыкты полифонист Гаспаро Гиретти жаш музыкантка композитордук техниканын жаңы көнүгүүлөрүн үйрөтөт. Ал өзүнүн тарбиялануучусунан жан дүйнөнүн ички туюмунун жетекчилиги менен инструментсиз музыка чыгарууну талап кылат. Ошол аз убакыттагы жаш композитордун фортепьян үчүн жазган бир канча чыгармалары жоголуп, бизге жетпей калган.

1800-жылы Никколанын биринчи концерттик гастролу башталат. Адегенде ал Парма шаарында концерт берет, ал укмуштуудай триумф менен өтөт. Скрипачтын аты шаардан-шаарга тарап, бүткүл Италиянын аймагына угулат. Шаардын герцогу Фердинанд Бурбонский өзүнүн дворецинде Паганинини концерт коюуга чакырат. Тилеги кабыл болгонуна жетине албаган атасы баласынын таланты менен акча иштеп табуунун кезеги келди деп, Түндүк Италия боюнча гастролдорду уюштурууну өзүнө алат. Никкола Флоренция, Пиза, Болон, Ливорно жана Милан шаарларында чоң ийгилик менен концерт берет. Жаш таланттын өзгөчөлүгү өзүнүн музыкасында эч ким пайдаланбаган, эч ким аткарбаган скрипкалык көркөм каражаттарды колдонуп, мурун-соң болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишет. Анын чанда кезиккен талантынын күчүнөн жаралган скрипканын дабышынын тембри бирде акырын, назик кылгырып, бирде ойт бергендей көккө атырылып, музыкалык ыргактарынын магниттик күчү бүткүл залды өзүнө багындырып байлап, чынжырлап таштагандай, угармандар катырып койгондой ордунан козголбой калышчу экен.

Ал атасынын жетекчилиги менен скрипкада ойногонду үйрөнүп, билим алууну уланткан, ошол жылдары жыйырма төрткө жакын (каприс) чыгармаларын жазган. Каардуу атасына болгон көз карандылык бой жетип келаткан өспүрүмдүн өз алдынчалыгына, эркиндигине залакасын тийгизгендиктен, биринчи эле мүмкүнчүлүк болсо атасынан кутулуу үчүн Лукка шаарынын биринчи скрипачынын ордун сунуштаса, дароо макул болот. Луккада Паганиниге шаардык оркестрди жетектөөгө туура келет да, өзүнүн концерттик ишмердүүлүгүн уланТышына тыюу салышат. Ошондуктан ал коңшулаш шаарларга барып концерт берет. Үч жылга чейин ал эч каякка гастролго да чыкпайт. Музыканттын алгачкы сүйүүсү жөнүндө тарыхый так маалыматтар айтылбайт. Кандайдыр бир синьора Диде жөнүндө учкай аңыз кептер тараганы менен музыкант тарабынан тастыкталбаган. Ошол жылдары анын скрипка жана гитара үчүн жазылган он эки сонатасы жарыкка чыгат. 1804-жылы өзү

туулган шаарга келип, баш көтөрбөй чыгарма жазуу менен алектенет. 1805-1808-жылдары Никкола кайрадан Луккага барып, камералык оркестрдин пианисти жана дирижёру болуп иштейт.

Лукка шаарында Паганини күтүлбөгөн сүйүү отуна кабылат. Бирок, баш айланткан сүйүү романынын тарыхы жөнүндө эч кандай так маалыматтардын изи жок, улуу музыкант аны жүрөгүнүн терeңине катып койгон шекилдүү. Айрым бир күбөлөрдүн жана скрипачтын жакын досторунун айтканына караганда, Полина Боргезе Паганинининин өмүрүнө өчпөс из калтырганы талашсыз дешет.

Полина Боргезе Наполеон Бонапарттын карындашы болот, анын бир көргөндө көңүлдү тык эттирген өзгөчө сулуулугу, өзүнө аргасыз арбалткан айжамалы менен ошол кездеги Европадагы «менмин» деген, эң бир белгилүү эркектердин жүрөгүн багындырганы, көңүлүнө чок салганы көп айтылат. Улуу музыкантты да ошол аялдын сулуулугу жипсиз байлап, сүйүктүү Паолеттасы анын чыныгы музасына айланып, бир канча мыкты чыгармаларынын жаралышына түрткү бергенин танууга болбойт.

Полина чынында эле өтө сулуу болуптур. Анын узун мурду, ээгинин кууштугу татынакай жүзүнө көлөкө түшүрбөй, келбет-мүчөсүнүн бүткөн бир чыгармадай көркөмдүүлүгүнөн бир көргөндө ашык болгондор чалгы менен чабылгандай бутуна чалышып калышчу. Көз арткандардын эч кимисинин көңүлүн калтырбаган жеңил ойлуу, ак сөөк кыз оюн-зоокту, күлкү-тамашаны сүйгөн. Эрте жашынан эркектер менен болуп, уят-сыйытты жыйыштырган дене кумарынан чыга албаганын, туш келгени менен көңүл ачканын ак сөөктөр коомчулугу «аягы суюк селки» деп кинелешкен. Княгиня музыка, поэзия, живопись, тарых дегендерди таптакыр жактырбаган. Билим алуу жөнүндө ойлонбогон, көңүл ачкан кезинде ашыктарына жан дүйнөнүн интеллекти, руханий кызыкчылык жөнүндө сүйлөшүүгө тыюу салган.

Он алты жаштагы карындашынын шайкелең, шойкумдуу жүрүш-турушун байкап калган агасы тез арада өзүнүн кол алдындагы тектүү жерден, жакшы тарбия-

ланган, Наполеондун айтканынан чыкпаган, жаш жана келишимдүү генерал Виктор Эммануил Леклеркге күйөөгө берүүнү чечет. Эки жаш 1797-жылы үйлөнүшөт. Бир жылдан кийин жаш келин генералга эркек бала төрөп берет, ал болгону төрт жашка чыгып, чарчап калат. Бир жылдан кийин Наполеон генерал Леклеркти Вест-Индияга жөнөтүп, өзү менен кошо келинчегин ала кетүүсүн табыштайт. Бирок, Полина күйөөсүн коштоп барууга макул болбойт. Куунак, кооз жашоонун жана көңүл ачуунун чордону болгон Парижди таштап кеткиси келбейт. Ачуусу кайнаган Бонапарт күч менен карындашын кораблге отургузуп, Кариб деңизиндеги француздардын колониясына жиберет. Чылгый караңгы, түнт аралга барып деле Полина үйрөнгөн адатын койбойт. Көз жоосун алган кооз, көркөм көйнөктөрүнө маашырлана, ак сөөк аял француженкалардын аял аялдай болуш керек дегенинен тайбай, түрлөнүп жасанып алып, кече-отуруштарды уюштурган, жогорку чиндегилерди кабыл алган. Ошентип, алыскы аралдагы турмушу көпкө созулбайт. Күйөөсү генерал Леклерк ысытмадан көп өтпөй эле көз жумат. Бир нече күндөн кийин княгиня Парижге кайтып келет.

Күйөөсүнүн көгүн көтөрүп деле жүрбөйт. Жаңы таанып, жаңы кездешкен ашыктарынын кучагында ойноп-күлүп, өмүр өткөрөт. Буга кыжыры кайнаган Наполеон жыйырма сегиз жаштагы князь Камилло Боргезени тандайт. Князь эбегейсиз бай болгон, Римге жакын көз күйдүргөн кооз вилласы, эң мыкты бриллианттын коллекциясынын ээси эле. Агасынын ар тараптуу планы менен 1803-жылы Полина княгиня Боргеза болуп калат. Бирок, Наполеондун ойлогон оюу оңунан чыкпайт. Карындашы Европадагы эң бай аялдардын бири болгонуна алымсынбайт, мурдагы адаттарын таштабайт, эч кандай чектөөгө, эч кандай коомдук адеп-ахлакка баш ийбейт. Үч жылдан кийин жубайынан көңүлү көк таштай калган князь Полинанын өз алдынча жашоосун сунуштайт. Сунушту Полина сулуу жан-дили менен кабыл алат. Ушундай болорун алдын-ала сезген аял Туриндеги кан сарайга жашоого укугун мыйзамдаштырып, ай сайын ири

өлчөмдөгү жөлөк пул алат жана эч ким мышыгын «пыш» дедиртпей турган, эч ким ойноошторунун келип-кетүүсүнө жолтоо болбогон менчик үйдүн ээси болуп калат. Так ошол мезгилде Полина турпаты таңкалычтуу, сырдуу, талантынын табияты менен магниттик күчкө ээ, белгилүү музыкант Никкола Паганинини жолуктурат.

Паганини бою узун, арыкчырай, жүзү ак момдон жасалгандай купкуу, ден соолугунан жабыр тартканы сезилип турчу. Анын бүткүл турган турпаты табигый эместей, узун, ашкере шадылуу манжалары өзүнүкү эместей, көзүнүн кареги чөгүп кеткендей түнт, кишиге жугумсуз, көргөндөр ичиркене сезгенишкен. Ушундай көрүнүшүнөн улам айлана-тегерегиндегилер адам акылын таң калтырган музыкалык таланты үчүн «Паганинини жанын шайтанга берип койгон» дегендер да болгон. Ошол ипичке манжалары менен феноменалдык чыдамкайлыгы, эмгекти сүйгөндүгү үчүн өзүнүн сүйүктүү инструменти аркылуу жаратылыштын, турмуштун, жашоонун көзгө көрүнбөс, кулакка угулбас, колго кармалбас үн-шыбыш, үн-дабыш жана үн-боекторунун ар кыл нюанстарына табият тартуулаган талант гана жан киргизээрин, тил бүткөрөөрүн ким билиптир...

Паганини Полина менен Туринде жолугушат, көп өтпөй маэстро княгинянын жакын көңүлдөшү болуп калат. Сүйүшкөндөрдүн мамилеси эч ажырагыстай эле, көп убактысын бирге өткөрүшөт. Ошол кездеги коомчулуктун башын катырган бир нерсе, атагы таш жарган, табияты назик, этият скрипач кантип жеңил ойлуу, аягы суюк аялды сүйүп калсын деген суроонун аягына чекит коюлбаган. Бирок, маэстро мындай суроого жооп да берген эмес, Паолетта менен болгон мамилесин эч кимге айтпаган. Алардын сүйүү романы көпкө созулбаган. Эркектерди кол жоолуктай алмаштырганга көнгөн Полина скрипачтын жакын досу, акын жана композитор Феличио Бланджиниге көңүл оош, өзүнүн менчик оркестринин дирижерлугуна чакырат. Утурумдук сезим отуна алданган Паганини Тосканияга кайтып келет.

Мурунку көңүлдөшү дирижерду таштап, башка бир жаш художник менен байланышып кетет. Көптөгөн сүйүү

интригалары, туш келди «төшөк оюндарынан» кийин княгиня катуу ооруп калат. Анын оорусунун диагнозун тактаган дарыгер бардык байланышын токтотуп, эч ким тоскоол болбогон тынчтыкта жылуу ванна алып, эс алуусун сунуштайт. Княгиня дарыгердин айтканына күлкүсү келип, кулагынын сыртынан кетирет да, өз билгенин жасап, үйрөнгөн адатын токтотпойт. Ал кырк жашында Туринге келет, аердеги жергиликтүү эл колу ачык, ак көңүл, кайрымдуулук иштерди көп жасаган княгиняны кубанып тосуп алышат. Эркин, эч кимге баш ийүүнү каалабаган корсиканка карапайым адамдарга жардам берүүдөн качпаган дешет.

Мезгил өзүнүн изин салууну унутпагандай, Полина тез карый баштайт. Кырк жаштан өткөндө анын көркөм, жумуру денеси бошоп шалбырап, бети-башы, мойнундагы бырыш-тырыштары көбөйөт. Княгиня ар кандай айлакерликке салып, тырышын көргөзбөгөнгө аракеттенет. Узун, жер чийген шаан-шөкөттүү, аземдүү көйнөктөрүн кийип, мойнуна кар бүртүгүндөй кырк тизим акактан тагынат. Ошентсе да, күндөн-күнгө ден соолугу начарлай берет. Ал күйөөсүн жанына жалынып-жалбарып чакырат, князь макул болот. Княгиня өзүнүн кан сарайында 1825-жылы 9-июнда рак оорусунан каза табат. Өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндө табытка жаткырганда бетин ачык койбосун суранып, көз жумат.

Сүйүктүү аялдан түбөлүккө ажыраганын Паганини көп күндөр өткөндөн кийин угат да, аябай кайгырып, көзүнө жаш алат. Полинадагы жаратылыш тартуу эткен чандагы бир сулуулук менен назиктиктин аурасынан, дем-таасиринен улуу музыкант сөз менен жеткире алгыс сезимтуюмдардын учугун тапканы таланттын өзүнө гана маалым болуш керек...

1805 – 1808-жылдары Никкола Луккага келип, камералык пианист жана оркестрдин дирижеру болуп иштейт. Анын өмүрүндө дагы бир ирет чагылгандай жарк эткен дүрбөлөңдүү күндөр башталат. Ал Наполеондун дагы бир карындашы герцогствонун башкаруучусу Феличе Бачоккинин жубайы Элизаны сүйүп калат. Ага арнап, «Ми» жана «Ля» кылдары үчүн «Сүйүү сценасын» («Любов-

ная сцена») чыгарат. Эрке канышa экилене бир (струна) кыл үчүн чыгаруусун талап кылат. Паганини канышанын айтканына жооп кылып, «Соль» кылы үчүн «Наполеон» сонатасын жаратат. Герцогствонун дворецинде маэстро эбегейсиз чоң ийгилик менен аталган сонатасын аткарып берет.

Никколонун Элиза менен болгон мамилеси солгундап, музыкант княгинядан чарчайт, тажаганынан Луккага азыраак келиш үчүн гастролдорун азайтат. 1808-жылы княгиня Элиза Флоренциянын борбору Тоскания герцогствосунун ээси болуп калат. Ал ак сөөктөр үчүн бал артынан бал уюштуруп, сүйүктүү музыкантынын жанын койбой, чыгармаларын аткартат. Ал төрт жыл бою Флоренцияда герцогствонун урматы үчүн кызмат кылат, андан абдан тажап, жеке эркиндиги, чыгармачылык жан дүйнөсүнүн көз карандысыздыгы үчүн керт башын алып, качып кеткиси келет. Бактысына жараша, Наполеондун Россиядан орус аскерлеринен жеңилиши, Флоренциядагы абалды олку-солку кылат. Герцогстводогу турмуш Паганинини чыдай алгыс абалга жеткирет, ал көз карандылыктан бошонууну күндөп-түндөп эңсейт. Кезектеги концерттеринин биринде музыкант капитандын мундирин кийип чыкса, княгиня Элиза токтоосуз кийимин алмаштырууну буюрат. Паганини чечкиндүүлүк менен баш тартат. Балдан качып чыгып, түн ичинде Флоренциядан, княгинянын туткунунан качып кетүүгө аргасыз болот.

Флоренцияны таштап, Миланга келет, атактуу «Ла Скала» театрында берген жогорку даражадагы концерти жөнүндө ошол кездеги көрүнүктүү басылмалардын бири бүткүл Европага Паганининин атын дүңгүрөтөт. Италиялык виртуоз «Дүйнөдөгү биринчи жана улуу скрипач экени талашсыз» – деп жазат. Анын ойногону чындыгында кол жеткис, бардык пассаж, кыймылдары нотадагы эң татаал, эң оор эки, үч, төрт үндүн гаммасын бириктирген өзүнө таандык ыкмада ойнойт. Мындай өзгөчөлүк башка эч бир скрипачта кездешпейт. Айрыкча анын «Желмогуз» («Ведьмы») вариациясы болуп көрбөгөндөй атакка жетишет.

1814-жылы ал өзүнүн туулган шаарына келет. Анын аткаруусундагы беш музыкалык чыгармасы триумфалдык бийиктикти багындырат. Массалык маалымат каражаттары «Ал ким болсо да, периштеби же шайтанбы, ал – гений» деп жазышат. Маэстро ошол жерден Анджелина Каванн аттуу жергиликтүү портто иштеген кишинин кызы менен жакын мамиле түзүп, өзү менен кошо Пармадагы концертине алып кетет. Кыздын боюнда болуп калганын билген музыкант жашыруун Генуяга, өзүнүн тааныштарына жөнөтүп жиберет. Атасы кызын издеп таап, үйүнө алып келет да, «кызымды уурдаган жана зордуктаган» деген доомат менен сотко берет. Эки жылга созулган сот процесси, коомчулуктун Паганиниге каршы көз карашынан улам жабырлануучуга үч миң лир жана бардык кеткен чыгымдарды төлөп берүү жөнүндөгү чечим чыгарат. Анджелина балалуу болот, бирок ал көп өтпөй көз жумат. Сот процессинин көпкө созулушу музыканттын Европага болгон сапарына тоскоолдук кылып, кечеңдетет.

1816-жылы Паганини Венецияга концерт коюуга жөнөйт. Театрда концертин берип жүргөндө, хордун ырчысы Бьянка Антоние менен таанышат да, ага ырдоону үйрөтүү милдетин өзүнө алат. Аялдар менен байланыштын ачуу азабын көп тартканына карабастан, Бьянканы өзү менен кошо концерттик сапарына алып кетет. Күн өткөн сайын ага байланып да калат.

Неаполдогу концерт ал үчүн өзгөчө эле. Шаардын жергиликтүү опералык мектеби Италиядагы эң атактуу мектеп катары бүткүл Европада даңкталган. Ал жерде бир канча консерваториялар, төрт опера-балет театры болгон. Италиянын башка шаарларынан алган атак-даңкына караганда Неаполдогу атагы алда канча жогору тураарын маэстро өзү дагы билген. Андан калса жергиликтүү музыканттар менен сынчылар Италиянын эң мыкты скрипачына берилген баага ишенишпеген. Шаардын көрүнүктүү скрипачы Олорио де Вито канчалык Паганининин каприччтерин тууроого аракеттенбесин, аны окшоштуруп аткара албасына көзү жетип, ичкүйдүлүгүнөн «шарлатан» деп атаган. Эскертпей эле концерттерин башка күндөргө жылдырып, ойноп жаткан мезги-

линде тузак да тартып, сынап көрүшкөн. Неаполдогу акыркы концерти 1821-жылдын 11-октябрында коюлган. Анын ден соолугу начарлайт, апасын чакыртат, белгилүү доктор Сиро Бордага көрүнөт. Кургак учук, бийик ысытмасы, ичеги-карын оорусу, жөтөл, ревматизм жана башка оорулар музыканттын айласын кетирет. Ал эле эмес «Паганини өлүптүр» деген ушак-айыңдар таркайт. Ошондон кийин араң кризистен чыккан музыкант өзүнүн алсыз, араң жан колдорунан чочулап, таптакыр скрипкасын колуна албайт. Бирок, жан дүйнөсүндө чоң, күчтүү жана кубаттуу агымдын келишин күтүп жатканы байкалбай калчу эмес. Оор күндөрүндө бирден-бир эрмеги генуэзиялык соодагердин уулу, кичинекей Камилло Сивориге сабак берүү менен өткөрөт.

1824-жылдын апрель айында улуу скрипач капыстан Миланда пайда болот да, өзүнүн концертин жарыялайт. Павииде, Генуяда чоң эргүү менен концерт берет. Ал кадимдегисиндей айыгып кеткенсийт, бирок, адам чыдагыс жөтөлү калбайт. Бьянка менен мамилеси кайрадан жакшырып, чогуу концерт беришет. Бьянка да таң каларлыктай ийгиликтерге жетишет, «Ла Скаланын» мыкты ырчысы катары таанылат. Экөөнүн сүйүүсүнөн Ахилл аттуу уулу жарык дүйнөгө келет.

1828-жылы музыкант үй-бүлөсү менен алыскы сапарга Венага жөнөйт. Жети жыл бою Италияны көрбөйт. Вена ошол кезде Европадагы бирден-бир «музыкалык шаар» деп таанылган. Күз айына чейин ошерде жыйырма концертин берет. Ушунчалык интенсивдүү темпте, чоң эргүүнүн кучагындагы маэстронун чыгармачылыгы жөнүндө бүткүл басылмалар таңдайын такылдатып тамшанып да, мактанып жана суктанып сөз кылышат. Анын Венадагы ар бир концерти музыка дүйнөсүндө болуп көрбөгөндөй сенсация жаратат.

1829-жылы августта Германиядагы туру башталат да, он сегиз айдын ичинде отузга жакын шаарларды кыдырып, ар түрдүү дворец, салондордо жүзгө жакын концерт коюп, анысына өзү да канааттанып, асманда учуп жүргөндөй чыгармачылыгынын эң жогорку бийиктигине – апогейине жетет. 1836-жылдын декабрь

айынын аягында Ниццеде үч концертин берет. Ден соолугу да жакшы, өзү да жакшы формада жүрөт. 1839-жылдын октябрында киндик каны тамган, туулган жери Генуяга келет да, капыстан ооруп, туруп-туруп эле ачууланып, нерви кайнап, бутунда араң туруп калат. Акыркы айларда музыканттын буттары тулуптай шишип, арыктагандан арыктап, жанында жаткан скрипкасынын кылына кол тийгизе да албайт калат. Оору анын шаштысын кетирип коет. Өмүрүнүн акыркы мүнөтүндө жанында болгон жакын досу Тито Рубаудонун айтканына караганда, өзү да, башкалар да ажал айланчыктап кетпей калганын сезишпегенин мойнуна алат. Улуу музыкант түшкү тамак маалында акыркы көз ирмемин байкатпай, жан кыйнаган жөтөлдөн эс-учун жоготуп, жарыкчылык менен түбөлүккө коштошот. 1840-жылдын 27-майында маэстронун жүрөгү биротоло сокпой калат. Анын керээзи боюнча жанындай көргөн скрипкасы өзүнүн туулган жерине тартуу этилет. Эч кандай шаан-шөкөтсүз эле тажиясы өтөт. Кылымдын кыйырында көөнөрбөгөн, духу жана руху бийик Никкола Паганининин жандуу музыкалык мурасы дүйнө жүзүн кезип, улуу музыканттын өлбөс-өчпөс өмүр жолун даңктап келатат.

## Темир тулпар королу

Эки миң жылдык тарыхы бар Модена шаарынан өтүп бараткаыбызда гид кыз: «Билесиңерби, бул шаарды бүткүл дүйнөгө атактуу кылган кишинин ысымы Энцо Феррари» – деди. Италиялык конструктор, ишкер, автожарышчы жана «Феррари» автомобиль куруу компаниясын, өзүнүн ысымындагы автожарышчылардын командасын негиздеген адамдын өмүр-тарыхы бизди кызыктырып калды.

Балким, сиз да адреналинди таткандай, башыңыз көккө жетип, бакытка балкыган сезимди баштан өткөргөн чыгаарсыз. Турмуштагы майда-барат бардык кызыкчылыктардан кечип, өзүнүн көздөгөн багыты, максаты

үчүн башын сайган адамдарга таң бериш керек. Айрыкча спорт ышкыбоздоруна энчиленген касиеттИ жөнөкөй, кадыресе адамдар татып көргөнгө не жетсин. Парашют менен учканда, сууда сүзгөндө, бийиктикке көтөрүлгөндөр сыяктуу эле автожарыштын кумарына канбай, жан дүйнөсүн түгөл багындырган ошол сезимдин кулу болуп өткөн өмүрдүн кийинкилерге калтырган мурасы узун сабак болуп калаары шексиз.

Энцо Феррари 1898-жылдын 18-февралында бай да эмес, кедей да эмес, орто жашаган, металл иштеткен мастердин үй-бүлөсүндө туулган. Устакана биринчи кабатта болгондуктан, экинчи кабатында жашаган үй бүлөсү менен балканын керели-кечке тынбаган үнүнүн фонунда балалыгы өткөн. Эр жетип, армияга чакырылганда аскер турмушуна көнүп-көнбөй жатып, катуу ооруп калат. Медперсоналдардын эч кимиси көңүл да бурбайт, кандайдыр бир күчтүн таасири менен араң оңолот. Атасы көп өтпөй көз жумат, балдарына жыргатаарлык деле мурас калбайт. Өз киндигин өзү кескенге бел байлаган Энцо автоспортко аябай кызыгат да, Parma-Berceto жарышында биринчи дебютун өткөрөт. Ошондо өзүнө-өзү «автожарышчы болом» деп ант берет. Бала кезинен темир-тезекке жакын өскөн жигит биринчи дебютунан кийин өзүнө болгон ишеними артып, «Alfa Romeo» заводунда тест - учкуч болуп иштей баштайт. Жыйырма жылдын аралыгында Энцонун карьерасы болуп көрбөгөндөй бийиктикке жетет. Аталган заводдун айдоочусу, механиктигинен баштаган ишмердиги «Alfa Racing» спорттук бөлүмдүн директорлугуна чейин көтөрүлөт. Ал ишканада иштеп жүрүп, 1929-жылы Моденада өзүнүн «Феррарининин күлүктөрү» («Конюшня Феррари») деген спорттук уюмду түзөт. Анын негизги максаты автожарыштарды уюштуруу жана автожарышчылардын командасын түзүү эле. Ал өзү чыгарган автомашиналарда Италиянын улуттук командасынын эң мыкты жарышчылары мелдешке чыгып, Италиянын эң мыкты автомобилдеринде жеңишке жетишин каалаган. Өмүрү өткөнчө ушул тилек менен жашаган.

Анын согушка чейинки ийгиликтеринин басымдуу бөлүгү ошол кездеги жападан жалгыз, атактуу автожарышчы Тацио Нуволаринин ысымы менен байланышат. Анын эрдигине суктанып да, мактанып да канчалык сөз кылбады дейсиз. Ал Феррарининин автомобилдеринде эле жеңишке жетишкен эмес. «Alfa Romeoнун» автомашиналары менен да бир канча бийиктиктерди багындырган. 1940-жылга чейин Энцонун командасы «Alfa Romeo» заводунун спорттук бөлүмү гана болуп келген. 1940-жылдан кийин Феррари эмблемасында тулпардын дүбүртү тартылган, менчик автомашиналарын чыгара баштаган. Анын биринчи потенциалдуу «Феррари - 125» модели 1947-жылы чыккан.

Болочоктогу генийдин арзуу – тилегинин бири өз ысымындагы автомобилдерди жасоо эле. Ал жарышка чыга турган машиналарды жасап эле тим болбостон, алардын мүнөзүн өзгөрткөн, ажайып коөздугун жана жүрүүгө өтө ыңгайлуулугун арттырган. Анын автомобилдери эки орундуу, эки отургучу менен жана сатыкка да чыгарылган. Ал башкаларчылап автомобилдин тетиктерин заводдон пресстеп чыгарбастан, тышкы коөздугун дизайндын таң каларлыктай көркөмдүүлүгүн, салондун ыңгайлуулугун жана жогорку чеберчиликтеги устачылыктын кайталанбастыгы үчүн жаңгактын уюлунан жасап, терини ийине жеткире ийлетип, жумшак жана жагымдуулугу үчүн кол менен жылмалатып, сыйда тегиздеткен. Канча убакыт, канча мээнет кеткенин эсептебей, автомобилдеринин көз тайдырган көркөмдүүлүгүнө жана мыктылыгына басым жасаган. Көргөндө адреналиндей таасир этип, жүрөктүн тонусун көтөргөн «Формула - 1» жана «Роллс - Ройсанын» жогорку аземдүүлүгүнөн, коөздугунан айдагандан да тартынып, карап эле отура бергиң келет дешет автосүйүүчүлөр.

Энцонун дүйнөлүк атак-даңкка жетишине «Формула-1» модели болгонун тануучга болбойт. Аталган моделдин дебюту 1950-жылдын 25-майында старт алат. Дүйнөлүк чемпионатта Монакодо Гран Прини (баш байге) жеңип алат. Ошол эле Монте-Карло көчөсүндөгү жарышта команданын дагы бир мүчөсү Альберто Аскари экинчи

орунга чыгат. Арадан бир жыл өткөн соң, Сильверстокнеде аргентиналык Хос Фрайлан Гонзалестин «Феррариси» баш байгени жеңип, биринчи орунга чыгат. Анын командасындагылар өзүнө окшоп өжөр, өткүр жана мүнөзү катуу, көздөгөнүн бербеген, ар кандай мелдештерде жеңиштин желегин желбиреткенди жанындай көрө тургандар болчу. Немецтердин Нюрбург шаарында команданын беш автожарышчысы "Феррари" менен мелдешке катышып, финишке биринчилерден болуп келишкен.

1952–1953-жылдарда Аурелио Лампрединин конструкциясындагы атактуу «Феррари - 500» өзүнө тең келе турганды билген эмес. 1953-жылы А.Аскари жети жолку жарыштын алтоосун жеңиш менен аяктайт. Ошол жылкы сезон «Феррарининин» тарыхында болуп көрбөгөндөй жеңишти багындырат. Команданын үч автожарышчысы Аскари, Фарина жана Таруффи чемпионаттын бардык тепкичин ээлеп, бийик титулду жеңип алышат. Бир жылдан соң, Аскари экинчи жолу чемпиондук таажыны башына киет.

Андан кийинки жылдар эмнегедир мурдагыдай жемишин бербейт. Жаңы моделдеги «Феррари - 625» өзүнүн атаандаштарын анчалык деле таң калтыра албады. Эки жылдын аралыганда Энцонун автожарышчылары үч жолу гана жеңишке жетишет. Мындай илеңсалаңдык Энцого такыр жакчу эмес, ал кандай болбосун кризистен чыгуунун жолун табат. 1955-жылдын аяк ченинде айлакер «коммендатор» Джанна Лянчинин командасын түп оту менен бүтүндөй сатып алып, биринчи класстагы конструктор Витторио Яно ойлоп тапкан, эң сонун үлгүдөгү «Lancia D50» моделди чыгарат. 1965-жылы атактуу Хуан Мануэль Фанхио «Lancia-Ferrari D50» рулунда отуруп, үчүнчү жолку чемпиондук титулду багындырат.

Ал эми 1958-жылы англичанин Майк Хоторн Виторио Яно түзгөн «Ferrari-Dino 246» маркасында дүйнөлүк чемпионатта бүткүл Италиянын тарыхында мурда-соң болбогон даңазалуу жеңишти камсыз кылат.

Ырас, Энцонун кыял-жоругу таң калаарлыктай, мүнөзү өтө оор, катаал болгон дешет замандаштары. Ал өзү чыгарган автомобилдерин канчалык жакшы көрбөсүн, бирок өзү айдоочу эмес. Автомобилдеринин автожарыштагы мелдешин телевизордон көргөндөн кийин тааныш-билиштеринин оюн билиш үчүн трассага келип, телефон коңгуроосун күткөн. Өмүрү өткөнчө кырмызы сыяны колдонуп, еросу бар авторучкасы менен жазган. Самолеттон аябай корккон, лифтке көтөрүлсө, көз алдына ар кандай коркунучтар келип, жүрөгү даабай, канчанчы кабатка болсо да, жөө басып чыккан. Атагы таш жарып турган мезгилинде дүйнөнүн төрт тарабынан келген чириген байлар, бизнесмендер, ишкерлер, искусство жылдыздары, кыскасы, атактуулар кабылдамасында көпкө отуруп, буюртмасын кабыл алаар-албасын чыдамсыздана күтүшкөн. Бет алдындагы кабинеттин оор дарбазасы ачылганда, караңгы бөлмөдөн эч нерсе көрүнбөй, бир гана үлбүрөп күйгөн чырактын лампочкасынын жарыгынан эртелеп дүйнө салган баласынын портретинен башканы көрө алышпай, келмеси оозунан түшүп, таң калышкан. Киргенде бир нече мүнөттөрдөн кийин кара көз айнек тагынган кабинеттин ээсин столдун жанындагы креслодо отурганын көрүшкөн. Гений, атактуу Энцо Феррари ушундай жупуну, ушундай жөнөкөй кабинетте иштейби? Анын дүйнөдөгү «менмин» деген магнат, олигархтар, королдор жана королевалар, падыша жана канышалар менен мамилеси жакшы болгон. Жогорку даражалуу адамдар атайын издеп, ат арытып келишкен. Ирандын шахы, орус магнаты Трубицской сыяктуу көптөгөн коомдук жана саясий ишмерлерден дос күткөн. Анын жаман көргөнү эч кимге алдын-ала убада берчү эмес. Буюртмачылардын жана досторунун социалдык катмары кайсы деңгээлде болгонуна карабай, фанат Энцо үчүн автомобилдеринин жаңы моделдеринин оригиналдуулугу, кайталанбастыгы, ыңгайлуулугу, комфортабелдүүлүгү жана жогорку сапаты башкы мааниге ээ болгон.

Он жыл бою Энцонун командасынын автожарышчылары дүйнөлүк чемпионатта төрт жолу жеңишке

жетишип, өтө популярдуу, өтө санжыралуу атак-даңкка ээ болушат. Ошентип Энцонун улуттук команданы түзүү жөнүндөгү ой-кыялы турмушка ашат жана чындыкка айланат. Өзүнүн командасынын суктанаарлык жеңиши менен Энцо италиялыктарды кубанычка бөлөйт, улуттук ар намыс жана сыймык алып келет. Бирок, ошол жеңиштердин баасы канчага тураарын, ачуу даамы канчалык экенин жан адамга сездирбейт... Машина ал үчүн тирүү адамдай эле. Ал өз машиналарын абдан сүйгөн, алар ал үчүн баласындай эле, анткени алар анын атын алып жүрүшкөн, «кечиримсиз» Феррари аларды кечире да билген.

Энцо кол алдындагылардын кетирген катасын эч качан кечире албаган, кээ бир кезде ашыкча каардуулугунан өзү да жапа чеккен. Бирок, эч качан өкүнүп, өзүн-өзү тарбиялоого, кыял-жоругун оңдоого, бирдемеден сабак алууга аракеттенбеген. Жеңилүүнүн ызасынан анчалык кемсинген, анчалык чөккөн адам болбоптур... Бирок, ошондогу кебетесин эч кимге көргөзбөй, эч кимге билдирбей, өзү менен өзү болгонду жактырган. Ошол үчүн дайыма жеңишке кызыгып, жеңиштин апогейине жетиш үчүн алдыга умтулуп жашаган. Колунан келген аракетин жасап, жаратман адам катары адамдарды суктандырып өткөн.

Ферраринин өмүрүндө көп эле кризистер болуп, тынымы көпкө созулган паузалар өкүм сүрүп турган. 1964-жылга чейинки өндүрүштүк кризистен кантип чыкканын өзү жакшы билет. Ошол жылы Джона Сэртиза жана Лоренцо Бандининин күчү менен италиялык команда экинчи жолу конструкторлордун кубогун жеңип алат. Андан кийинки жылдары жолу болбой, командасындагы жеке мамилелерге көңүл буруп, чара көрүүгө туура келет. Жолунун татаалдашканын көрүңүз, чемпиондук титул үчүн күрүштө бирде англиялык командага, бирде француздарга тарттырып жиберет. Бир чети атаандаштары көбөйүп, алардын айыгышкан күрөшүнөн жеңишке жетүү кыйынга турат.

1975-жылы италиялык конструктор Мауро Форгьери атактуу «Феррари-312Т» маркасын чыгаргандан кийин

акыркы беш жылда команда конструкторлордун төрт кубогун жеңип алып, автожарышчылар Ники Лауда жана Джоди Шектер дүйнөлүк чемпионаттын үч жолку жеңүүчүсү болушат. Энцо карыянын командасы канчалык бийиктесе, ошончолук тездик менен төмөн кулай баштайт. 1979–1980- жылдардагы сезондо команда конструкторлордун кубогу үчүн мелдеште араң онунчу орунду ээлейт. Даңазалуу «коммендатор» радикалдуу чараларды колдонбоско айласы жок экенин сезип, Шектер менен Форгьерини кызматтан четтетет. 1982-жылы Феррарининин аты асмандап, кайрадан бийиктикте жаркырайт. Конструкторлордун жетинчи жолку кубогун биринчи жолкусундай оор жана машакаттуу кыйынчылык менен багындырат. Май айында Зольдереде анын сүймөнчүгү Жиль Вильнев каза табат. Аны менен кошо бир топ жагымсыз окуялар болуп кетет.

Феррари өмүрү өткөнчө бир адамдан – апасынан аябай корккон. Бирөөнүн ийгилигине кубанып-суктанбаган, эрдин кымтыган аял легендарлуу уулунун атак-даңктын туу чокусуна жеткенин көрүп деле, маашырланып-манчыркап кетпестен, тескерисинче такымга чыбык менен сабап тургандай таасир калтырган...

Энцо бүткүл өмүрүндө бир гана никелүү аялы менен жашаган. Ал никени ыйык деп эсептеген. Жалгыз уулу Дино бала кезинен тукум кууган кеселге чалдыгып, жыйырма төрт жашында булчуң оорусунан көз жумат. Өз мураскеринен, ордун басарынан айрылган ата көзү өтүп кетсе анын жанындай көргөн ишин, мурасын татыктуу улантуучусу жок экенине көзү жетип, кабыргасы кайышкан. Аялына билдирбегени менен анын Лина аттуу көңүлдөшү болгон. Линаныкында жан-дүйнөсү жай алып, көңүлдүү жана эркин эс алган, турмуштун көз ирмемдеги кубанычтарынан баш тартпаган. Баласынын оор кайгысын көтөрө албай, аялы дүйнөдөн өткөндөн кийин Энцо Лина менен никеге турат. Экинчи уулу Пьерого өз фамилиясын берип, мураскер кылууга ниеттенет. Бирок уулундагы лидерлик сапаттын жоктугуна, анын идеясына генератор боло албастыгына көзү жетет. Көрсө, «коммендатор» жаңылбаптыр. Пьеродогу тартын-

чаактык, биреөнүн айтканына «кыңк» этпей көнүү, жетеленме мүнөздөр өмүр бою көңүлдөш болуп өткөн апасынан энчиленгенби, айтор, уулунан өзүнүн сапат-мүнөздөрүн көрө албайт. Өз ишмердүүлүгүн улантуучусу жок, мыйзамдуу мураскерине ишенбей, бар байлыгынын он пайызын уулуна, андан кийинки муунуна калтырып, акциясынын кырк пайызын Фиат фирмасына сатып жиберет.

1988-жылдын 14-августунда өзүнүн 90 жылдык маарекесин салтанаттуу белгилеп, арадан алты ай өткөндөн кийин атактуу Энцо Ансельмо Феррари бул жарыкчылык менен кош айтышат. Үч күндөн кийин келини анын ысымы берилген Энцо аттуу уул төрөйт, небересинин көзүн көрбөй калат. Гений Энцонун акыркы зыйнаты-тажыясы өтө жупуну, кадыресе катардагы кишиникиндей өткөрүлөт. Керезинде айтылгандай, элдин көңүлүн бурдурткан, элди таңыркаткан, элди толкунданткан шаан-шөкөттүү жөрөлгөлөрсүз өтөт. Өзүнүн улуу жана кайталангыс уулун жоктогон Моденанын көчөлөрү ошол күндөрү ээнсиреп, тунжурап турган...

***Бишкек - Москва - Германия - Италия - Бишкек.***
***Июль айы, 2011 - жыл.***

# МАЗМУНУ

Автордон окурманга ........................................ 3
Верона – карт тарыхтын жандуу күзгүсү .......................... 8
Сүйүүнүн мазары ........................................ 11
«Бактылуу кезиңде бактысыздыкты
эстөөдөн өткөн чоң кайгы жок» .......................... 16
«Бардан жок болбойт, жоктон бар болбойт» .......................... 21
«Гүлдөгөн» регионго бараткада... .......................... 25
Арнонун айбатынан сестенген Флоренция .......................... 27
Уффици галереясы ........................................ 29
Сулуулук менен гармониянын чебери .......................... 34
Винчи – адамзат табышмагынын киндиги .......................... 38
«Жаконданын» магиялык сыры эмнеде? .......................... 47
Эң кичинекей мамлекеттин бири .......................... 52
«Эркиндиктин символу катары Сан-Маринону сактоо керек» .... 54
«Бакыт – бекем ден соолук, начар эс тутум» дешет. .......... 56
Деңиз термелткен Венеция .......................... 60
Дүйнөдөгү биринчи жана улуу скрипач .......................... 69
Темир тулпардын королу .......................... 81

*Көркөм-адабий басылма*

**Исмаилова Ризван**

# Сырдуу Италия

*(Жол очерктери)*

Бишкек, «Турар» басмасы
*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Н. Ногойбаева*
Корректору *А. Сардарбекова*
Мукабанын дизайнери *Р. Төлөбеков*
Компьютердик калыпка салган *Р. Төлөбеков*

Басууга 11.06.2012-жылы кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 5,75 б.т.+ вкл. Нускасы 2500. Заказ № 890.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький көч., 1.



**ИСМАИЛОВА РИЗВАН УРАИМОВНА**

Республикалык «Эркин Тоо» гезитинин Түштүк аймагы боюнча өз кабарчысы, филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик юридикалык институттун доценти. Ал «Жолон Мамытовдун лирикасы» (1999-ж.), «Эпикалык чабыттар» (2002-ж.), «Европанын берметтери» (2011-ж.), «Ак өрүк» (2012-ж.) аттуу прозалык китептердин автору.

Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-даражадагы, областтык жана республикалык «Алтын калем» конкурсунун дипломдоруна татыктуу болгон. «Кыргызстан-Сорос» фондунун, ПРООН, ЮНИСЕФ жана ЮСАИД эл аралык уюмдарынын, Улуу Британиянын Эл аралык министрлигинин ММК республикалык конкурсунун жеңүүчүсү.